*Б. АЖЫМАМАТОВА*

# Асмаиам



Жалалабат 2007

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7—4
А-90

**АЖЫМАМАТОВА Б.**

А-90 Асмашам. Аңгемелер Б. 104 б.

ISBN 997-23-879-8

*Бул китепте адамды уйгу-туйгу кылган адеп-ахлактын айрым маселеси көтөрүлгөн. Автор көркөм чыгармаларында кыргыздын улуттук дөөлөттөрүн, наркын кастарлоо менен турмуш чындыгын чагылдырат. Коомчулукту таза жашоого чакыруу менен адамды ойлондурат.*

А 4702300100-06

ISBN 997-23-879-8

УДК 82 821
ББК 84 Ки 7—4
© Ажымаматова Б., 2006.

Бактыкан АЖЫМАМАТОВА



# АСМАШАМ

Аңгемелер

СУЗАК РАЙОНДУК
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ
ИНВ № 16472

Жалалабат 2007

«Жан дүйнөмдүн оргуп чыккан арзууларын кагаз бетине түшүрүп, термелеп жыйнагаң алгачкы чыгармалар жыйнагымды, маркум чоң энем ЭШИМБЕК кызы ШААРКАНдын жаркын элесине арнаймын. Менин адабиятка жакын болуп калуума бул адамдын чоң таасири бар. Себеби, өз учурунда эч ким баалай албаган бул аялзатынын төкмөчүлүк, жамакчылык өнөрү бар эле. Бүтүндөй Көкарт өрөөнүнө кошокчу катары да таанымал болчу. Өзү тамга таанып, жаза билбесе да кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларын, эпосторду жатка билчү. Укканын унутпай сактап калган куйма кулактык да сапаты бар эле. Ар бир чыгармамда бул адамдын элеси тургагын жашыра албаймын.»

***Автор.***

# АГАЙЫМ

## *(аңгеме)*

– Бурадарлар, кайрымдуулук кылып койгула...мен бир карып... кайрылышып койгула...– элдин агымы үзүлбөгөн чоң автобекеттин четиндеги орундукту көздөй келе жаткан чачтары үрпөйгөн,кийимдери эски жана өтө эле кир, жүдөңкү адамды жазбай тааныдым. “Менин агайым, ооба, ошол. Дал өзү...”

***

«Быйыл мектепти бүтөбүз» – деп, өзүбүздү башкалардан артыкча эсептеп, боюбузду түзөп, кийген кийимибизден тартып, баскан турганыбызга чейин өзгөчөлөнгүбүз келип, жаңы окуу жылын баштаганбыз. Анан быйыл акыркы жыл гана окуурубузду эстеп, ичибиз тыз эте,курбуларыбыз топтошо каникулду кантип, кайда өткөргөндүгүбүз туралуу сөз учугун улантып жаткан элек. Мектеп директору,класс жетекчи агайыбыз жана алардын соңунан бейтааныш, сымбаттуу жигит кирди. Ордубуздан тура, алар менен саламдаштык.

– Отургула... кандай эс алдыңар?-деди, директор агай.

– Жакшы...- дедик, баарыбыз бир оздон.

– Көрүнүп турат... болтоюп... бир жашка чоңоюп дегендей.-..Мына быйыл силер ушул мектептин кожоюнусуңар. Чоң экениңерди сезгиле...башкаларга үлгү болгула...

– Аракет кылабыз...

– Шоктукту, жалкоолукту ташташ керек. Өз тагдырыңарды чече турган куракка келдиңер...Мм...мен көп сүйлөбөйүн... таа-

нышып алгыла, жаңы агай келди... аты Шакир Султанов... чет тилден окутат... мугалим жок эки жылдан бери чет тилин окубай калгансыңар. Эми аз да болсо чет тилин окуп алгыла, өзүңөргө эле пайда... -деп, директор агай, ансыз да кысынып турган сымбаттуу жигитти алдыга чыгарып, тааныштырып жатты. Жогорку окуу жайын жаңы эле бүткөн сыяктанат, өтө эле жаштай көрүндү. Тигиле турган көздөрдөн тартындыбы,кызарып да кетти. Биринчи саат анын сабагы экендигин эскертип, директор менен класс жетекчибиз класстан чыгып кетишти. Жаңы агай өзүн аябай эле ыңгайсыз сезип, кыйлага чейин айтаар сөзүн таппай, улам журналды ачып-жаап, кыйнала берди.

– Агай кысылбаңыз... сабакты баштай бериңиз... деди, биздин класскомубуз Динара.

– Ооба... ооба... азыр... деген болот да, дагы деле алдастап, анан өзүн өзү кармана журналды ачты да:

– Кана, алгач таанышып алалы... Менин аты-жөнүмдү билдиңер...эми силерде кезек. Мен атыңарды атаганда ордуңардан туруп койгула, макулбу?

– Ма-акул...-ушуну эле күтүп тургандай, жалпы жооп бердик.

– Анда баштадык...Абылов

– Мен...

– Аскарова

– Мен...тизме менен чакыра берди, биз убадалашкандай ордубуздан туруп, агайыбыз менен жакындан таанышып жаттык.

– Мына, таанышып да алдык...Эми, сабагыбызды баштайбыз.

– Сураса болобу?...Эсен деген балабыз, колун көтөрдү.

– Болот...кандай сурооң бар?

– Кайсы окуу жайын бүттүңүз, качан, кайсы жерлик болосуз?

– Ушул суроону күттүм эле... Университеттин чет тилдер факультетин бүттүм...өзүм шаарда туулуп өскөмүн...бирок, айылга жиберишти...жиберген жакка барбасаң болбойт да... анын үстүнө айыл турмушун да көрүш керек.

– Көнүшө алар бекенсиз?- Айгүл, агайды сыноо көз менен карап, суроо салды.

– Аракеттенем го...

– Үйлөнгөнсүзбү? -арт жактагы кыздар үн катышты.

– Ооба десем да болот...бирок, шаардык кыздар айылга келбейт окшойт. Азырынча өзүм эле келдим...

– Анда бойдок турбайсызбы? -класс ичи каткырыкка толуп кетти.

– Ооба, ошондой?

– Айылдык кыздар сизди жактырып калышса, эмне кыласыз? -агайга дагы тийишкен суроолор бериле баштады.

– Аны көрө жатаарбыз... агайыбыз менен заматта жуурулуша, эски тааныштардай эле, ачык сүйлөшө баштадык. Ушундай аңгемелешүүдөн соң, агай сабагын баштады.

Класстагы кыздардын баарында өзгөрүү, жан дүйнөбүздө агайга жагынуу кыялында жашай баштагансыдык. Эң алгач бетибизге упа сүртүп, кашы көзүбүзгө карап, сабагынан болушунча жакшы окууганга аракеттенгенибизди байкоо кыйын эмес эле. Айрыкча классташ балдарыбыз бизге какшык сөздөрүн ыргытышат. “Ии, Шакир агайга жагыныш үчүн кийинип келдиңби... Шакир агайдан башка силерге көрүнбөй калды го...” дегендей... Алардын сөзүнө тиригүү жок, тескерисинче, “ооба, таппасаң сыйпалап кал...” деп, кергиштенебиз. Агай сабакты кызыктуу өтөт. Тим эле мээңе куюп кост. Эки жыл четтилин окуубай, кыйла тамгаларын, окууганды унута түшкөн экенбиз. Ошолордун баарын кайрадан эске салып, анан кызыккандар үчүн кошумча сабак да өтүп жатты. Чарчоону билбейт экен. Балким жаштыгыбы? Мектептеги бардык коомдук иштерди да агайдын мойнуна жүктөп коюшкан, чарчадым дебей аткарат. Өзү да шыктуу экен, гитара чертип ырдаса, тим эле белгилүү ырчылар бул жакта калчуудай. Ыр-бий кружогун да ачып, кызыккандарды ал жакка тартат. Агайдын бизге келүүсү биздин бактыбыздай туюлду. Сулуусунган кыздарыбыз эми ого бетер агайды айланчыктап калышты. Шаар ма-

даниятын үйрөтө баштады бизге. Себеби, мектепти бүтүп, шаарга барганда өзүңөрдү окчуун кармабай, шаар турмушуна тез аралашып кетүүңөр үчүн деди. Агай менен өткөн сааттар тез өтүп, кыш да кирип келди. Дагы деле бой жашап, эртели кеч мектепти экинчи үй кылып алган агайыбызга жүрөгүн оорутуп, сезимин дүргүткөн кыздарыбыз да чыга баштады. Алардын катарында айылдык жигиттерди теңине албай, өтө эле сулуусунуп жүргөн Жийде деген кызыбыз болду. "Агайды мүнөт көрбөсөм тура албай калдым" деп, ыйлайт. Башыбыздан сүйүү деген сезим өтө электер үчүн аны түшүнө албадык. Айрымдары түшүнүү менен кабыл алып жатышты. Агайга эптеп Жийденин сезимин жеткирдик эле, ал аны өзүнө чакырып алып, жай гана "бул тим гана балалык сезим... азыр сен балапансың... башыңа чыныгы сүйүү келет, ошондо түшүнөсүң..." дептир. Аны айтып алып Жийденин көз жашы он талаа. Аны аяйбыз, бечара классташыбыз, жакшы окуучу эле, сабакты да таштап салгандай... акыры ыйлап жүрүп, башка мектепке которулуп кетти. Агай катуу кейиди... Бир күнү биздин класска сүйүү тууралуу атайы сабак өттү. Тээ Адам ата менен Обо эне пайда болгондон берки сүйүү сезиминен кеп салып, анын жакшы да жаман да жагын айтып, биздин көзүбүздү ачып эле салды окшойт. Агайыбыздын көптү окуп, көптү билээрине дагы бир жолу тан берип жаттык...

***

– Кичине эле тыйын берип койгулачы, үйүмө кетип калайын... -дейт, агайым, алдынан чыккандарды торой.

– Ээ, бар ээ, сага түгүл өзүмө тыйын жок... Ушундайлар көбөйүп кетти деги... колуна чоң сумка көтөргөн эткээл аял, колун силке сүйлөнүп баратты.

– Бир эле сом берип койсоң эми... мусулман экенсиң го... агайым ошо калыбында дагы деле суранганын койбойт. Бир ордумда катып калыптырмын, бир кезде эсиме келгендей, ордуман козголуп, агайым тарапка бастым.

– Агай... саламатсызбы?... маңдайына барып, салам айттым. Агайым катуу чоочуп алды да, мени бүшүркөй карап.

– Сен кимсиң? Агай дедиңби? -деди.

– Мен, сиздин окуучуңуз болом да... Биздин айылда иштеп кеткенсиз го?

– Кайсы айыл эле?

– Чоңарык.

– Аа,... ооба.... иштегемин...сен ким болосуң....тааныган жокмун.

– Мен Асел... бизди бир жыл окуткансыз...

– Ии... агайым, эми эсине келгендей, өзүнүн турпатына назар салып, ыңгайсыздана түштү. Баягы сулуулугу кеткен. Үстүндөгү кийимдери аябай эле кир. Сыягы талаада түнөп жүрөт окшойт. Мындай абалга качан түштү экен. Тагдыр тамашасы агайымды да ары-бери калчаган көрүнөт.

– Сиз... сиз эмне үчүн... мен, суроомду аягына чыгара албай, мукактана түштүм.

– Ооба... мен... ушинтип калдым... баарына өзүм айыптуумун... мен сени тааныган жокмун, окуучуңуз болом деп, эстегениңе... тааныганыңа рахмат... Ырас, билсең кичине акчадан кайрылышпайсыңбы? -деп, көзүмө тик карады.

– Мейли агай, кайрылышайын... кайда барат элеңиз? Азыр кайдасыз?

– Ээ, аны сурап эмне кыласың... жүрөм да көчөдө... үйүм жок... талаада...көрүнгөн жерде... ит турмуш... жумуш жок... досжар жок... баары жок.... мен кимге керекмин...-агайым эмшиңдеп ыйлап жиберди. Мен анын жанында карманып тура алган жокмун.

Сумкамдагы болгон акчаларды алаканына салдым да, басып кеттим. Артыма кайрылган да жокмун. Жүрөгүм тилинип, канап жатты. Дилим ооруп, жан дүйнөм эңшерилип баратты. Бет алды турган автобуска олтурдум да кете бердим.

***

...Агай мектепке көп иштерди жасады. Жогорку класстын чет тилинен жакшы окууган окуучуларын даярдап, райондук олимпиадага алып барып, биринчи орунду алып келишти. Биздин мектептин тарыхында мындай окуя болгон эмес эле. 3 окуучубуз областтык олимпиадага катышууга жиберилди. Ыр-бий боюнча да сынактарга катышып, жакшы ийгиликке жетиштик. Агайдын уюштуруучулук жөндөмү да мыкты экен, тез эле окуучуларга да мугалимдерге да ымалаш болуп кетти. Ачып көздү жумганча окуу жылы да аяктады. Бардык сабактан сынактар бүтүп, тоолук болсок да маданияттан, учур талабынан артта калбайлы деп, бүтүрүү кечесин өткөрдүк. Ушул күнү баарыбыз сулуу, баарыбыз жайдары элек. Агайыбыздын да ак саргыл өңүнө кызыл жүгүрүп, бир башкача болуп алыптыр.

– Бүгүн силердин күнүңөр деди -агайым. - Ушул күн калат эсиңерде. Ошол үчүн ойногула, ырдагыла, бийлегиле. Эртең кетесиңер... анан турмуш деген сапар бар... Ал узун жол. Бириңер үчүн түз, кимдир бирөөңөргө кыйшык болуусу мүмкүн. Баарын көтөрүү керек... чыдамдуу болгула... эрктүү болгула... тагдыр ар кыл калчайт...баарына чыдоо керек... Эң башкысы адам болгула... Агайдын ичкенин биринчи көрдүк. Өтө шайыр кармап, улам бирибизди бийге тартып, биз менен бирге бактылуу ирмемди өткөргөн...

Анан биз туш-тушка таркап кеттик. Ар кимибизди ар кандай тагдыр күтүп алды. Бирибиз кызматкер, экинчибиз жумушчу, айдоочу, бирибиз жетекчи, дагы бирибиз дарыгер, мугалим... Арадан 20 жыл убакыт билинбей өткөн тура...

***

Мен агайымды ойлоп бараттым. “баарына чыдоо керек” деген сөзү кулагымда жаңырат. “Өзү айткандай, баарына чыдай ал-

баптыр да... эмне үчүн мындай тагдырга туш болду экен?" ...түбү жок суроону берем. Жанымда олтурган байбиче менин катуу ойлонуп бараткынымды баамдай:

– Мынча ойго баттың кызым-деп суроо салды.

– Тим эле...

– Анда сүйлөй бас...

– ...

– Жана тиги, селсаякка бирдемелерди берип жаттың окшойт, эмне аны тааныйсыңбы?

– Ооба, бир кезде мени окуткан агайым болчу...

– Ооба, ооба, мугалим болчу... Шаардан барган...

– Ошол агайым, минтип кайырчы болуп калган тура...

– Ээ, өзүнөн көрсүн... баарына арак күнөөлүү, ар-а-ак...тарта ичсе...

– Туура, бирок...

– Бирогу жок эле, арактı ченеп ичсе эмне?

– Ооба, десең, алдемедей мугалим эле...- эртеден бери биздин сөздү угуп жатканбы, арт жакта олтурган аял сөзгө кошулду. - Менин балдарымды да окуткан. Биздин айылда көп жыл иштеди. Шаардык жигит болчу да. Шаарда аялы бар экен, анысы айылга барбайм деп, келбей койгондон кийин, эркек да тиги суунун аркы өйүзүндөгү Анарбайдын ойсокс кызы бар эле го, ошо менен жашап жүрбөдүбү. Бар балакетти ошол ойсоке кылды окшойт. Бечара баланы үйүнө киргизип алып, тим эле баласындай жумшап жүрчү. Анан эле мунусу көп ичип, мектепке келбей, акыры көчөгө чыгып кетти окшойт. Автобекеттен көп көрүп калабыз.

– Ошентип айтышат, ошол ойсоке кылды дешет баарын.

– Эмне арак ичкенди үйрөтүптүрбү?

– Арак ичкенди дейсиң да, башкасын дагы...Үйүндө кулдай гана иштетчү тура бул бечараны.

– Чыгып кетпейби?

– Чыккыз кылып чырмап алса кайда барат...ал ойсоке, баарын билет да... далай эркектин башын жуткан неме... акыры жакшылык көрбөс ал да... кудай бардыр ага да...

– Ошону айтсаң ботом, алдемедей бала эле...

– Ал ойсокеңер кайда азыр?

– Муну көчөгө чыгарып жиберип, өзү тиги чоң шаарга кеткен имиш го. Аягы сай таппаган неме да.

– Мм, кызык... агай ушундай тагдырга туш болду беле? Өзүнүн шаарына кетип калбайт беле?

– Ал жакка баргандан намыстанса керек да... Анын үстүнө мурдагы аялы менен закондошуп деле ажырашпаса керек.

– Анда ошонусуна барсачы?

– Ким билет... мындай абалда киргизеби да...

– Чын... айтарга башка сөз таппай калдым. Тиги чоң шаарда окуп жүргөндө, агайым эсиме түшсө, анын дагы көп жакшы иштерди жасап койгону элестейт эле. Бакыйган чоң мугалим болуп, ушул кезге чейин наамдарды, сыйлыктарды алып койгондур дейт элем таттуу тилегим менен. Үйүндө балдары, жары жаркылдап, телегейи тегиздей туюлчу. Көрсө агайымды тагдыр сыноосу катуу сындырган тура. Туулган айылымдан алыс жүрүп, агайымдын мындай тагдырга кабылганынан кабарым жоктугуна кейидим. Чок тийгендей ордумдан атып турдум да, автобусту токтотуп, андан атып түштүм. Эл кыжылдаган автобекетти көздөй сапар тарттым. «Агайымды издейм, аны табам, ал мындай тагдырга кабылууга тийиш эмес... Агайым менин, эң алгачкы сезимге бүлүк салган алтын агайым...Сиздин элесиңиз менен жашап келгенимди, Сиз башка ааламдын, башка дүйнөнүн адамы экендигиңизди жүрөк түпкүрүнөн чыккан таза сезимимде туюп келгенимди да сезген жок элеңиз. Аруу кыялымда Сиз деп жүрүп, убакытты да өткөрүп жебиргенимди кантип айтам. Алтын агайым менин, Сиздин акыркы коңгуроо кечесиндеги белимден бек тартып бийлегендеги ысык илебиңиз, алаканыңыздын назиктиги али да мени алдыга үндөп келгенин туя элексиз. Сиз мындай жашоого татыктуу эмессиз...Сиз көп жакшыны гана жаратууга тийишсиз...Алтын агайым, мен Сизге баратам... Агайым кайдасыз... мен Сизге баратам...».

# АКАК

*(аңгеме)*

Бактылуу үй-бүлө анын жарыкчылыкка келүүсүн көпкө күтүшкөн. Эки жаштын кош жүрөгү бир кагып, аруу тилек менен бир жаздыкка баш койгону тун наристебиз кыз болсо деп тилешчү. Жигит да жалаң эркектердин арасында өскөнгөбү, кыз баланы жакшы көрчү. Жалаң беш уул апасынын таянычы болуп, үйдөгү жумуштардын баарын жасашчу. Бири кир жууйт, экинчиси үй жыйнайт, дагы бири нан жабат. Үй тиричилигине бышкан бир туугандар "өзүбүзчө үй-бүлө күткөндө көп кыздуу болобуз" деп кыялданышчу. Келинчегине "тунубуз кыз болсо кандай жакшы ээ, быйтыйтып ээрчитип жүрсөк, жумуштан келсем "атакелеп" алдымдан чыкса кандай ырахат. Анан үй тиричилигин кыз баланын жасаганы эле дурус да" дейт. Келинчеги аны коштой, ак бантик тагып. куурчактай кийинтип алып, жетелеп жүргөн апакай кызын көз алдына келтирет. Анын үстүнө кыз бала ата-энеге күйүмдүү болоорун да билишет.

Жаштын тилегин берет деген менен алар күткөндөй болгон жок. "Ыңаалап", аалам жаңыртып, эки жаштын кубанычка бөлөп, уул төрөлдү. "Муун уланат, ата баркын, ата ысмын улантуучу" дешти, улуулар. Кан жандан бүткөн, жүрөк кылдарын дилдиреткен ыйык сезимден жаралган тун наристе артынан ини ээрчитип келди. Эки агасынын соңунан үчүнчүсү да уул болду. Ата кубанганы менен эне ичинен эзилет. Баягы сезиминде жашап жаткан ак бантик тагынган апакай кыз көз алдынан кетпей, кээде түшүндө көрөт. Ал кыялындагы кыз менен сүйлөшөт. Кол жет-

кис болгон периште, ”жакында барам” дегендей, тээ бийиктен үн салат. Аны менен жолугуша албайт, аралыгы өтө эле алыс. Колун созуп, аны өзүнө чакырат. Кыз жакындайт, бирок, таң атып кетет да, колун сунган бойдон ойгонот. Мындай ирмемдер келинде бир нече жолу болду. Аны жолдошуна айтат. “Ошол периште жакында жерге түшөт, буюрса кыздуу болобуз, сөзсүз, кызыбыз периштедей сулуу болот...” дейт, ал келинчегин эркелете.

Айткандай эле, үч уул бой тартып, туну мектепти аяктап калган кезде баягы периште жарык дүйнөгө келди. Ошондогу бул үй бүлөнүн сүйүнүчү ай. Ата менен энеден да 3 агасы жерге батпай эле жүрүштү го. Анткени, алар да күтүшкөн да. Баары бирминдикке келишип, апакай кызга Акак деген ысым беришти. Акактай тунук, акылдуу кыз болсун дешти.

Акак кыздын ар бир күнү, уумай эненин кыткылыктатканы булар үчүн кайталангыс. Алгачкы күлкүсү, алгачкы айткан сөзү... баары-баары өзгөчө эле. Эң биринчи “ата” деген сөздү айтты ал периште. Аны уккан атанын кубанычын айтпа. “Карачы, “ата” деди, мага күйүмдүү болот буюрса...” деп, кудуңдайт. ”Жок”, ”апа” деди, мага күйүмдүү болот. Кыз бала апасына жакын болот да” деп, кызаландайт апасы. Периште кыз экөөнү тең капа кылбайын дейби, “апа, аталап” жалооруй тиктейт.

Периште кыздын андан кийинки жоругу, талпынганы, каскас туруп баса баштаганы баары көзгө илешпей өтүп жатты. Сыртка чыгып, өзү кырдуу бөбөктөр менен ойногону да башкача эле. Апасы чачын экиге бөлүп, ак бант тагып коет. Колунда ар убак ары-бери кыймылдатса “мамалаган” куурчагы. Кийимине чаң жуугузбайт. Өзүн ошол топтун башчысы катары сезет да, баарын башкарып алат. ”Сен мындай ойно..., сен муну кыл..., андай жасаба...бас...отур...тур” курбулары анын айтканы менен болушат. Баам салган адамга кийин бул периштеден эл башчы чыгаарын аңдайт. Улууларга улуудай мамиле кылганычы.

– Жумуштан келе жатасызбы?... Эмне иш кылып келдиңиз?... Кай жакка барасыз?... деген суроо салат. Кадимки чоң адамдай сүйлөшө билгени да башкача. Жумуштан келгендердин алдынан тосуп:

– Биздин үйгө кирип кетпейсизби?... Апам торт жасап жатат... Тамак ичип кетсеңиз?...деп, колунан тарткылайт.

– Болуптур, азыр киремин,... үйгө барып анан келем, – дегендерге ишене бербейт. Баланын ыгына көнгөндөр да бар. Анын айтканы менен болуп, үйүнө кирип даам таткан кошуналар кыздын акылдуулугуна тан беришет. Ал эми эртең менен сыртка чыгып баратып, сөзсүз колуна момпосуй, таттууларды, жемиштерден көтөрүп чыгат. Апасы да анын ыгы менен болот. Колундагысын сыртта күтүп турушкан курбуларына бирден таркатып берет. Ал анын адаты болуп калды.

Акак кыз төрт жашка толгондо улуу агасы кыз качырып келди. Аппак көшөгөнүн ичинде үлбүрөп олтурган жеңесинин жанынан кетпейт. Аны жеңе деген жок, эже деп алды. “Менин эжем” деп, жеңесинин колунан бек кармап, сырттан киргендерге ийилип салам берип жаткан жеңеси менен тең кыймылдап, ал да кошо ийилет. Жеңесинин бетинен өөп, башына жоолук салышса, “мени да өөп коюңуз, мага да жоолук салбайсызбы?” деп, келгендерди таң калтырат.

Бул үйдө кыйлага чейин той шааниси уланып турду. Акак кыз ошол мезгилде сыртка чыгып, курбулары менен ойногон жок, себеби, жеңесинин жанынан кеткиси келбейт. Меймандар келет, кетет. Атасы менен апасы мейман тосуу менен алек. Анан жеңеси көшөгөдөн чыгып, короо шыпырат, ашканага кирип тамак жасайт. Акак кыз дагы деле анын жанында. Бойтогон колдору менен жеңесине жардам берген болот.

Эми чоң той болмок болду. Ага катуу камдана башташты. Ары-бери чапкылашып, базардан майда барат нерселерди үйгө ташып элe жатышты. Жеңесин да базарга алып кетишти. Акак кыз аларды ээрчиди эле, “бат эле келебиз” деп, аны калтырып

коюшту. Кыз ошондо гана көчөгө чыгып, баягы курбуларына кайра кошулду. Жеңеси жөнүндө, үйдөгү той тууралуу айтып бүтө алБады. Ага "көз салып тур" деп, дайындап кеткен агасы башка жумуш менен алаксып кеттиби, кызды " үйгө кир" деп, чакырган адам болбоду. Ошондонбу Акак кыз ары бери машиналар өтүп турчу жолго чыгып ойной берди. Жол жээгиндеги арыкчанын ичине киришип, үй жасап ойношту. Куурчактарын бала кылып, болочок эне эмеспи, куурчактарын алдейлеп, уктатып, тамактандырып жатышкан. Капыстан келген Волга машинасы адегенде алдыга жүрүп, анан арты менен бурулуп баратып, бейкапар ойноп жаткан кызды уруп кеткенин айдоочу да баамдабай калды. Periште кыздын "апа-а" деген ачуу чаңырыгы жаңырды, бирок, ал айдоочуга угулган жок. Ойноп жүргөн кыздар ызы-чуу түшүп калганда гана баамдады. Бул кезде периште кыз көккө учуп кеткен эле...

# АСМАШАМ

*(аңгеме)*

...Катыгүн ботом, караңгы түндө...суuктун түрү бул болсо, каалга түбүндө бөрсөйгөн курсагын мыкчый, түйүлө олтура кеткен жаш келинди көрүп, пол жуучу аялдын оозунан да сөзү качып, энтеңдей түштү.

– Жалгыз келдиң беле?

– Ооба- дегенге араң жарады, тиги келин үнүн акырын чыгарып.

– Кир, кире гой...ботом, күйөөң жок беле...кантип жалгыз жиберди дейм да...келиндин колунан өйдө көтөрүп тургузду да, ичкери жакка жетеледи.

– Күйөөм коммандировкага кеткен болчу- ичим ооруй баштаганынан өзүм эле келе бердим... келин, үзүл-үзүл онтой коюп, ушуларды айтты.

– Дагы жакшы жетип келгениң...жолдо бирдеме болсочу ай, балам ай - жашсың да-силерде коркуу деген жок...- пол жуучу аял ага өз энесиндей мээримин төгө сүйлөгөнү, жаш келинди элжиретип жиберди.- «Тез жардам» чакырсаң деле бармак... мейли эми, жетип келгениң жакшы болду... ал улам эбиреп, кыйналып турган келинди орундукка алып келип, олтургузду да: «Мен азыр келем. Тиги акушер келин «төрөт жок» деп жаңы эле үйү жакка басты эле. Сен чыдай тур балам, мен тез эле аны чакырып келе коем. Мобу эле жерде жашайт, жакын эле...Тез эле келебиз...»– келинге улам-улам жалбара, үстүнө чапанын жамынды да, сыртка чыгып кетти.

Келин эми гана жаны катуу кыйналганын сезгендей, онтоосу күчөп жатты. Толгоосу да жакындагандай, курсагы тез-тез түйүлө калат. «Кудай ай, аман эсен калтыра көр... апакебайым, менин ушинтип кыйналып жатканымды сездиң бекен?»... улам, өзүнчө күбүрөнүп, түйүлө түшкөн курсагын мыкчылай, сырт жакка үмүттүү тиктейт.

– Кантип жалгыз келиптир эч ким жеткирбептирби? Сырт жактан аялдын доошу угулду да, каалга ачылып, сырткы суукту кошо ала кирген боолук келиндин карааны көрүндү.

– Ошону айтам да, бечара келин, катуу кыйналып калган окшойт, жаш экен – анын артынан божурап келе жаткан пол жуучу аял, түз эле келин тарапка басты. Ак халатын пальтосунун үстүнөн желбегей жамынган акушер келин, онтолоп, түйүлүп турган келиндин жүзүнө тик карады да, тык ордунда катты да калды.

– Айжамал, боло гой, айланайын ...катуу кыйналып калыптыр...суусу да агып бүткөн окшойт, – пол жуучу аял кыймылсыз туруп калган акушер келинге жалбарып жиберди.

– Аа, ким десе, сен белең?.. ушунуң да бар беле?.. акушер келин, анын жүзүнө тик багып карай албай, кыйналып турган жаш келиндин маңдайына келди да, ушуларды кекээрдүү айтып, басып кетти.

– Эмне кылайын... даярдай берейинби?...-деп, жооп күтпөстөн эле, пол жуучу аял, жаш келиндин сырт кийимдерин чечиндире баштады.

– Эже, мен башка төрөтканага барсам окшойт?-жаны кыйналып турганын сездирбөөгө аракеттенип, бардык кайратын жыйнап, жаш келин ордунан турууга аракеттенди.

Кантет ботом, кайда бармак элең? Башка төрөткана жок жакын арада... Азыр акушер чыгат, бир заматта бошонуп аласың... кичине эле чымыркансаң, анан баары унутулат...

– Жок эже, мен кетейин?

– Сен эмне деп жатасың катыгүн, акыл-эсиң жайындабы? Азыр креслогу алып чыгабыз... тиги, акушер, даярданып жатат

да, азыр чыгат жүр андан көрө төрөтканага чыгалы – пол жуучу аялдын жалбарганына да кайыл боло, жаш келин, ушул жерден чыгып кетүүгө далбастап жатты. Бирок алды жагынан агып жаткан суу, ичинин тез-тез түйүлүшү аны ого бетер шалдыратып салды. Алы кетип, эми ага таяныч керек болду. Энесинин элесин көргөн пол жуучу аялды жакын тутту. Андан *үмүтү чоң* болду да, анын айткандары менен болуп жатты. Пол жуучу аял, жаш келинди жеңил кийинтип, экинчи кабатка жетеледи. Ушул кезде, башка бөлмөдөн дагы да текебер кыймылы менен акушерь келин чыга келди.

– Жакындап калыптырбы?- жаш келинге назар салбастан пол жуучу аялга суроо узатты.

– Ошондой окшойт, карап көрчү...

– Тиги жакка чыгарыңыз... – пол жуучу аялга буйрук бере сүйлөдү. Жаш келин акушерди жалооруй тиктеди эле, экөөнүн көзү чагылыша түштү. Жанагы эле жек көргөн көз, «колума түштүңбү, эми өзүңөн көр» дегенсийт. Келиндин жүрөгү болк этип алды. Курсагын уйпалап текшерип көрдү да:

– Бышып калыптыр, эже, тиги аппараттарды алып келиңиз... сууларыңыз даярбы? -деди, пол жуучу аялга.

– Даяр балам, качан эле камдап койгомун...

– Ии сулуу кыз...азыр кичине аракет жасайсыз... анан сүйгөнүңүздү сүйүнтүп, балтайган бала төрөп бересиз... кана мен айтканда абаны ичиңе жутасың да, кайра сыртка чыгарасың... – маңдайында какшык менен сүйлөп жаткан акушердин айткандарын элдир-селдир угуп, келин өзүн жогото баштады.

– Кана, мен айтканды жаса... абаны жут...эми чыгар...ыйын... бул сөздөр ага бир угулуп, бир угулган жок. Катуу дем тартып, аны чыгарган болот, бирок, алы жок.

– Ыйын дейм... ыйынбайсыңбы... ай, кимди коркутуп жатасың бол эми бала тумчугуп баратат...акушер келин эми үнүн катуу чыгарып, көз алдында өзүн жоготуп жаткан келинге жалбара баштады.



СУЗАК РАЙОНД
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ

Айнанайын синдим, коркутпа... күчүңдү жумша, ыйынып кой... кичине эле күчүңдү жумшап койчу аракет кылчы... бол эми...

Пол жуучу аял анын айланасында чимирилип жүрөт. Улам бетине суу чачат. Чоң шейшепти алып келип, эки колуна кере тартып, келиндин курсагынын үстүнөн сылагылайт. «Ына-аа- аа» аалам жаңырткан наристе үнү. Жарыкчылыкка жар салган жаңы адамдын үнү жаш келиндин кулагына шак этти да, кере дем алып, жылмайып алды.

– Мына балам, уулду болдуң...баары өттү... коркутуп да жибердиң, ботом, барбаландап сүйүнгөн пол жуучу аял,киндиги чубалган кызыл эт баланы келиндин көкүрөгүнө жаткырды...

***

...Бирде жерге түз түшүп, бирде ойку-кайкы учуп, жеңил шамалдын нугу менен бурганактап, асмашамдын жарыгында айланып жаткан кар бүртүктөрүн суктануу менен тиктеп турган жаш кыздын жанына басып келген жигит, аны чоочутуп албайын деп, акырын суроо узатты:

– Ага мынча кызыктыңыз, чоң кыз?

– Карасаңыз, өзүнчө эле керемет, мындайды чанда эле көрөсүң да?

– Чын эле, укмуш...

– Кол менен жасап алгандай, кар бүртүгүнүн кооздугун...

– Кеч жолго чыгыпсыз да...

– Ооба, эжеме келдим эле, сүйлөшүп олтура бериптирбиз.

– Эжеңиз иштейби бул жакта? -жигит, алар турган жерге жакын жайгашкан эки кабаттуу жай жакка көз ымдады.

– Жок, төрөгөн болчу... ошого келгемин...

– Аа, эжеңиздин кубанычын бөлүшкөн турбайсызбы?

– Өзүм дагы жумуштан кеч чыгып, кеч келип калбадымбы... Эми, шаарга кантип кетем билбейм. Кыйла болду турганыма, эч бир транспорт келбейт го?

– Бул жерди айыл дейт, транспорт эрте токтойт да. Шаарга барасызбы?

– Ооба.

– Шаарда жашайсызбы?

– Ооба...иштейм....

– Жакшы, мен да шаарга кетем. Тиги чоң жолго чыгалы...-балким ошол жакта болуп калаар.

– Мейли...жакшы болбодубу, шерик болуп...-кыз жигиттин бул сунушуна дароо эле макул болду. Жигиттин сырт келбетине караганда өтө деле жаштай көрүнбөйт, токтолуп эле калгандай. Шыңга бойлуу, жылдыздуу экен. Аны эски таанышындай кабыл алды да, жигиттин артынан түштү. Кызыл ашыкка жетей-ин деп калган жумшак карды шилеп, экөө жанаша басып бара-тышты.

– Атыңыз ким болот чоң кыз?

– Чолпон

– Жакшы атыңыз бар экен.

– Сиздикичи?

– Алмаз.

– Сиздин атыңыз да жакшы экен. Кайда иштейсиз?

– Архитектурада иштейм. Сизчи?

– Мектепте.

– Жашыруун болбосо кайсы мектепте, ким болуп дегендей?

– Шаардагы 4-мектепте, орус тилинен сабак беремин.

– Жакшы...экинчи эне тилибиз го...

– Ошондой го..

– Сиз неге кеч калдыңыз?

– Бул жакта жумуштар бар эле...кеч бүтүп калды, экөө бо-журап келе жатышып, чоң автожолго да жете келишти. Жарыгы тээ алыстан көз нурун алган транспорттор кыйма-чийме өтүп жатты. Кол көтөрүштү эле, жеңил машина токтоп, экөөнү айт-кан жерлерине жеткирип койду.Бир көргөндө эски тааныштай **жакындыкты сезген экөө ошондо бири-биринин дарегин алган** эмес. Бирок, эки күн өтпөй Алмаз Чолпонду издеп, мектепке кел-ди.Таң калган Чолпон:

1*

– Таанышым.

– Дагы.

– Ошол...

– Арамзаланба, мен баарын билемин... «балам жок, аялымды кетирем мен аны сүйбөйм» десе, эрип кеттиң да ээ?

– Жок...мен жөн гана таанышмын.

– Арамзаланба деп жатпаймынбы? Алмаз баарын айтты мага.

– Эмнени?

– Экөөңүн мамилеңди.

– Калп, айтпайт. Сиз башкалардан угуп алып эле...

– Эмне, башкалар да билишеби?

– Билесиз да, бир эки жолу бир басып койсоң ушак тарайт...

– Жок, силер бир эки жолу баскан жоксуңар, силердики тереңде... ошон үчүн мен сага эскертип коеюн дагы ушундай бир басып, бир турганыңарды уланта турган болсоңор, экөөң тең капа болбогула. Ушундайыңарда тыйылып калгыла. Мен экинчи келбейин. Баары бир Алмазды менден тартып ала албайсың, уктуңбу? Өктөм сүйлөп чыгып кетти. Бул окуяны Алмазга айткан жок. Бирок, коркуп, чоочуп жүрдү. Алмаз ээрчиткен жакка көп бара берген жок. Бөрсөйүп келе жаткан курсагын сыйпалаган Алмаздын кубанычы ашып ташып жүргөн кезинде, анын сүйүнүчүнө суу себүүнү, ызы-чууну каалаган жок. Жумушунан бошонуп, шаар четинде жашаган эжесиникинде жашап жүрдү. Ата-энеси, бир туугандарына билгизбөөнү чечишкен. Алмаз болсо, аны издебеген жери калган жок. Күн эсептеп, эртең эле «баа-а» деп, баркылдап, жарыкчылыкка келе турган наристесин күтүп жаткан.

***

– Карасаң кара бетти, ушунусу менен тартып алам деген экен да... Баары бир тартып ала-албайсың... мунуң менен кор-

кутпагын... Буга бергенди мага эмнеге ыраа көрбөйт жараткан... менин эмнем кем, эмнемден жаздым... акущер келин, өз бөлмөсүндө ушуларды айтып, боздоп жатты. Пол-жуучу аял Чолпондун жанынан айланчыктап кетпейт. Ал жаткан бөлмөнү тазалап, калдыратып идиштерди иреттеп, буйдамалап эле жүрдү .Улам анын жанына келип, бирдемелерди сүйлөгөн болот.

– Күйөөң сүйүнөт го. Туну уул болсо, эркектерге жакшы да. Алар да ошону күтүшөт...Мына менин эки кызым бар. Экөөнү тең ушул жерден өзүм төрөттүм... Азыркы жаштар назиксиңер да... Илгери, доктуру жок эле, үйдө өзүбүз төрөп, өзүбүз киндигин кесип алчуубуз... анын сөздөрү Чолпонго бир угулуп, бир угулбайт. Курсагына коюп койгон музду алып ыргыткысы келет. Бурчта чукуранып коюп, уктап жаткан наристесин суктануу менен тиктеп коет. Бөлмө ичи бирде кара түскө, бирде көк түскө боело түшөт да, магдырап кетет. Эбиреп жүргөн пол жуучу аял, анын жанына келип, «уктаба балам, 2 саат чыдасаң, анан жылуу чай берем, башка палатага көчүрөбүз» дейт. Сыртта түн. Терезеге карады. Дал ал жаткан терезенин түбүндө асмашам турат. Бурганактаган кар бүртүктөрү уйгу-туйгу учуп Чолпонду өзүнө арбап жатты. Кыйлага суктана тиктеп турду да, жылмайып алды. Алмаз экөөнү табыштырган Асмашам турду көз алдында. Ошол. Кызык, мен эч нерсени ойлобой келе берген турбаймынбы? Бул жерде иштейт дебеди беле? Качып олтуруп колуна түшүп берген экенмин да? Алмаз кайда болду экен? Ал угабы? Тез эле укса экен... анан бизди алып кетсе экен?...жүрөгү дагы бир болк этип алды да, келин өзүн жогото баштады. Бөлмө ичин караңгылык каптады. Дубалдар ойку-кайкы кыймылдап жатат. Жер титиреп жатабы? Келин пол жуучу аялды жардамга чакырды. Ал бөлмөдө жок эле. Үнүн катуу чыгарды, бирок, аны өзү да уккан

жок. Терезе түбүндө кар бүртүгүнө чулганган Асмашам гана элдир-селдир көрүнөт. Бөлмө түңгуюк караңгылыктын кучагында калды. Ал ордунан жыла алган жок, турууга обдулду, кыймылга келе албайт. Төрөткана тынч уйкуда.

Кыйналган келин таң супа сала баштаганда түбөлүк уйкуга кетти. Аны тиги бөлмөдө ич күйдүлүгүн көз жашынан чыгарган акущер келин, түнү менен уктабай, эми гана үргүлөп кеткен пол жуучу аял да сезген жок...

# ДААНА

*(аңгеме)*

– Карагыла...ии, тигине... карасаңар... Даана жинди, го...карасаңар эй – эжекебиздин айткандарына кулак түрө, тыптынч турган класстын ичин жаңыртып Аман деген балабыз ордунан тура калып, улам колун созгулап, сырт жакты көрсөтө баштады. Баарыбыз парталарды калдыратып, тура калдык да терезеге тигилдик. Биздин класстын тушу спорт аянтчасы болчу. Машинанын чоң дөңгөлөгүн кыркалекей тизип койгон жеринде, четки дөңгөлөктө олтурган аял көзгө урунду. Жанында 9-10 жашар бала да бар экен. Ал апасынын колунан тарткылап жатат. Эжекебиздин "кана тынчтангыла, болгула, олтургула ордуңарга" дегенин угуп да койгон жокпуз. Аңгыча танапиз дегендей, коңгуроо да кагылды. Ушуну эле күтүп тургансып, сыртка атып чыктык. Спорт аянчасына жетип барып, баягы аялды тегеректеп калдык. Ак саргылынан келген, сулуу жүздүү 35-40 жаштын ортосундагы аял экен. Үстүндөгү көйнөгү, кемсели, башындагы жоолугу баары өзүнө жарашып, аны эч ким "жинди" деп ойлобойт. Аны ортого алып, кыркалекей тизилип, эки көзүбүздү албай турганыбызга териктиби:

– Эмне жалдырайсыңар...киши көрө элексиңерби?...Кеткиле ары...-дейт, тиги аял бизди жактырбай. Бир эле биздин класс эмес, башка класстар да толуп кетти.

– Эй, Даана жинди, сен эмне кылып жүрөсүң? -деди, Аман мактанычтуу бир бизге карап, бир аялга карап. Аялды жакшы тааныган киши болуп:

– Жиндиканадан чыктыңбы..оорубай калдыңбы? -деп, ал укпай жатат дегенсип, жанына барып катуу сүйлөйт.

– Сенин ишиң эмне... теле тирмелеңдейсиң да, жашшабагыр десе, ишиңди кыл! -деп, жерге эңкейе берип, бирдеме издеп калды тиги аял . Колуна кумдан башка илинген жок. Алаканына толо сузган кумду ал жакка чачып жиберди.

– Сен жиндисиң да... дейт, дагы Кылыч деген класстаиыбыз, тиги аялды шылдыңдап.

– Ии, өзүң жиндисиң, мен сопсоомун, сен жиндисиң?- аял, анын сөзүнө дагы териге түшүп, ордунан тура калып ага атырылды. Булардын бул жоругу бизге эрмек боло, баарыбыз каткырып, тиги аялды шылдыңдап жаттык. Баласы намыстана түштүбү, жүгүрүп келип, Кылычты бир тепти да:

– Сен өзүң жиндисиң, апам сопсоо... сен жиндисиң, апам айыкты... айыгып чыкты, уктуңбу?... шашпа, мен чоңоюп, сени атып саламын уктуңбу?- деп, баласы туш келди ургулай да баштады. Анан жалдырап турган бизди да жек көрө тиктеп:

– Эмне карайсыңар, баргыла, кеткиле... кеткиле деп жатамын-деп, баарыбызга карай атырылды. Анан апасынын колунан жетелеп:

– Жүрүңүз кеттик... басыңыз... жаңа эле айттым го. Кетели дедим го...деп, тарткылай баштады.

– Кое тур.., сен да мектепке окууңуң керек да, балам. Карачы мобурески жубарымбектер сени менен тең балдар. Тим эле окуган киши болушуп жатпайбы. Чоңоюп калдың да. Окуушуң керек. Булардын арасына кошулбайсыңбы? -деп, тиги аял баласынын тарткылаганына карабай, биз тарапты кыдырата тиктеп, арабыздан өзүнө жакын адам издегендей. Көздөрү жалооруйт. Анын жылдыздуу жүзүнөн энелик мээримди, ушул турган бизге болгон жакындыкты эми сезгендей болдум. Боорум ачып кетти. Анын ушул абалда турганына эртеден бери күлгөнүмө кыжырым кайнады.

– Окуубайм, окуубайм мен бул жерге, көрдүңүз го, булар мени шылдыңдашат. Мен окуубайм, окуубай эле Сизди багып алам. Мен окуубаймын -деп, баласы ыйлап да, апасын таркылап да жатты.

Аял эми эсине келгендей:

– Мейли, окуубасаң окууба, кеттик... жүр... башка жакка барып окууйсуң анда... баары бир окууйсуң... булар бейбаш балдар тура... жакшы балдар эмес экен... жаман балдар экен... -деп, ордунан туруп, көйнөгүнүн этегин каккылап, баласынын колун кармаган бойдон, басып баратты. Артына эки өрүм болуп таштал-ган чачы көйнөгүнөн ылдый төгүлүп, жерге тиейин - тиейин деп турат. Баскан сайын сеңселип, суугуңду артат. Басып баратканда да анын сулуу экендигин баамдоо кыйын эмес эле. Жаш кезинде далайлардын таңдайын так эттирип, далайдын жүрөгүнө чок салса керек. Сабакты начар окууган, бирок, бейбаштыгы ашынган Кылыч дагы деле тиги аялга асылганын койбоду.

– Э й, Даана жинди, каякка барасың... Жиндиканага кеттиңби? -деп, артынан кыйкырат.

– Болду эй, бала, оозуңа келгенди оттой бербей, басыл да!-деди, жогорку класстын окуучу кыздары.

– Жиндини жинди дейби? Билбейсиңерби аны...качантан бери жиндиканада болчу да...эми чыгып келген турбайбы....мындан айылдагылар коркушат болчу...түндөсү кыдырып, ар үйгө кирип, коркутат да-дейт, ал дагы деле какшаганын баспай. Бирок, ага кошулуп эч ким үн каткан жок, күлгөн да жок. Баарыбыз тымтырс болдук да калдык. Көпчүлүгүбүз уулун жетелеген сулуу аял кеткен тараптан көз албадык. Артына кылчайып койбостон, бир басыгынан жазбай кетип баратат. Баласынын колун кармап алган. Бой келбети, турпаты, басканы сымбаттуу. Анын карааны көрүнбөй калганга чейин карап турдук. Бала болсок да суугубуз артып, аны келекеге алган эки классташыбызды жактырбай жаттык. Аны сездиби, алар четтей басып кетишти. Кирүүгө коңгуроо кагылып, тапырап кайрадан класска кирдик.

***

Менин оюмдан ошол аял кетпей койду. Сабакка көңүл чаппай, азыркы эле окуя көз алдыма тартылып, ошол аял олтурган жерди телмирип тиктеп олтура бердим. "Эмнеге жинди деди.-

Жапжакшынакай аял экен го. Эмнеси жинди?" дейм, өзүмө - өзүм суроо берип. Тиги эки классташымдан сурагым келген жок. Алардын дагы ойду келди айткандарын уккум келбеди. Сабак бүтүп, үйгө тараганда да көз алдымда ошол аял, баскан сайын саруусунда ары-бери чайпалган капкара эки өрүм чачы, жетелеген баласы.

Үйгө келип чоң энемден сурадым.

– Ии, бечара чыгыптырбы?-деп, жакын адамындай сүйүнүп кетти.

– Каякта эле ал аял?

– Жинидиканага жеткириштп дешкен?

– Эмнеге?

– Ээ, анын тарыхы узу-ун, кызым. Сулуу бекен?

– Аябай...чачы да уз-уун экен. Жерге тийгени эле турат.

– Ооба, бечара келин, чачы узун болбой эле, бактысы узун болсо не...

– Эмне, ооруп калган беле?

– Ооба... чоң энем, кыйлага үндөбөй туруп калды. Көөдөнүндө мага көптү айткысы келди, бирок, жаш бала эмнени түшүнөт дедиби, унчукпай олтура берди.

– Айтсаңыз...ошол аял мага жагып калды...дедим мен да аны сөзгө тартмакка.

– Жаккандын эмнесин билет экенсиң...Ал да кыйланы ашык кылган эле го...

– Эми, ошол билгендериңизди айтып бербейсизби? -мен көөшөрө бердим. Чоң энем мындан кутулайын дедиби:

– Мейли, билгенимди айтып берейин - деген болду да, сөзүн баштады.

– Даананын атасы суунун аркы өйүзүндөгү Арзыбай деген адам. Ал кезегинде Көкарт өрөөнүн башкарып турган киши болгон. Анын 4 аялы болгон дешет. Эң акыркы токолунан 3 кыз көрөт. Булар ал кишинин 70 жаштан ашканда көргөндөрү экен. Токолу ушундай сулуу болчу. Кыздары да апасындай сулуу кыздар болушту. Булар 10 жашка чыга баштаганда эле жуучулар келип,

ээнчилей башташкан. Даана үчөөнүн ортончусу экен. Эжеси 15 жашка чыкканда жогор жактан колунда бар бир адам келин кылып алат. Той жасаганда болгонбуз, эми андай той ушул кезге чейин бул өрөөндө боло элек. Бирок, 2 жылдан кийин эле ал шал оорусуна чалдыгып, баспай калыптыр. Дааналы болсо, 13 жашында эле ошол өзүнүн айылындагы Байбиче деген аялдын тун уулуна алып беришет. Алар хандын тукуму болушкан. Бирок, аталары сүргүнгө айдалып, балдары жетим калган. Атасынан калган байлык менен алар жакшы жашап турушчу. Балдарынын баарын окутуп, чоң шаарга жөнөткөн. Ошол аял жаш кызды шаарда окуган баласына алып бергени менен 4-5 жыл өз колунда алып жүрөт. Качан балакатка жеткенде гана уулуна кошуп берет. Шаарга барганда уялчак, тартынчак кыз, күйөөсүнүн досторуна аралаша албай коет. Сулуулугу ашып ташып, толуп турган чакта ага тийишкендер чыгабы, кызганып олтуруп, күйөөсү даары бердирип койгон дешет.

– Коюңузчу...

– Билбейм... ошентип айтышат...

– Баласы бар экен.

– Ооба, уул төрөдү дешкен.

– Ал күйөсү анан кайда?

– Бул ооруп калганда башка аялга үйлөнүп алыптыр да.

– Жаман эркек экен анда...

– Бечаранын убалына калып... ал деле жыргап кетет дейсиңби?

– Ошону айтсаңыз...эмне даары берип койсо эле, жинди болуп калабы? -менин балалык таза дилим ооруп турду. Ушундай назик, сулуу, аялуу жанды оорулуу кылган бейтааныш эркекти жек көрүп турдум.

– Жинди кылмак түгүл, өлтүрүп деле коет да... чоң энем, “ошону да билбейсиңби?” дегенчелик, мага суроолуу тиктеди.

– Кызык экен анда... Анан баласын да таштап, ошол күйөөсү кайда жүрөт экен?

– Оо, ал азыр чоң окумуштуу болгон дешет. Бечара келин, жиндиканага жылда жатат. Анан булардын үчөө тең оорулуу болуп калганын айтсаң. Чоң эжеси, шал болуп жүрүп, ал да өлүп кетти. Сиңдиси да төрөттөн каза болду. Эми Даана эле тирүү, мунусу да минтип... чоң энемдин зээни кейип кетти. Кыйладан кийин:

– Ал кайсы тарапка кетти?- деди.

– Жогор жакка...сай тарапка түшүп кетти го...

– Аа, бечара, апасыныкына кеткен го... Эми ал үйдө деле эч ким жок да... Тууганадарынан да эч ким калбады... Күйөөсү тараптагылар аны киши катары деле сезишпейт... "чырайым-душманым" деген чын тура. Кудай ага, чырайды эмес, бактыны берип койсо не... баарына ошол күйөөсү айыптуу... анан кантип жер басып жүрөт билбейм... Окумуштуу болбой калсын, ошол неме... - чоң энем, кимдир бирөөнү жек көрүп, кейип-кепчип, көпкө өзүнчө сүйлөнө берди.

Тайкы тагдырга туш болгон бул аял дагы да көз алдыман кетпей туруп алды. Анын биз курактуу баласын аядым. Намыскөй неме көрүнөт жаш туруп. "Окуубай эле багып алам....окуубайм бул жерге... кеттик..." деген сөздөрү, кулагымда жаңырат. Анын кийинки тагдыры кандай болот экен? -деп, түйшөлүп жаттым...

***

Бой жетип, мен да шаардан окуп, жеке турмуш деп жүрүп, ошол аял тууралуу унутуп да калгамын. Мени тагдыр сулуу бирок, оорулуу аялды кайрадан эске салып, анын уулу менен кездештирди. Ал чоң шаардан билим алып, архитектор деген кесипке ээ болуптур. Шаардагы бакыйган адистердин бири экен. Апасынын сулуулугу баласына да өтүптүр. Кыз болсо, апасынын өзү болмок экен. Ал эми апасы жөнүндө эч нерсе айткысы келбеди...

# ДУДУК

*(аңгеме)*

9-класска көчкөнүбүздө биздин чоң кыштакка жакын жайгашкан чакан айылдардан 4 кыз, 6 бала келип кошулушту. Алар адегенде эле бизге жуурулушуп, аралашып кетсе алышкан жок. Окчун тартып, өздөрүнчө бөлүнүп жүрүшөр элс. Арасында Бурул аттуу сулуу кыз бар. Ак жүздүү, көздөрү балбылдап жанган бул кызды бир көрүп эле жактырып калгандар чыга баштады. Бирок, сулуу болгону менен кабагын ачпаган түнт мүнөзү бар экен. Бир калыптагы басыгынан жазбай, боюн да тыкан алып жүргөн бул кыз, сулуулугуна чиренеби, мугалимдин суроосуна гана жооп кайтарып койбосо, кыздарга да, балдарга да ачылып сүйлөй бербейт.

Бир күнү класска дагы бир жаңы бала кошулду. Эң арткы партада жалгыз олтурат. Ак көйнөк, кара шым кийип, кочкул күрөң түстөгү галстук да тагынып алган. Бир караган адам мугалим го дегендей. Кара тору өңүнө ак көйнөк жарашып, жагымдуу элес калтырат. Улам класска кирген балдар-кыздарга сарсеп сала, эки колу менен жагын таянып, сынаакы тиктеп олтурат. Биринчилерден болуп класска кирген физика сабагынан берген Алтын деген агайыбыз, анын ким экендигин сурай баштаганда, аны жакшы тааныган болуп, Тазабек деген бала ордунан туруп:

– Агай, ал сүйлөй албайт -деди. Класс ичин каткырык каптады.

– Күлбөгүлө, чын эле сүйлөй албайт. Ал дудук –деди, айткандарын далилдеш үчүн. Кайрадан дагы каткырык.

– Эмне, ишенбей жатасыңарбы, силер деле айткылачы? -деп, берки балдарга карады.

– Ооба, сүйлөй албайт, ал дудук -деп, кыйладан кийин, Бермет деген кыз биздин каткырып жатканыбызга наараазы болгондой, акырын үн катты. Класс тымтырс боло түштү.

– Анда кандайча?... Кантип ...эмнеге келди? -агайыбыз, айтар сөзүн таппай, алдастай түштү.

– Ал Бурулду кайтарып жүрөт да- деп, арт жакта олтурган Керим деген балабыз үнүн бийик чыгара сүйлөдү.

– Эмне үчүн?- агайыбыз, таң кала ага суроо салды.

– ...

– Ал Бурулду сүйөт...-деп, айтып алып оозун колу менен жаба салды Керим.

– Былжыраба, азыр тилиңди жулуп алам... -деп, эртеден бери үн катпай олтурган Бурул, ордунан обдула тура калып, Керим тарапка тап берди.

– Оозуңа келгенди оттобогун уктуңбу, былжыраган эшек... дагы бир жолу айткын, энеңдин тоюн көрсөтүп коемун... - деп, ачуусу жүзүнө чыккан Бурулдан мындай сөз чыгат деп эч ким күткөн эмес эле.

– Болду... түшүнүктүү... токтоткула эми сабакты улантабыз. Макул, олтура берсин. Кана, сабакты баштайбыз. Үй тапшырмага эмне берилди эле? -деп, агайыбыз биздин ойду башка жакка бургусу келди. Биз дагы деле Керимдин айткандарына жана Бурулдун жообуна таң кала, экөөнүн азыркы абалына назар салабыз.

– Кана ким айтат, үйгө кандай тапшырма берилди эле?

– ...

– Кана ким айтат? -агайыбыз суроосун кайталады.

– Канттын закону...баарыбыз жапырт жооп кайтардык.

– Ким даяр? Ким окуп келди? -агайыбыз, адат болуп калган кыймылы менен класска назар таштады.

– Мен.. мен...-деп, туш-туштан чуруллдай баштадык. Анан агайыбыз класстык журналды ачты да, кимдин кандай баасы бар экенин, сыдыра карап чыгып, анан көптөн бери баа ала электер-

дсн сурай баштады. Көндүм сабак башталды. Тиги жаңы бала ошол калыбынан жазбай олтура берди. Алдында кагазы да, китеби да жок. Биздин турмушка аралаша, бирде жылмая калат, бирде кабак бүркөп, же, үнүн чыгара, бирдемелерди булдуруктайт. Сабакка кызуу киришип кеткени, ага да көңүл бурулбай калгансыды. Кийинки сабак да ушундай эле тартипте өттү. Болгону биз ал тууралуу эжейибиз сураганда каткырган да, таң калган да жокпуз.

– Жаңы окуучу -деп, тааныштырып койду класскомубуз Ашым. Калганыбыз үн катпадык. Бурул тууралуу да эч нерсе айтылган жок. Акыркы сабак бүткөндө, үй-үйгө таркай баштаганыбызда:

– Класстык саат болот экен, азыр класс жетекчи келет, кетпей тургула деп, класскомубуз баарыбызды токтотуп калды. Агай келип, биздин абалыбызды, сабакка катышуу-жетишүүбүздү сурай баштады. Анан баягы ордунда былк этпей олтурган жаңы балага суроо салды.

– Сен жаңы келдиңби? Кайдан келдиң? Ал бала өзүнө тигилип турган көздөрдөн улам, суроо ага берилип жатканын туйдубу, колдорун жаңсап, бирдемелерди айтып жатты.

Анын тилине эч ким түшүнгөн жок. Баягы Керим дагы сөз баштады.

– Агай, ал укпайт... сүйлөй да албайт. Жөн эле келди. Кызыгып жатса керек. Тыякта да ушинтип эки күндүн бириндe биздин класска келип, олтуруп кетчү.

– Аа...- агайыбыз таң калыштуу ал балага тиктеп турду .

– Анда мейли, бизге деле келип кетип жүрө берсин каалаcа, киминер түшүндүрө аласыңар, айтып койгула.

– Сагын бул менен жакшы сүйлөшчү, азыр жок да...деп, кейий кетти Керим.

– **Макул анда, эч нерсе дебей эле койгула, өзү деле түшүнгөндөй болду окшойт... деп, агайыбыз, эми сөз нугун башка маселеге бурду. Тиги баланын атын да сураган жок. Ошол күнү биз деле билген жокпуз ал баланын ысмы ким экенин.**

Ал бала эртеси экинчи сабак жүрүп жатканда келди. Каалганы ачты да, доска алдында сүйлөп жаткан орус тил мугалимибизге бирдемелерди айткан болуп, анан арткы партага жаңсады. Эжейибиз эч нерсе түшүнгөн жок.

– Класска кирүүгө уруксат сурап жатат—деп, түшүндүрдү Сагын.

– Кир, кире бер-эжейибиз, сүйлөп жаткан сөзүнөн адашпайын деп, ага дароо уруксат берди. Тиги кечски ордуна барып олтурду. Бүгүн, колуна сумка кармап алыптыр. Аны көрүп, бырс күлгөндөр да болду. Сабак улана берди. Тиги бала китебин ачып алып, аны улам тиктеп коет. Сыягы китептин сүрөттөрү бар окшойт, тигиле карайт да, сүйлөп жаткан эжейди угуп жаткан болуп, кулак түрөт. Эки колун партанын үстүнө коюп алган. Коңгуроо кагылганда, эжейибиз ал баланын ысмын сурады. Эжейдин сөзүнө түшүнбөгөн ал, жалдырап карап тура берди. Анан Сагын ага бирдеме деп, жаңсап түшүндүрө баштады. Ал болсо "ба-ба-а" деп, катуу үн чыгарып коет..

– Аты, Мелис...Акматжан деген кишинин уулу. Биз менен тең... тили сүйлөбөйт... кичинесинен ушундай... туубаса дудук... атасы менен апасы канча жерге барышты, тилин сүйлөтөбүз дешип... башка жакта жүрчү... атайын мектеп бар экен го, ошол жакта болчу... жалгыз бала... апасы жакында өлүп калды да... ошондон кийин айылга алып келип алды атасы... азыр атасы экөө эле жашашат. Атасы оюндагысы менен болуп жүрөт... -Сагын, башын ылдый сала ушуларды айтып жатты. Сагын башкалардан айырмаланып, сылык мүнөз, токтоо бала экен. Бул түрү менен ал тиги баланы жан дилинде аяп тургансыды.

– Түшүнүктүү... болуптур, чыга бергиле... - эжекебиз, класстык журналды көтөрүп, сыртка жөнөдү. Мелис болсо, ордунан жылган жок. Бүгүн да ал тууралуу сөз болгонун жүрөгү менен туюп тургансыды. Аны аяп жаткандарды да баамдагансыды. Жагын таянган бойдон, кайра коңгуроо кагылганча олтура берди.

**Эми баарыбызда Мелисти аео сезими пайда болду. Ал күндө ушинтип келип, бир эки сабакта олтурат да, кетип калат. Бурул**

болсо, баягысындай эле ачылып эч кимге сүйлөй бербейт. Текебер мүнөзү менен Мелис класска киргенде ого бетер текеберленип, мурдун чүйрүп коет. Анын бул жоругун эч кимибиз жактырбайбыз. Мелис болсо, класска баш бакканда эле, кимдир бирөөнү издей баштайт. Анысы ар бирибизге маалым. Бурулду гана издеп жатканын билебиз. Бурулду көрүп, ууртунан жылмайып алат да, көнгөн ордуна барып олтурат. Кызыгы ушул партага эч ким олтурбайт. Эгер Мелис келбесе, бош тура берет. Ал күнүгө шыңга боюна жарашкан кийимдерди кийип келет. Аттиң, "бири кем дүйнө деген ушул да. Жалгыз бала, анан минтип тили да сүйлөбөй..." деп, мугалимдер да кейип калганын угуп жүрдүк.

Антип - минтип, баш аякты жыйганча кыш келди. Туш тарабыбыз бөксө тоолор менен курчалып тургангабы, кар эрте түшөт. Түшкөндө да калың жаайт. Биз ага көнүп калганбыз. Кышка карата эртелеп даярданабыз. Отун сууну арбын камдап, короодогу мал-жандыкка тоютту да эртелеп жыйып алабыз. Тоолуктардын пейили таза, дили ак келет эмеспи. Кар түшкөнү шерине жешет. Ар бир үйдө "кыштын тамагы" делип, таруу бозо салышат. Анан кезектешип шеринеге чогулушуп, кышкы узун түндө, ырдап-чордоп, бирге өткөрүүнү адатка айландырып алышкан. Кыштактагы кышкы жашоо өз нугу менен өтүп жатты.

Сырткы айылдан келишкен балдар кыздар мектептин жатаканасында жатып окушат. Алар негизинен 4-класстан 10-класска чейинкилер. Узатасынан салынган фин тибиндеги жатакананын ичи дайыма жылуу жана таза, ирееттүү. Ал жерде иштеген Айжан аттуу аял мүнөзү катаал неме. Эркекче тарс-турс басып, үнү да бийик. Балдарды катуу кармайт дешет. Кечкисин бир да бала сыртка чыгып, бейчеки жүрө албайт экен. Тамактарын өз мезгилинде ичирип, сабактарын да сааты менен даярдатып, анан белгилүү саатка гана телевизор көрсөтөт. Анын ушундай катаалдыгы балдарга жагат көрүнөт, баары жакшы көрүшөт. "Өз энебизден да артык кам көрөт, ооруп калсак жаныбыздан кетпейт, мээримдүү неме, сыртынан ушундай көрүнгөнү менен аябай боорукер" дешет алар.

2*

Кыш чилдесинин бир күнү эле. Мектепке келсек, балдар да, мугалимдер да ызы-чуу түшүп эле жатышат.

– Интернат өрттөнүп кетиптир түндө...

– Эмне болуп?

– Ким билсин...

– Ай-ий, тынч бекен, ал жерде жаткандар эмне болуптур?

– Кичинекей балдардан беш алтоосун ооруканага алып кетиптир, чоңдору эч нерсе болбоптур.

– Биздин “классташ”Мелисчи, ошол кичинекей балдарды куткарып калыптыр, ал болбосо ким билет?

– Ал эмне кылып жүргөн экен?

– Бурулун көргөнү келсе керек да... - класста ушуларды айтып, күрү-күү түшүп жатабыз. Сабак да болгон жок. Анан бир тобубуз мектептен кыйла алыс турган жатаканага жөнөдүк. Ырас эле, жатакананын үстү, эшик-терезелери күйүп кетиптир. Өрт жаңы эле өчүрүлгөндөй, буу чыгып, айрым жерлеринде кызарган чок. Айыл эли түп көтөрүлө келген белем. Топурап жүрүшөт. Жатаканада жаткандардан эч ким көрүнбөйт. Бир топ аялдардын курчоосунда Айжан эже, көз жашын көлдөтүп, ыйлап олтурат. Үнү бүтүп калгандай.

– Качан өрттөнүптүр?

– Түндө саат 2лерде башталган экен.

– Балдар аман болсо экен?

– Ооба десең шыпшынган аялдар, зээндери кейий, улам бирибиринен сурамжылашат.

– Жанагы дудук бала кыйласын куткарыптыр дешет го.

– Ооба,ошол болбосо көп балдар кырсык болмок деп жатат Айжан эже.

– Ал жатаканада жатпайт го.

– ...

– Бечара бала, өзү да көп күйгөн дешет го.

– Аны да ооруканага алып кетишти... мындагылардын баарын азыр доктурлар текшерип жатыптыр. Коркуп калышты да...

Жатакана тарапта кыйлага чейин болдук. Директор агай да өң алеттен кетип, боп боз болуп, жүгүрүп жүрөт. Бул кырсык бүгүндөй өрөөнгө эмес, областка да дүң этти окшойт. Улам областтан да, райондон да комиссия келе берип, акыры директор агайыбызды, Айжан эжебизди иштен бошотушту. Жатакананы жаап салышты. Анда жатып окушкан 30 баланын бир кыйласы башка мектепке которулушту. Айылда жакын туугандары бар бир топ бала биздин эле мектепте калышты. Бул окуя көпкө чейин эсибизден кетпей, ооруканада жаткандар айыгып, жакшы болуп, кайра мектепке келе башташты. Текебер сулуу Бурул да азыраак жарат алган экен, ал да дарыланып келди. Биз класстагы балдар кыздар топ-топ болуп, ооруканада жаткандардан кабар алып да турдук. Мелисти тиги борборго алып кетишкен экен. Катуу күйгөн дешти. Класс жетекчибиз анын эрдигин айтып түгөтө албады.

– Мына, эр жигит деген ушундай болуш керек. Эгер ал болбогондо, канча бала майып болот эле. Азамат... эми өзү тез айыгып чыкса экен...

– Ал кантип ал жерге барып калыптыр агай, анын үстүнө түн жарымында? -деп кызыга сурады Алым деген балабыз.

– Кайдан билдим... Аны Айжан эже билет да...Ошонун болуп калганын кара...

Бул окуянын чоо жайын кийин билдик. Мелистин жатаканага жакын жерде таэкеси жашайт. Көбүнчө ошолордун үйүндө калып калчу экен. Ушул күнү ал уктабай, терезе түбүндө ойлонуп олтурган тура. Ал жаткан бөлмөнүн терезеси жатакананын тушунда жайгашыптыр. Таэкесинин айтымында терезеден телмирип жатакана тарапты карап олтура берчү дейт. Анан бир кезде алоолонгон от чыгат. Бул жөн от эместигин жүрөгү туят белем, сыртка жүгүрөт. Чын эле тим от эмес экен. Таэкесин ойготуп, өзү жеңил кийимчен жатаканага жетип келет. Айжан эже алапайын таппай, балдарды ойготуп жүрөт. Түнкү таттуу уйкудан, анан сырттагы суuктан ичиркенген балдар ойгонгулары келбей, эжени кыйнап жаткан кези экен. Мелис ар бөлмөгө кирип,

уктап жаткандарды төшөнчүлөрү менен кошо көтөрүп, сыртка алып чыга берет. Алоолонгон от улам күчөй берет. Жогорудан түшкөн жалын эми терезе-каалгаларга жабышып, дубал бетиндеги кездемелер күйүп бүтөт. Улам жандалбастай жүгүрүп, Мелис бардык бөлмөдөгү кичинекей балдарды толук чыгарууга үлгүрөт. Үстүндөгү кийимдери күйөт. Жалын денесине жабышат. Анын жанында далбастап Айжан эже жүрөт. Таекеси болсо, айылдагыларды ойготуп, чуру чуу түшкөн айылдыктар өрттү өчүрүүгө киришишет. Таңкы саат алтыларда өрт өчүрүлүп бүтөт. Коңшу кыштактан "Тез жардам" келгенче, жүрөктөрү түшкөн, айрымдарына жалын тийген балдар, сыртта болушат.

– Качан гана өрт өчүрүлүп бүткөндө карасам, Мелистин моюн башы кызарып, парсанак болуп калганын, үстүндөгү кийимдери тамтыгы жок, күйүп кеткенин баамдадым. Ушунчалык эрки бекем бала тура. Дым чыгарбай, өзүн ойлобостон, ыйлап жаткан балдарды сооротуу менен алектенип жатты. Чыдамкайлыгын кара... -деп, таекеси да тан берип жатты...

Ошону менен Мелис айлана жашарып, талаалар кызыл гүлгө толуп , табигаттын керемет сулуулугу ашып-ташып турган чакта ооруканадан чыгып келди. Мурдагысынан да сулуу, бою ого бетер шыңга тартып калыптыр. Кара тору өңү агыш тартып, эч бир жери күйгөндүгү байкалбайт. "Жакшы дарыланган экен" деп койдук. Тилинин жоктугу эле болбосо, далай кызды ашык кыла турган абалга келип калыптыр. Биз менен башкача учурашты. Бири-бирибизди дилибизден түшүнүп турдук. Биз да ага боор тартып, эмне деп сүйлөрүбүздү билбей жаттык. Бир гана текебер Бурул мурдагы калыбынан жазбады. "Ушундай да мерес кыз болобу, бир тиктеп койсо эмне болот эле?" -дейбиз, бири-бирибизге шыбырай. Жер тиктеген калыбында, мелтирейт. Мелистин эки көзү анда...

# КӨКБЕТ

Бала чоочуп ойгонду. Короо жактагы ызы-чуу ойготконсуду. Кимдир бирөө ыйлап жатат. Ордунан турбастан, сыртка кулак түрдү кыйлага чейин. Апасынын да доошу угулгансыды. Ал жаткан бөлмөнүн каалгасы акырын ачылып, сырттан кошуна келин кирди.

– Кукужан, тура гой. Түш болуп калды го? -деди, ал баланын жанына келип, акырын гана.

– Эмне болуп жатат? Апам ыйлап жатабы?-деди, жаткан ордунан кыймылдагысы келбеген бала, сырттан кирген кошуна келинге.

– Кайда?...ким?...каерде?-...баланын суроосуна оңду жооп айта албай, келин алдастай түштү. Эч нерсе болгон жок. Кел, сен тура гой... экөөлөп үйдү жыйнап жиберели... меймандар келет окшойт... Келиндин ойку-кайкы чыккан сөздөрүнө таң кала, бала ордунан лып турду да, терезе алдына келип, сыртка көз чаптырды. Эшик алдындагы бак ичинде адамдар көп жүрүшөт. Алар негедир бери карай басып келе жатышкандай.

– Тигилер кимдер? Бирөөлөр жүрөт го?-анын төшөнчүлөрүн тездик менен жыйноого киришкен келинге дагы суроо узатты.

– Ошо мен айткан меймандар келип калышса керек да... сен тез кийине сал... мен буларды жыйнап жиберейин- деп, келин баланын жүзүнө тик карай албай алдастайт.

Бала терезе түбүндө турган бойдон, сырттан көзүн албады. Тиги топтолушкандар үй тарапка келе жатышат. Узатасынан бир нерсени көтөрүп алышытыр. Анын артында апасынын эки тара-

бынан кармаган аялдар. Апасынын чачтары жайылып кеткен. Ыйлап жаткандай. Улам алга жулунуп, колунан кармагандарга баш бербей жаткандай.

– Эмне болуп жатат?... Апам эмнеге ыйлап жатат?... бала эми келиндин жообун күтпөстөн сыртка жүгүрдү. Анын бет алдында тиги топтолгондор. Балага көңүл бурган эч ким жок. Апасы ачуу чаңырып алган " мен кылдым... оо, шордуу башым мен жедим... эмне жазыгым бар эле... оо, кудай, бул эмне кылганың?..." деп, улунуп, жулкунуп ыйлап жатат. Кишилерде үн – сөз жок. Кара кийизге оролгон узун бир нерсени көтөрүшүп, туура эле бала жаткан бөлмөгө алып киришти. Аялдар да алардын артынан киришти. Бала ордунда катты да калды. Эч нерсени түшүнгөн жок, бирок, жүрөгү жамандыкты сезди. Анын жанына эч ким басып да келген жок. Кыйлага турду да, тигилердин артынан кирди. Жаңы эле ал туруп кеткен бурчтагы орунга атасын жаткырып коюшуптур. Кара тору өңү бозоруп, супсулуу болуп атасы уктап жатат.

– Ата-а, ата-а-деп, бала катуу кыйкырды да, атасынын үстүнө бой таштады. -Ата, эмне болду, уктап жатасыңбы, турбайсыңбы? -деп, атасын жулкулдата баштаганда, анын колунан жетелешип, сыртка алып чыгышты. Үй ичинен апасынын гана боздогону угулуп жатты. Бир заматта алардын үйү ыйга, ызы-чууга толуп кетти. Эшик алдына боз үй тигилип, алыстан эле "бир боорум оо,..." деп, үн салгандар, келип жатышты. Бала эч нерсени түшүнө албады. Анын жанына келген бир аксакал, колуна таякты карматты да:

– Бул таякты карма да, боз үйдүн алдында тур. Адамдар келгенде "атакелеп" ыйлайсың- деди. Эсин бирде жоготуп, бирде өзүнө келип жаткан баланы көп деле кыйнашкан жок. Аксакал берген таякты бирде кармап, бирде, тим гана ичинен солкулдап, бала ошол ордунда турду. Атасынын үстүнө бир гана жолу киргизишти. Ошондо атасынын жүзүнө тик карап, атасы менен түбөлүк коштошуп жатканын туйду. Атасы ого бетер сулуу бо-

луп кетиптир. Баласын сынагансып, жөн гана уктап жаткандай. Мына, мына ойгонуп, "мен сени сынадым уулум, мен тирүүмүн" деп, жаткан жеринен тура калгансыйт. Бала ошону күткөндөй, кыйлага тиктеп тура берди.

– Болду, жетишет, сырткa алып чыккыла- дешти, сырттан. Ошондо бала эчкирип ыйлап жиберди. Колунан таркылагандарга баш бербей, жулунуп ыйлады.

– Ата-а, ата-а ...тур, болду-у..., жата бересиңби? Тур, ойгонбойсуңбу? Бол тур...деп, чаңырып жиберди. Жер тепкилеп, атасы тарапка жулунду. Ансыз да арманы ичине батпай, солкулдап олтурган апасы да үнүн катуу чыгарып ыйлап жатты. Боз үйдөгүлөр да, сырттагылар да каңырыгы түтөп, баланын ыйын баса албай, көпкө убара болушту. Баланын көзүнө апасы түрү укмуш, жез кемпирге да окшоп кеткенсиди. Чачтарын артына жайып таштап алыптыр. Кара жоолукту бетине ылдый түшүрө салынган. Баласына тик багып карай албады. Чоң энеси атасынын баш жагында солкулдайт. Сай сөөгү сыздап жатканын туйду бала. Ага жалооруй тиктеп:

– Чоң эне, айтпайсызбы, атам турсунчу. Болду да, уктай береби, тур дебейсизби? Сиздин тилиңизди алат го?... дегенде, араң турган чон энеси да ачуу үн менен ыйлай баштады.

– Ошентсе гана... ошентсе гана, баарыбызды таштап кетпедиби? Атаң турбайт эми...уктап калды, биротоло уктап калды? Баарыбызды таштап кетип жатат... шоруң каткыр...эми турбайт-...деп, боздоп жиберди. Бала атасынан биротоло ажырап жатканын эми гана сезгенсиди.

– Ата, таштаба мени... мен кантем? Таштабачы- ы... бала андан аркысын билбейт. Көпкө ооруканада жатты. Атасы көз алдына келгенде эле, эсин жоготот. Үйүндө эмнелер, кандай окуя болгонун да билген жок...

***

Бала атасын жанындай жакшы көрчү. Атасынын чоң көк түстөгү машинасы бар эле. Кайдадыр чөп, жем ташуучу. Алыскы тоолорго малчыларга барам деп, тез-тез кетип турчу. Жакын жерге барса, уулун жанына олтургузуп алып, баласын ойнотуп келчү. Ушул ирмемде баладан өткөн бактылуу жан жок эле. Атасына жакындыгыбы, аны көрбөй калса, кусаланып, кээде ооруп да калчу. Атасы малчыларга барып, эки үч күн келбей калса, чоң кишидей урушуп, бултуюп таарынып алчу. Ошондон уламбы анын Кубаныч атынан чакырбай элс, атасы "Көкбет" атап алган. Баласы таарына баштаганда эле.

– Ии, дагы бултуя баштадыңбы, оо, көгөргөн көкбет десе. Таарынбагын да, мен малчыларга алыс жакка бардым. Жем ташыдым...барбай койсом болбойт.

– Мен да барам эми...Сиз келбей коет экенсиз?..дейт, таарынганы жазылбай.

– Кой, сен да кетип калсаң, апаң коркот да?

– Анда апамды да алып алабыз.

– Болчу беле, апаң кетсе, үйдү ким карайт?...

– Сиз деле кетип жатасыз го?

– Мен силерге ишенип кетип жатам да...

– Жок, мен барам... эми сизди эч жакка жибербейм... деп, бала атасынын жанынан кетпейт. Бирок, бала уктап жатканда кетип калган күндөрү көп болду. Баланын ызасы күчөп, таарынычы кайтпай, тултуя берип, атасы койгон Көкбет ысмы элге да таркап кетти. Кошуналар да мурда Куку деп, эркелетип келишсе, Көкбет дегендери да чыкты. Балдар менен ойноп жүрүп да, кээде тултуя таарына кетсе, алар да Көкбет деп, чакыра турган болушту. Бала ага тээрикпейт дагы. Көкбет деген эмне экендигин жакшы да аңдай албады. Атасы көк машинасы менен баягыдай эле ар нерсе ташыйт. Бирок, апасы экөө көп уруша турган болушту. Алардын сөзүнө жакшы түшүнө албаса да, ортодо жакшы иш болбогонун туят. Апасы көп ыйлачу да болду. Атасы үйгө келгенде

сөзсүз уруш чыгат. Апасы кимдир бирөөнүн атын айтып, “кет ошонуңа, үйгө келбе... чык эшикке” деген сөздөрдү көп айтат. Атасы болсо, аз сүйлөйт. Уулун эркелетип, бети башынан өөп, анын капасын ачууга аракеттенет. Анткени, уулу да тултуюп таарынганын койбойт да.

Бала мектепке барды. Биринчи күнү атасы машинесине салып барды. Мектеп да кыйла алыс экен. Көтөрсө жерге тийип турган кочкул көк түстөгү сумкасын ошол күнү атасы чоң шаардан алып келди. Ичинде баары бар экен. Улам бирин суктана карап, бала өзүн дагы да бактылуу сезип турду. Жапжаңы кара костюм, ак көйнөк ага жарашып, атасы да жасанып алган. Экөө жетелеше мектепке барышкан. Анын колуна тутам гүл кармагып да койгон. Аны мугалим эжекесине берди. Биринчи жолу партага олтуруп, өзү теңдүү башка балдар менен таанышкан күнү анын эсинде калды. Атасы болсо, уулун суктана карап:

– Мына, уулум, эми сен чоң жигит болдуң... Эми эркелигиңди да, таарынчактыгыңды да калтырышың керек. Эжекеңдин айтканын жасап, сабакты жакшы окуусаң, жакшы адам болосуң... жакшы жашайсың...деди.

– Сиздей болуп машина айдаймынбы?

– Машина да айдайсың...бирок, сен менден да жакшы адам болушуң керек... чоң кызматтарга иштешиң керек... мен эмне...

– Сиз жакшы адамсыз да, мен сизди жакшы көрөм... -бала, атасын бек кучактайт.

Бала атасы айткандай эле сабагын жакшы окууду. Тамгаларды тез эле үйрөнүп, жаза баштады. Бирок, ушул күндөрдө атасы үйгө сейрек келип, анын ар күнү алган “беш” деген баасын көрбөй жатты. Апасына мактанганы менен ал кайдыгер гана “болуптур... эмне кылайын” деп коет. Анын үстүнө апасы менен ымаласы жакшы эмес. Апасы көп урушат, акыркы күндөрү ачуулу да болуп кеткенсиди. Баланын ар бир баскан турганын, кылган ишин жактырбай эле уруша берет. Тажаган бала апасынан оолак болгусу келет. Анан ачуусун атасы келгенде андан чыгарат.

***

Бала атасын жанындай жакшы көрчү. Атасынын чоң көк түстөгү машинасы бар эле. Кайдадыр чөп, жем ташуучу. Алыскы тоолорго малчыларга барам деп, тез-тез кетип турчу. Жакын жерге барса, уулун жанына олтургузуп алып, баласын ойнотуп келчү. Ушул ирмемде баладан өткөн бактылуу жан жок эле. Атасына жакындыгыбы, аны көрбөй калса, кусаланып, кээде ооруп да калчу. Атасы малчыларга барып, эки үч күн келбей калса, чоң кишидей урушуп, бултуюп таарынып алчу. Ошондон уламбы анын Кубаныч атынан чакырбай элс, атасы "Көкбет" атап алган. Баласы таарына баштаганда эле.

– Ии, дагы бултуя баштадыңбы, оо, көгөргөн көкбет десе. Таарынбагын да, мен малчыларга алыс жакка бардым. Жем ташыдым...барбай койсом болбойт.

– Мен да барам эми...Сиз келбей коет экенсиз?..дейт, таарынганы жазылбай.

– Кой, сең да кетип калсаң, апаң коркот да?

– Анда апамды да алып алабыз.

– Болчу беле, апаң кетсе, үйдү ким карайт?...

– Сиз деле кетип жатасыз го?

– Мен силерге ишенип кетип жатам да...

– Жок, мен барам... эми сизди эч жакка жибербейм... деп, бала атасынын жанынан кетпейт. Бирок, бала уктап жатканда кетип калган күндөрү көп болду. Баланын ызасы күчөп, таарынычы кайтпай, тултуя берип, атасы койгон Көкбет ысмы элге да таркап кетти. Кошуналар да мурда Куку деп, эркелетип келишсе, Көкбет дегендери да чыкты. Балдар менен ойноп жүрүп да, кээде тултуя таарына кетсе, алар да Көкбет деп, чакыра турган болушту. Бала ага тээрикпейт дагы. Көкбет деген эмне экендигин жакшы да аңдай албады. Атасы көк машинасы менен баягыдай эле ар нерсе ташыйт. Бирок, апасы экөө көп уруша турган болушту. Алардын сөзүнө жакшы түшүнө албаса да, ортодо жакшы иш болбогонун туят. Апасы көп ыйлачу да болду. Атасы үйгө келгенде

сөзсүз уруш чыгат. Апасы кимдир бирөөнүн атын айтып, "кет ошонуңа, үйгө келбе... чык эшикке" деген сөздөрдү көп айтат. Атасы болсо, аз сүйлөйт. Уулун эркелетип, бети башынан өөп, анын капасын ачууга аракеттенет. Анткени, уулу да тултуюп таарынганын койбойт да.

Бала мектепке барды. Биринчи күнү атасы машинесине салып барды. Мектеп да кыйла алыс экен. Көтөрсө жерге тийип турган кочкул көк түстөгү сумкасын ошол күнү атасы чоң шаардан алып келди. Ичинде баары бар экен. Улам бирин суктана карап, бала өзүн дагы да бактылуу сезип турду. Жапжаңы кара костюм, ак көйнөк ага жарашып, атасы да жасанып алган. Экөө жетелеше мектепке барышкан. Анын колуна тутам гүл кармалып да койгон. Аны мугалим эжекесине берди. Биринчи жолу партага олтуруп, өзү теңдүү башка балдар менен таанышкан күнү анын эсинде калды. Атасы болсо, уулун суктана карап:

– Мына, уулум, эми сен чоң жигит болдуң... Эми эркелигиңди да, таарынчактыгыңды да калтырышың керек. Эжекеңдин айтканын жасап, сабакты жакшы окуусаң, жакшы адам болосуң... жакшы жашайсың...деди.

– Сиздей болуп машина айдаймынбы?

– Машина да айдайсың...бирок, сен менден да жакшы адам болушуң керек... чоң кызматтарга иштешиң керек... мен эмне...

– Сиз жакшы адамсыз да, мен сизди жакшы көрөм... -бала, атасын бек кучактайт.

Бала атасы айткандай эле сабагын жакшы окууду. Тамгаларды тез эле үйрөнүп, жаза баштады. Бирок, ушул күндөрдө атасы үйгө сейрек келип, анын ар күнү алган "беш" деген баасын көрбөй жатты. Апасына мактанганы менен ал кайдыгер гана "болуптур... эмне кылайын" деп коет. Анын үстүнө апасы менен ымаласы жакшы эмес. Апасы көп урушат, акыркы күндөрү ачуулу да болуп кеткенсиди. Баланын ар бир баскан турганын, кылган ишин жактырбай эле уруша берет. Тажаган бала апасынан оолак болгусу келет. Анан ачуусун атасы келгенде андан чыгарат.

– Эмнеге үйгө келбей жатасыз...тез-тез келбейсизби? -дейт.

– Колум бошобой жатпайбы... ишим көп болуп жатат... деп, актанат атасы. Анын бул сөзүн уккан апасы,

– Актанбай, туурасын эле айтпайсыңбы?... Силердин керегиңер жок, мен башка бала таап алгамын дебейсиңби?—деп, жиндене баштайт.

– Болду, кайдагыны айтпай, эч кандай бала жок. Иш көп...

– Жаныңды жебе, эмне биз билбейбизби? Эл журт жөн жеринен айткан жок... билип кой, эгер, эл айткандай болсо, таарынбагын...

– Болду эми,какшай бербей,баланын көзүнчө...

– Эмне,балаң билбейт бекен?Бул да угат да акыры...

– Укпайт...жалган...эл айта берет...

– Шамал болбосо чөптүн башы кыймылдабайт да...

– Болдучу...тынчтык болбойт экен да... качан болсун ушу.

– Ии, ошондой болуп калды. Бул жерде тынчтык жок. Тиги жагың мемиреген тынчтыкта, ысык...баары жакшы...

– Ушинте берсең анан... эмне кылуу керек деги?... атасы, айласын таппай алдастайт да, колун шилтей, шарт сыртка чыгып кетет. Көчөдө турган машинасын айдап, жолуна түшөт. Анан кыйлага жок болуп, бир күнү келип калат. Баласы экөө катуу учурашышып, жыттагылашып, сагынычтарын жазышат. Аны карап турган апасы, дагы деле, какшаганын баспайт. Баланы талашып, атасы экөө кыйлага урушушат. Бала болсо,атасынын мойнуна жабышып,андан ажырагысы келбейт.

– Тим гой, сагынычын жазып алсын ... деп, атасы баласын катуу бооруна сыгып, бетинен өпкүлөйт.

– Баладан айлан, эмне бала керек болуп калдыбы? Тигиниңди туудуруп албайсыңбы? -деп, баланын колунан тарткылайт апасы.

– Болду эми, тим койсо?

– Эмне кыласың? Тим койбой эмне келет колуңдан?...апасы, эми жулунуп, атасын да жулкулдата баштады. Кана колуңдан эмне келет? Урасыңбы? —атасын сүзгүлөй баштады.

– Урбайм... сени урганча тиги дубалды муштап алганым жакшы. Эч нерсе кылбайм. Баланы жайына кой. Сагынычын жазып алсын.

– Сагынат десең мандайында олтурбайсыңбы? Бирөөгө күч күйөө болуп, эшигин сагалабай. Эмне үйүңдөн жылаан чыктыбы? Мен эмне дубалга тең болуп калдымбы?

– Тилиң жаман сенин...тилиңден таап жатасың?

– Ии, тигиниңдин тили ширин экен да? Тим эле шимип, мокумуң канбай жатабы? Баланын балакетин албай, бар кет. Келбе экинчи, караанынды көрсөтпө... чыгып кет... апасы, ач айкырыкты салып, баланы атасынын колунан күч менен жулуп алды да, атасын сүзгүлөй баштады.

– Кет деп жатамын... балакетимди албагын... баладан айлан... балаң жок сенин... балаң өлгөн сен үчүн.

– Болду какшаба деп жатамын. Сен ушиңте берсең ким келет аа? Баарын кылган өзүңсүң го?

– Мен эмне кылдым? Кайсы жазыгым үчүн? Бириңди эки кылып, үйүңдө үңкүйүп олтурганым үчүнбү? Ошол үчүн тиги шуркуяга алмаштырып салдыңбы? Балаңдан да кечип жатасыңбы?

– Эч ким кечкен жок... сенин уу тилиңден тажадым. Бир жолу жакшы сүйлөп, жакшы мамиле кыла алдыңбы? Тээ башынан эле ушундай го. Бала үчүн гана чыдап келдим, же болбосо? Дагы деле ушул бала үчүн келип жатамын билсең? Жапжаш туруп тилиң уу тим эле?

– Ооба, тили балды таап алгансың да, ошон үчүн... Ушунча жыл чыдап эле келдиң эле го. Бар, кет... чыгып кет сенсиз да тиричилигибиз өтөт... Көзүмө көрүнбө... апасы, эми чындап жиндfestival да, атасын түрткүлөп, сыртка чыгарып койду. Ошондон кийин атасы үйгө көп келбей калды. Бала болсо сагынат. Апасына айтып ыйлайт. Апасы эч нерсе билбеген, көрбөгөндөй сумсаят.

***

Бала сабактан келген. Короо ичи жымжырт. Адатта апасы короо тарапта жүрчү. Апасы канткен күндө да таза келин. Короолору зымылдап таза турат. Атасы тиккен бакты да жакшы карайт. Бирин экин малдары бар. Алар турган сарайды да тез-тез тазалап турат. Баланын үстүнө чаң жугузбайт. Айылда жакшы эле баркы бар. Тамакты жакшы жасайт дешип, айылдагы жакшылык-жамандыкта апасын көп алып кетишет. Дагы ошондой бирөөлөр алып кеткен го деп, үй тарапка бет алды. Тиги кичине бөлмө тараптан кимдир бирөөлөр сүйлөшүп жатышкансыйт. Терезе түбүнө келип, ичкери тарапка кулак түрдү.

– Кудайды карасаң боло, ошондой да кыласыңбы?

– Ажеп болот, дагы чала ага. Мындан да жаман болот эле, тиги кошуналары келип калбадыбы, болбосо барбы, тытып салат болчумун, ал шуркуяны.

– Койбойсуң, тытып салганда эле жыргамаксың, ансыз да, оңдурбаптырсың?

– Чала болот дедим го. Аны бирөөнүн ак никелүү күйөөсүн бузуп ал дептирби? Эмне катыны жок, каңгып жүргөн эркектер табылбай калдыбы?

– Ага өзүң күнөөлүүсүң балам. Баарың жакшы, ушу тилиң жаман сенин.

– Баарың ушуну айтасыңар. Эмне дудук болуш керекпи? Сөз келгенде айтасың да...

– Ченеми менен болот. Кимге эмне деп айтышты билиш керек. Күйөң жоош момун неме болчу го. Ал жөн кетпейт эле, өзүң айткандай бир шуркуяга барып жабышпайт эле, баарын өзүң кылдың да. Эми тим жүргөн немени барып жулмалап, анын агалары райондо чоң болуп иштейт дешет, сотко берип салса эмне кыласың? Сенин кимиң бар деги таяна турган? Жөн эле жүрө берсең, акыры андан да тажаганда өзү келет эле го?

– Келбей эле койсун... кереги жок эми... баламды өзүм эле багып аламын.

– Антип, оозуңду куу чөп менен аарчыба. Эркектин орду башка..

– Ошого окшогон эркектен баарынан жогу.

– Чоң сүйлөбө балам, мына ушундай кесирлигинден, ушу болуп жатат.

– Ага мынча жаныңыз кейиди? Чала болот деп жатам го... мен ага дагы көрсөтөм... тим эле эл карагыс кылып, бетине так салам дейсиз.

– Болду кайдагыны айтпай...быягы тынч болсо экен?

– Коркпой эле коюңуз...Сотко бере берсин. Кайсы бети менен берет экен? Эмне, мен мунун ак никелүү күйөсүн тартып алдым эле, анан мени келип жулмалап салды дейби?

– Кантсе да, туура эмес кылдың балам... ичкери тараптагылар апасы менен таэнеси экенин билди бала. Таэнесин да жакшы көрөт. Булардыкына көп деле келе бербейт, бирок, келген сайын балага деп ар нерсе ала келет. Бала ошондон үмүт кылдыбы, бөлмөгө шаша кирди, таэнесинин мойнуна асылды.

– Оо, каралдым, кичинекейим менин, сабак бүттүбү? Жакшы окуп жатасыңбы?.. деп, таэнеси да баланын жүзүнөн аймалап өптү. Анан чөнтөгүнөн түрлүү момпосуйларды алып чыгып баланын колуна салды. Дасторкон четине койгон түйүнчөгүн чечип, балага деп атап келген дагы белегин берди. Бала аларга назар салбай эле, колуна тутам болуп кармаган шириндиктерин сумкасына сала баштады.

– Таэне, атам качан келет? -деп койду.

– Билбейм каралдым, жумушунан колу тийбей жатса керек, келет да. Сен сабагыңды жакшы окуусаң, атаң тез келет.

– Жакшы эле окуп жатамын. Күндө “беш ” аламын. Атам келип көрсө сүйүнөт го.

– Ап бали, ошондой, жакшы оку. Атаңды сүйүнтө бер... таэнеси, эми жашый кетти.

– Жакшы окуп, жакшы адам болом. Жакшы жашайм, атам айткан... Атамды кыйын сагындым. Ушу малчылары жаман жин-

ге тийди да... деп, кимдир бирөөгө ачуусу келе, бала ыйламсырап да алды.

– Тур, бежирей бербей, кийимдериңди которуп кел. Чай ич-апасы, анын оюн бөлө, силкинип алды. Апасынын кабагына каар жаап калганын баамдаган бала, үн катпай сыртка жөнөдү.

Ошондон көп өтпөй атасы келди. Баланын кубанычы ашып ташып турду. Адатындай эле атасынын мойнуна асылып, түшпөй койду. Апасы болсо, колунан тарткылап, экөөнү ажырата албай кыйналат.

– Балакетимди алганы келдиңби, эмнеге келдиң, бар жогол? -деп, атасын түрткүлөйт.

– Эмне ага бардың? Эмне кылгансың? Таптакыр тытып салыпсың го? Ушундай да акмак болосуңбу яя? Ал сага эмне кылды?- атасынын катуу сүйлөгөнүн эми укту бала. Апасына ачуусу келип, бир бозоруп, бир кызарып ушуларды айтып жатты.

– Чала болот... тытмак түгүл өлтүрүп салсам да аздык кылат. Закон бар да, же болбосо, экөөңдү кошуп, мемиреп, жыргалга батып жаткан жериңерден өрттөп салат болчуумун.

– Акмак десе, сага айла жок экен. Сага кудайдын да алы жетпейт тура. Ал бечарада не күнөө? Сага эмне жамандык кылды дейм.

– Эмне ушу кылганы жамандык эмей эмине? Ак никелүү эримди тартып алып жатпайбы? Ошо ага аздык кылабы?

– Тартып алып, эмне мен биротоло кеттимби? Сени таптакыр таштап салдымбы яя? Сенин уу тилиңден тажагандан, утурумдук алаксыйын деп эле, келет элем го, сен кичине оңолсоң, аркы-беркини ажыратып калганыңда?

– Эмне, кемпир болуп калганымдабы? Мен кантип чыдаймын. Мага да жан керек, мен да жашмын го акыры. Андан эмнем кем эле, кайсы жазыгым үчүн ошол шуркуяга менин намысымды тебелеттиң?..апасы, буркан-шаркан түшүп ыйлап жатты. Анан жин тийгендей, ордунан атып турду да, атасын сүзгүлөй баштады.

– Кет... тез кет... жогол...көзүмө көрүнбө... өлүгүң келсин ушул үйгө... деп, чачы башын аймалап, өзүнүн бети башын тыта баштады. Анын мындай абалын көргөн атасы, шарт ордунан турду да, чыгып кетти. Ошондон бери атасын катуу уйкуга кеткен абалында эми көрүп олтурат бала.

***

– Жүрчү уулум, бак жакка кирип келели. Канча болду кирбегениме... чоң энеси, үңкүйүп олтурган баланын жанына келди да, бак жакка басты. Бала анын артынан ээрчип эшик алдындагы калың бакка кирди. Чоң энеси бакка киргенде элс, эмшиңдеп ыйлай баштады.

– Шоруң каткыр ай. Ушунун баарын өз колу менен тикпеди беле. "Көп балдарым болот, ошолор ойнойт, мөмөсүн терип жешет" - дечү тилегиң каткыр. Бир момун эмес беле? -чоң энеси эмшиңдеп ыйлай, алдыда баратты. Бала анын артынан, ичинен солкулдап, чоң энеси сүйлөгөн сайын өксүп алат.

– Балдарымдын ичинен бир башкача эмес беле. Колу гүл, кылган ишинин майын чыгарып. Шоруң каткыр ай... эмне жазыгым бар элс, шордотуп кетпедиңби апаңды... улам, жүз аарчы менен көзүн аарчыйт да, кайра элс ыйлайт. Анан чоң түп өрүктүн түбүнө келип, тык токтоду да:

– Шоруң каткыр, ушул өрүккө асылып алган тура. Өз ажалына тиккен экен да-а... чоң энеси, жер таяна олтура кетти да, уңулдап көпкө ыйлады.

– Кантип асылды, эмне кылып?– бала, эч нерсеге түшүнө албай турду.

– Тиги шагына жип байлап...анан асылып алган тура. Эмне жанына күч келди экен аа? Кайсы шайтан түрттү өз жанын кыйганга?

– Асылса элс өлүп кала береби? -Бала дагы да чоң энесинин айткандарына түшүнө албай турду.

– Анан эмне болмок элс... муунуп калды да... чоң энеси, эми

ого бетер өксүп жатты. Бала да өксүдү. Экөө кыйлага чейин бири-биринс көңүл айта албай, бири-бирин соорото албай олтурушту. Анан ар жылы мөмөсүн төгүп, сапсары болуп бышып турчу бул чоң түп өрүктүн баш жагына көз чаптырды. Мелүүн желге жалбырактары жай гана ыргалат. Эч нерсени сезишпей, мындан бир канча күн мурун ушул жерге анын атасы асылып алганын көрбөгөндөй жымжырт. Өрүк балага жаман көрүндү. Ордунан турду да, өрүктү тепкилей баштады.

– Сен өлтүрдүңбү атамды...сенби? Мен сени жок кыламын... мен сени кыйып саламын азыр... атам сага эмне жамандык кылды элс аа? Өрүктү бирде тепкилеп, бирде ургулай баштады. Анын бул кылыгын карап турган чоң энеси ордунан турду да:

– Кой балам, мында күнөө жок... аргасы кеткенде ушул жерге келген да шорун каткан атаң, мында не күнөө...Жүр кеттик үйгө деп, алдыга түшүп, үй тарапка басты. Бала анын артынан жүргөн жок. Турган жеринен жылбай, улам өрүктү ургулап, тепкилеп кост. Оюна бир нерсе түштүбү, короо тарапка барып, чоң балтаны алып келди. Аны менен өрүктү чапкылай берди. Чоң балтаны араң шилтеп, чарчай да түштү. Картаң өрүк баланын бул кылыгын шылдың кылгандай, тим гана туруп берди. Сырткы кабыгын да чаап ала алган жок. Кыйла убараланды. Катуу чарчады. Атасы экөөнү түбөлүк ажыратып салган картаң өрүктү жок кыла албасын туйду да, мал сарайга кирип, торпок байлаган жипти алып келип, бир учун шагына ыргытты.

***

Баланын муздап калган денесин эртеси таңында өрүктүн шагында асылып турган жеринен табышты. Эми бул үйдө кайрадан ызы-чуу башталды.

# КӨШӨГӨ

*(аңгеме)*

Шаарбүү кемпирдин шаардыктар үчүн айран-сүт сатып калганына анча деле болгон жок. Бул ойду кошунасы Айдай деген келин айткан.

– Бир башыңыздан ашып деле калат. Карап турсам дайыма бекер эле таратып жибересиз. Эмне ашыкча дүйнө баш жармак беле, кичине тыйын тыпыр да болуп калат, шаарга алып барып сатпайсызбы?-деген.

– Койчу ботом, акты да сатчы беле? Кайдагыны айтпачы?-деп, бир силкинип алган.

– Кызыксыз да, актыкты сатпайт деген заман өткөн азыр. Сиз азыр кайсы кылымда жашап жатасыз? Актык эмес, азыр адамдын жанын да сатып жатышпайбы?

– Койчу-у?

– Ооба, керек болсо, адамды союп туруп, анын ичеги карынын бирден сатат экен. Жанагы жүрөгү ооругандар, бөйрөгү иштебей калгандар болот го, ошолорго салат экен.

– Жомокту айтпачы, кантип эле?

– Тиги телевизорду көрсөңүз, ошондо айтып жатпайбы?

– Телевизоруң айта берет да...

– Чын айтам эже, элге канча берсеңиз да жакпайсыз, андан көрө базарга алып чыгыңыз, же, жанагы көп кабаттуу, мындайча айтканда этаж үйлөр бар го, ошол жерлерге барып турсаңыз эле, өздөрү келип сатып алышат.

– Кой, кайдагыны айтпа...-деп, биринчи жолу кол шилтеп койгон. Кошуна келин ушул оюн дагы эки үч жолу айтты. Так секирип жаткан кемпир, эми ойлоно баштады.

***

Бир күнү атайы шаарга келип, базар аралады. Ырас эле, өзү менен жашташ, андан жашыраак кыргыз аялдар тизилип олтуруп алышып, айран, сүт, каймак, сары майына чейин сатып жатышат.

– Ата-бабаларыбыз актык сатпайт дечи эле, бул олтурганыңар кандай? -деди, алардын жанына барып. Базарчы аялдар "асмандан түшкөнбү, бу кайдан келген неме" дегенчелик, таң кала карап туруштү, айрымдары каш серпип, кемпирди шылдың карап коюшат.

– Сиз кайдан келдиңиз? -деди, жашыраак келин.

– Бул эле айылдан. 15 мүнөттүк жол.

– Анан, ушул эле жакын жерде жашап туруп, али күнчө кабарыңыз жокпу? Актык эмес, азыр базарда баарын сатат. Тиричилик да.

– Чыны кабарым жок экен, кошуна келин айтса, ишенбей койдум эле. Мен замандан артта калган экмин... Көр тирилик менен жүрүп, баарынан артта калган турбаймынбы?..- деп, өзүн айыптуудай сезип, алардын жанынан басып кетти. Артынан бирөөсү:

– Эже, арткан айран-сүтүңүз болсо, алып келе бериңиз,с атып беребиз-деди.

– Ээ, каякта, тим эле билейин дегемин...-деп, койду.

Кемпир үйүнө келип, ойлоно баштады. "Карасаң, жалаң кыргыздын аялдары. Баары эле базарчы болуп кеткен го, укмуш үйрөнүшүптүр да, тим эле шыпылдашат. Ата-бабабыз соодага жок эл элек. Ырас эле, тиричилик да..." деп койду. Кошуна келин, анын үйүнө күнүнө бир убак кирип турбаса башы ооруйт сыягы. Майда барат нерселерди сурап делс кире берет, тим деле кире калып, аркы- беркини айтып кетет. Дагы кирип калды.

– Каякка бардыңыз?-деди, алыстан эле үн салып.

– Шаар жакка.

– Жөн элеби?

– Жайынча эле...сен айткандар чын тура.

– Кайсы?

– Тиги, шаарда актык сатылат, азыр баарын сатат дегендерин.

– Ооба да, баарын сатат...

– Ошо, өз көзүм менен көрүп келдим.

– Ишендиңизби?...Эми уялбай эле, ашкан айран-сүтүңүздү сата берсеңиз болот. Ансыз деле үйдө олтурасыз, зеригип деле кетсеңиз керек. Мен болбосом, таптакыр...

– Аның ырас...-деп, койду кемпир, оор үшкүрүп. Анан кошуна келин экөө сөөрүгө олтуруп чай ичишти. Аркы-беркиден кеп салып, кыйлага олтурушту. Бул ирет кошуна келин, аны ынандырды окшойт.

– Сиз базарга чыкпаңыз, жанагы этаж үйлөрдүн алдына эле барсаңыз, өздөрү сатып кетишет.

– Болуптур, ошентип көрөйүн... деп, келинди узатып койду. Дарбазадан чыгып баратып да.

– Эртең, мен өзүм ээрчитип барам, көрсөтүп коем- деп, эскертти келин.

Экөө убадалашкандай эле таң эрте автобуска чыгышып, шаарга келишти. Аялдамага жакын турган көп кабаттуу үйлөрдүн алдына келгенде:

– Айран келди...сүт келди... айран... жаңы айран... нак сүт... деп, келин, үнүн бийик чыгарып кост.

Айткандай эле улам биринин артынан экинчиси келип, алар көтөрө келген айран менен сүттү заматта талап кетишти. Кемпир буга ишенип да ишенбей да турду.

– Мына көрдүңүзбү? Мен айттым эле го... деп, келин жеңишке жеткендей дердеңдеп алды.

– Ооба, ушинтип күндө келип турса болчуудай.

– Күндө келе албасаңыз да, күн аралап, каймак да жасап, келип туруңуз... ашыктык кылбайт... Анан экөө чоң базарга киришип, майда-барат буюм тайымдарды сатып алышты да, ашканага кирип, ысык тамак ичкен соң, айылга жол тартышты. Түшкөн ак

чаны санаса, кыйла эле бар экен. Аны жүз аарчыга ороду да, сандыгынын түбүнө салып койду. Эртеси да келди кечээ күнкү жерге.

– Айраныңыз ширин экен эже, эми күндө келип туруңузчу? - дейт, кичинекей чепилдеген кыз.

– Жактыбы?

– Аябай, апамдар, кечээки кемпир келгенде, карап туруп, ошондон гана алгының деп, акча таштап кетишти-дейт, тиги кыз.

– Ой, азамат, сен чоң кыз турбайсыңбы, апаңдын айткандарын жасап...

– Эми күндө келесизби?

– Билбейм, күн аралап келем го.

– Күндө келе бериңизчи? -Биз айранды жакшы көрөбүз. Сиздин айран майлуу экен. Атама да жаккан болчу. Көптөрү суу кошуп коюшат экен го. Сиздин айран тим эле кант кошкондой экен... жалооруй тиктейт чепилдек кыз.

– Болуптур кызым, күндө келем... кемпирдин жүрөгү бул кызга элжиреп турду. Шише банкага толтура айран куйдуруп алган ал кыз тепилдеп үйүнө кирип кетти. Анын артынан дагы келишти. Көтөрүп келгендери заматта түгөндү. Көп кабаттуу үйдүн алдына коюлган орундукка көчүк басып олтура кетти. Маңдайдагы үй тарапта да бир аял актык сатып жаткандай болгон. Ал да ала келгендерин түгөткөн окшойт, Шаарбүү кемпир тарапка басып келди.

– Амансызбы эже? -деди, тиги аял.

– Аманчылык айланайын.

– Мурда жок элеңиз?

– Ооба, аз эле болду.

– Кайдан келдиңиз?

– Мобу эле айылдан.

– Ушул үйгө эки бала келип сатышчу. Алар көрүнбөй калышканынан кээде мен келип...

– Эмне,бөлүштүрүп алгансыңарбы?

– Ооба да, антпесең болбойт да...

– Анда мен туура эмес келген окшоймун.

– Жок, эже, келе бериңиз. Жанагы балдар келбей калышты окшойт, -тиги аял туура эмес сүйлөп алдымбы деп, тыпырап кетти.

Анан экөө жакшылап таанышышты. Аялдын аты Зире экен. Актык сатып, балдарына тыйын тыпыр чогултканына 2 жылдай болуп калыптыр.

– Эки кызым шаарда окуушат, окууларына акча төлөшөт. Үлүш жерибиз, бирин-экин кара мал, кой-эчки деле бар. Баары бир жетпейт экен. Тиричилик кылгандын уяты жок да- дейт, ал. Экөөнүн жаш жагынан айырма болгону менен тез эле ымалашып кетишти. Күндө бир маал жолугуп, аркы беркини сүйлөшүшөт. Көтөрө келгендерин сатып бүткөн соң, кыйлага олтурушат. Бир күнү:

– Бир тууган сиңдимдин уулу түндө кыз качырып келген имиш. Жакшы эле тааныш болуп калдык, мени менен барып, келин көрүп келбейсизби? -деп калды тиги аял Шаарбүү кемпирге.

– Таанибаган жерге уят го? -деп, тартынчыктады ал.

– Мени таанийсыз го акыры. Мен ээрчитип баратам го.

– Ушул кебетем менен ыңгайсыз дагы.

– Жакшынакай эле болуп турасыз. Мындан артык эмне, жүрүңүз эми-деп, жалооруй караганынан, "макул" деп койду.

– Базарга барып келинге жакшы жоолук алайын. Үйдөгүлөр болбойт экен. Анын үстүнө сиңдим да тырчыя берген неме. Колунда бар да, анча мынчаны тоготпойт... деп, койду тиги аял. Экөө базарга киришип, аппапак жоолук алышты.

– Өзүң айткандай жакшы эле тааныш болуп калдык, мен да кур кол барбай, келинге бирдеме алып алайын -деп, Шаарбүү кемпир чачысы төгүлгөн аппак жоолук алды. Таксиге түшүшүп, дарбазасы кыпкызыл болгон, заңгыраган үйгө келишти.

– Сиңдим күйөөсү экөө тең көп жыл соодада иштешкен. Колдорунда бар немелер. Жалгыз эле уулу бар. Байлыгың курусун, сиңдимдин жүрөгү ооруйт. Ден соолук болбосо, акчаң деле бир

тыйын го чиркин. Кай жакка барбады, айыга албай жүрөт. Көзүм тирүүсүндө баламы үйлөп, жайлап койсом экен деп, зар какшачу эле бечара синдим. Баласы да окуйт элем деп, убактысын өткөрүп жиберди да. Тилегине жеткен тура... -деп койду тиги аял жолдо келе жатканда.

– Дарбаза ачык экен. Эки узун орундук коюлуп, үстүнө жапжаңы жер төшөк салынган. Короо ичи да кенен экен. Ары бери жүгүрүп кызмат кылгандар жүрөт. Той шааниси башталгандай. Дарбазадан жаңы гана кире беришкенде, кызыл жүздүү, болугунан келген аял аларды утурлай басты.

– Куш боо бек болсун! -деп, Зирс алыстан эле үн салды.

– Эрте келсе болбойт бекен? -тиги болук аял, негедир таарынычтуу сүйлөй, кучак жайды. Үй ээси жана Зиренин синдиси экенин аңдады. Эже-сиңди катуу учурашышты. Бети баштарын аймалашат тим эле. Анан Шаарбүү кемпир да, той ээсин ысык куттуктап, бетинен өптү. Кызыл жүзү нурданган болук аял, аларды ичкери кирүүгө ишарат кылды. Эки кабат салынган, заңгыраган үй Шаарбүүнүн суугун арттырды. Баары ирettүү, таптаза, жашоолору ырасында да мыкты экендиги байкалып турат. Үй ээсинин артынан ээрчишип, тиги чоң үй тарапка киришти. Сыртынан ичи кооз, дубалдары жалтырайт. Кире бериштен тартып кооз килем төшөлгөн. Өзүн ыңгайсыз сезген Шаарбүү кемпир бурчка туруп калды.

– Кириңиз, кире бериңиз... келин төркү бөлмөдө -деп, үй ээси аларды башка бөлмөгө ээрчитип жөнөдү. Кенен бөлмөнүн бир бурчуна аппак көшөгө тартылыптыр. Экинчи тарабында дасторкон жайылып, үстү түркүн даамга толгон. Зирс көшөгөнү ачып, ага ийиле салам берген апакай кыздын бетинен өптү да, ала келген жоолугун башына салды. Жаш келин ага дагы бир жолу ийилип, салам салып койду.

– Бактылуу бол айланайын, алганың менен тең кары... деп, алкап да койду. Анын артында турган Шаарбүү кемпирге кезек бергендей, кетенчиктеди. Ийилген назик кыздын бетин ача бе-

рип, турган ордунда катты да калды. Экөө тиктеше түшүштү. Маңдайында аны тиктеп турган жаш келинди жазбай тааныды. Ал да Шаарбүүнү тиктеген бойдон туруп калды. Анан көздөрүн алаңдатып, тургандарды кыдырата карады да, жүзүн жоолук менен жапты. Шаарбүү кемпир колуна кармап турган жоолугун келиндин башына сала албады. Денесин калтырак басып, муундары титирей, өзүн жогото баштады. Өң алеттен кете, дубал сүйөнүп олтура калды. Анын бул абалын байкаган Зире колунан сүйөй, өйдө тургузууга аракеттенди.

– Эмне болду сизге? Ооруп турасызбы?-дейт, айласы куруй.

– Азыр... азыр, башым айланып кетти... азыр өтөт баары... сыртка чыгайынчы... бир колу менен башын басып, бул жерден тез чыгып кетүүнүн амалын кылды. Бир колунда жоолук.

– Суу алып келгилечи...суу...-үй ээси да, сырттагыларга үн салды. Өң алеттен кеткен кемпирдин бетине суу чачышып, бири тырышкан колдорун кармалап, сыртка алып жөнөштү. Короо ичиндеги орундукка олтургузушту.

– Эмне болду сизге... мындай ооруңуз жок беле?-дейт, үй ээси да алдастай.

– Оорум деле жок...башым айланып кетти...карылык го?— кемпир терең дем ала, үн катты. Өзүнө келе баштагансыды. Бир заматта мындагылардын баарынын көңүлү ал тарапка бурулуп, бири ысык чай көтөрүп келсе, дагы бири айран алып келе койду. Ысык чайдан бир эки ууртады да:

– Ырахмат айланайындар...силерди да убара кылдым окшойт...таңында чай ичпедим эле, ошонуку го. Карылык да...- деп, дагы да актанат – Кой мен барайын.

– Олтуруңуз кичине, өзүңүзгө келип алыңыз, анан барасыз да?...- "кайдан да ээрчитип келдим эле" дегендей, Зире да ыңгайсыз болуп турду.

– Барайын ...жакшы болуп калдым...Шаарбүү кемпир бул жердегилердин канчалык өтүнгөнүнө ынаган жок. Ордунан турду да, жай басып, көчөгө чыкты. Кенен дем ала, сапарын улады. Дарбаза алдына бир топ машина келип токтоду.

– Жеңелери келди, ой, чыккыла, жеңелерин тоскула- деген үн угулуп жатты тиги үй тараптан...

***

Тиги алыскы шаарда окуп жүргөн уулунан телеграмма алды. Кыска гана жазылыптыр "Апа, келин алып баратам, күтүп алыңыз". Кемпирдин сүйүнүчүн айтпа. Айыл апанын баарына кабар айттырды. Келин кезекти жыйып, нан, боорсок, каттамасына чейин жасата баштады. Жашыраак кыздар келип, короону зыпылдата тазалашты. Баласынын алыскы шаарда окууганына кыйла болуп калды. "Шашпа апа, окуумду быйыл бүтүп, анан үйлөнөм, аз калды. Сизге бап келген кызды келин кылып берем" -деп, кеткен кышта келгениндс. Апасына тез-тез кат жазат, кээде телефон менен сүйлөшүшөт. "Жалгыз бала болсо да, апасына күйүмдүү, акылдуу өстү" дешип, айылдагылар жакшы көрүшөт. "Элпектигин айтсаң, кандай бактылуу кыз жолугат экен" деп, кыз-келиндер да кеп сала коюшат. "Окуумду бүтүп анан үйлөнөм" деди эле го, эмнеге шашты экен?"-деп, кост эне ичинен.

Чаңын ызгыткан эки жеңил машина анын үйүнүн дарбазасынын алдына келип токтоду.

– Келин келди, сүйүнчү...келин келди...келишти..дешип, айылдагы балдар машина менен тең жарыша жүгүрүп, короого киришти.

– Болсун...болсун...мына азыр..азыр чыгам...айланайыным.-..апаңды ушинтип сүйүнткөнүңдөн сенин... Шаарбүү кемпир, камдап койгон жоолугун таппай алдастады.

– Кана жанагы мен камдагандар, кайда кетти? Сары май алып чыккыла... болгула...бир галошун кийип, экинчисин таппай да убараланды. Терезеде турган аппакай жоолукту анын колуна карматышты.

– Айланайыным...каралдым...ушул күндү күттүм эле да...айланайын...-деп, сүйүнүчтүн жашы бет ылдый куюла, биринчи уулун өптү. Анан машинадан али түшө элек кыздын алдына барды. Апакай назик кыз, жер карап, уялыңкы гана салам салды.

– Айланайын түшө гой... мына үйүңө келдиң балам...түшө гой...- тиги кызга олдоксон жалбарат.

– Апа, тим эле түшө койбойт да, жеңелер келип, түшүрүп алышсын-деди уулу кулагына шыбырап.

– Ай катыгүн десе, эсиме жара чыккан тура... ооба, ошентиш керек да...- деп, анан үй тарапта жардап турушкан келиндерге үн салды.

– Ай келиндер, эмне карап турасыңар, келбейсиңерби бери.. каадасын кылбайсыңарбы?- деди. Ушуну гана күтүп турушкандай, келиндер, жүгүрүп жетип келишти.

– Түшө гой...дешип, кыздын колунан акырын кармашып, сыртка тартышты. Ийменген кыздын бетинен биринчи болуп Шарбүү кемпир өзү өптү да, ак жоолугун башына салды. "Бактылуу бол айланайын, алганың менен тең кары"-деп, алкап жатты. Анан кызды үйгө киргизишип, бурчка алдын ала тагып койгон ак көшөгөгө киргизишти. Уулунун достору, бирге келишкен келиндин курдаштары баары үйгө киришип, дасторкон четинен орун алышты. Кемпир бар дүнүйөсүн чачып жатты. Дасторконго түркүн даамдар жайылып, тим эле көлкүп турду ал. Анан айылдын аксакалдарын кеңешке чакырды.

– Кыздын кай жерлик, кимдин кызы экенин тактайлы да, ата-энесине жуучу жиберели, Кандай дейсиңер ?-деди.

– Туура, антпесе болбойт да, бул да бирөөнүн алпештеген баласы- дешти тигилер да. - Азыр эле жөнөш керек, эрте күндү кеч кылбай. Алыс жердин кызы болсо, жетишти айт. Камдаганыңыз барбы?

– Бар эмей, жалгыз уулум болсо, тапкан ташыганымдын баары ушуга да. Ачуу басарына, алдына түшмөйүнө деп, өз өзүнчө камдап койгомун-деди. Анан уулун чакырып, кыздын ата-энесин, жерин сурады. Кудай жалгап, алыс жердин кызы эмес экен. Бул эле турган шаарда өсүптүр. Ата-энеси ошол жерде турушат экен, атасы бир чоң мекемеде жетекчинин орун басары, апасы мугалим экен. Беш бир туугандын улуусу тура.

– Алар да тун баласын ойдогудай кылып турмушка узатууну самап жүрүшкөндүр, ошон үчүн баламан эч нерсени аябаймдеди кемпир чечкиндүү. Айткандай эле ачуу басарына деп, куйруктуу кой менен кошо 10 миң сом акча, алдына түшмөйүнө деп, 20 миң сом нак акчаны жуучулардын колуна карматты да, кыздан алакандай кат жаздырып алып, жөнөттү. Короодо болсо той камы. Кемпирдин турак жайы айылдагылардан ашып деле кетпейт. Жапызынан келген 4 бөлмөлүү чакан үй. Өзүнчө эки бөлмөлүү ашканасы да бар. Багы да короосу да кенен. Тиричилиги элдикиндей. Шаарбүү кемпирдин айылда жакшы эле баркы бар. Ошондон уламбы улуусу да кичүүсү да тикесинен тик туруп, кызматын кылып жатат. Чоң казанда эт кайнап, самоордо чайы беленделип, айылдагылар келин көрүшүп, той шааниси улана берди. Бирок, кемпирдин көңүлү тиги кудалар тарапта. "Кандай кабыл алышты экен, жуучуларга эмне деп жооп кайтарышты? Сүйүнүчтүү келишеби, же? Экөө тең билимдүү, кызматкер немелер болсо, туура түшүнүшөөр..." деп, өзүн алаксытат, бул аралыкта көшөгө ичинде үлбүрөп олтурган кыздын үстүнө эки ирет кирип чыкты.

– Айланайын кызым, өз каалооң менен келдиң беле?-деди.

– Ооба-деп, коет жаш келин.

– Ата-энеңе айттың беле?

– Жок...

– Ии, катыгүн, анда алар каршы чыкса эмне кылабыз?

– Каршы чыгышпаса керек...атам түшүнүктүү киши. Апама бир эки жолу айткамын, укпай койгон.

– Эмнеге?

– Сага азыр күйөнүн кереги жок, окууңду бүт, анан сүйлөшөм деген.

– Окууганыңа канча болду?

– 2-курстамын.

– Менин уулум менен качантан бери сүйлөшөсүң?

– 1 жылдай болуп калды.

– Анан атаңдарга айттың беле ушундай бала менен сүйлөшүп жатам деп?

– Ооба, апама айтсам укпай койгон да... анан... жуучулар кечиккен сайын кемпирдин тынчы кете баштады. Үйгө кирип чыгып, тынчы кетет. Бирде тыпырап жүрүшкөн келиндерге барат, өзүн алаксытат.

Каш карайганда жуучулар суз келишти.

– Ээ, болбоду, иш чатак -деди, жуучулардын эң аксакалы. - Кудаңар жакшы эле киши экен. Унчукпай эле олтурду. Кудагый чакчаңдап, сөз бербей койду. “Кызым жаш, окуш керек. Али 18 ге жашы толо элек. Эртең эле бала басып, олтуруп калабы, мен макул эмесмин, жеңелери барбайт...” -деп, алып баргандарыбыздын бирин да албай койду. Өзүм келем дейт-дешти.

Иш ырасында да чатагына айланаарын туюп турду Шаарбүү кемпирдин жүрөгү. Аңгыча катуу келген жеңил машина дарбаза түбүнө токтоду. Сырттан эле:

– Канаке жанагы ээрсиреген бетсиз? Кайда жүрөт, ким алып келди аны бул жакка, уяты жок десе... мен ага көрсөтөм...- деп, алкынган толугунан келген ак жүздүү аял келе жатат. Алдынан айылдагы кемпирлер, аксакалдар тосуп чыгышты.

– Кулдугубуз бар кызым, кыз силдерде болсо, уул бизде экен. Экөө табышып калыптыр... эми ачууңузду бизге бериңиз... дешти.

– Ээ, баргылачы ары, бала меники, анын келечегин мен ойлошум керек. Силерге эмне?-деп, колун шилтеди да алга умтулду тиги аял.

– Кой балам, антпе, сиздин бала биздин бала болду да. Биз деле бөпөлөп алууга кудуретибиз жетет. Биздин уул да окуйт, ээрчишип тиричилигин кылышат да...-деп, улам колун көкүрөгүнө коюп, ийилип, ага таазим көрсөтүп жаткан абышканын сөзүн да уккусу келбеди.

– Канаке, кайда олтурат? Кайда каттыңар, алып чыккыла бетпакты... эч кандай силерге бүлө болбойт...жаш ал...окуусун бүтүш керек...албуттанган аял, эч кимге баш бербей, үй тарапка басты. Анын сүрүнөн айбыгыша артынан эч ким баскан жок. Баары тур-

ган жеринде туруп калышты. Шаарбүү кемпир эми гана эсине келгендей, тиги аялдын артынан үйгө кирди. Бул кезде аял тагылып турган көшөгөнү серпий салып, ичинде бүрүшүп олтурган кызды колдон алды да, жулкуп тургузуп, жаагына чаап жиберди.

– Бети жок, шуркуя, сага күйөө керек болдубу? Атанды ойлойсуңбу деги. Мына сенин айыңдан жүрөгүн мыкчып, өлгөнү турат. Тур ордуңдан, бас эшикке... Эки бетин басып, кыз солкулдап ыйлай баштады.

– Барбайм апа, мен өз каалоом менен келдим, мен сизге айткамын го. Ошол бала ушул.

– Мага айтканыңдын тыйынча да кереги жок. Окууң эмне болот, ошону ойлодуңбу? Сени не тилек менен окутуп жаттык эле. Тапкан жериң ушулбу? Сен өзү кай жердин, кимдин кызысың? Ошону ойлодуңбу? Атаң ким, кайсы тукумдун баласы, атаңдын, биздин теңибиз ушуларбы яя? Ойлонуп иш кылбайсыңбы? Эртеңкини ойлобойсуңбу, эрсиреген акмак. Бас, алдыма түш!

Албуттанган апасына баш бербей, кыз да көшөрдү. Колун тартып алыш үчүн бар күчү менен жулунуп жатты.

– Кой балам, антпе...эки жашка тоскоол кылбайлы...экөө бири-бирин жактырышса, турмуш куруп кетишет. Эшик аттап калган баланын шагын сындырба?-деп, Шаарбүү кемпир ортого түшө калды.

– Барыңызчы ары, куюшканга кыпчылбай. Али бала бул, эч нерсени ажыратып биле элек. Отузга чыгып калган уулуңар жаш нерсенин башын айландырып койгон да. Кантип жашашат, окуусу эмне болот? Кантип окуутасыңар, турмушуңар бул болсо?...

– Кой балам, антпе, элдикиндей тиричилигим бар. Экөөнү окутуп алганга кудуретим жетет.

– Ооба, көрүнүп турат. Жепирейген тамыңарды оңдоп алганга чамаңар жетпегенден кийин...

– Антип кемсинте бербеңиз?- деди, сырттан үн сала кемпирдин уулу.

– Охо-о, күйөө сен окшойсуң? Кыйын болсоң, салт санаасын

кылып, алдыбызга барып, элдей той жасап албайт белең. Мышыктын баласындай баса калып, ала качпай. Кемсинтпе деп коет, ошого чамаң жеткен жок да. Дагы сүйлөп коет..."тең теңи менен" деп коет.Сен менин кызыма теңелем деп турасыңбы? Абалың алдагы болсо, алыңа жараша таппайсыңбы? Бизди хандын тукуму деп коет. Биздин теңибиз башка билсең?...

– Сиз деле биздей адамсыз да. Эмне асмандан түштүңүзбү? - бала тилин тартпай тиги аял менен айтыша баштады.

– Охо-о, эмитен айтышасың, кийин кандай жакшылык көрсөтөсүң сен мага?

– Анда кемсинтпей сүйлөңүз.

– Сени кемсинткен эч ким жок, мен көргөнүмдү айтып жатамын. Абалыңды карачы. Эң алдын турмушуңду оңдоп, түздөп анан үйлөнбөйсүңбү?

– Турмушум жакшы эле, болот ушул... калганын кезеги келгенде куруп алабыз...

– Уу, шумпай, селсаяк, сүйлөгөнүн кара.... оңдой бер, бирок, менин кызым менен эмес, өзүңө окшогон бир бечара менен- ...Тургула мындай! Бас сен, бүрүшпөй... жыргаган экенсиң... күйөөнүн да мыктысын таап... азыртан айтышат тим эле, тирмезектей болуп, кийин жыргатабы?... эми, албууттанганы күчөп, тартылып турган көшөгөнү жулкуп алды да, ортосунан айрып жиберди.

– Ай балам, көшөгөнү жыртпа ботом, жыртпа көшөгөнү-ү...- деп, Шаарбүү кемпир безилдеп жиберди. -Жакшы эмес көшөгө жырткан...

– Ушулбу таккан көшөгөң, бир бөздү салбыратып илип коюптур дагы, көшөгө деп коет, мынаке...ортосунан бөлүнгөн көшөгөнү дагы барчалап айрып - айрып салды.

– Шумдугуң кур, шумдугуң кур...ушундай да болобу аа?- алдастай түшкөн кемпир, сөз таба албай жатты. Анан ордунан шак турду да, босого алдына узунунан түшүп жата калды.

– Кое бербейм... эч кайда кетпейт...ал менин балам болуп калды... мен жибербейм... кыйын болсоң аттап өт...

– Антип коркутпагыла... али силерге бала боло элек, тим эле энчилеп алышканын кара... алыңарга жараша иш кылгыла... мен минтип эле аттап кетем... деп, кызын дегдеңдете колунан сүйрөп, кемпирдин үстүнөн аттап өтүп, сыртка жөнөдү. Анын алдынан эч ким тоскон жок. Бир гана бала кыйла жерге жүгүрүп барып, кыздын колунан тартты.

– Асыл, Асылка, кайт артыңа...кетпе...кетпегин...экөөбүз жашайбыз да... кетпечи...апаңа айтсаң баарын...апаңа түшүндүрбөйсүңбү? Бири-бирибизди жакшы көрөбүз го...сен акылдуу кызсың го...-деп безилдеп жатты. Анын колун катуу силкken аял, кыздын артына бурулуп, жооп айтуусуна да мүмкүнчүлүк бербей дегдеңдеткен бойдон, сүйрөп баратты аял. Айрылып жерде жаткан көшөгөнү көргөндө эле, баары жакаларын карманып, кудайлап туруп калышкан. Үмүттөрү үзүлө, ичтеринен тына түшүштү. Кызынын башындагы жоолукту да алып ыргытып, дарбазаны шак ачты да, келген машинасына түртүп чыгарып, кандай катуу келсе, ошондой ылдамдык менен чаңын ызгыткан бойдон, жөнөп кетти.

Заматта короо ичи жымжырттыкка бөлөнүп, тургандар кыйлага дейре өздөрүнө келе алышпады. Кемпир жаткан жеринен акырын турду да, оор үшкүрүнүп, олтура кетти. "Катыгүн ушундай да болобу, ушундай да заар, жаман катын болобу яя? Ай балам ай, адашып калган экенсиң да... өз теңиңди эле тапсаң болмок экен..."Өзүнчө күңгүрөнө сүйлөдү да, ордунан туруп, үстү башын кагып, короо ичинде тургандарга келди.

– Мейли, капа болуштун кереги жок...Бешенеси ушул экен баламдын... Башы жаш... башы аман болсо, теңин табар...Эмне кылайын, тилегим башка эле го?...Кыздын түп тегин сураштырса болмок экен да чунак бала... эч капа болуштун кереги жок, бул да болсо баламдын бешенеси... эч киминердин көңүлүңөр чөкпөсүн, капа болбогула... тургандар ага көңүл айтпай эле, ал келгендерге жебиреп көңүл айтып жатты. Аксакал-көк сакалдардан да сөз качты. Үңкүйүп ар жерде кыйлага турушту да, аз-аздап үйлөрүнө таркай баштаты. Кемпир болсо баласын издеди.

– Арзы кайда кетти?-дейт. -Капа болбосун балам, башы жаш али. Баары алдыда... кийинкиси жакшы болсун... деп коет. Баласын тургандардын эч кимиси көрбөптүр.

– Достору менен бир жакка кетсе керек –дешти айрымдары. Кемпир баласына эмне деп сөз айтарын, эмне деп анын көңүлүн аларын билбей турду. Кимдин үйүндө болсо да, чакыргыла деп, балдарды досторунун үйүнө жиберди. Эч кимисинин үйүндө жок экен.

– Кайда кетти экен? Шаарга кетип калдыбы? Шаарга кетсе керек-дешти, Кемпирдин көңүлүн жайгара, бирок, кемпир түнү менен уктаган жок. Казанда кайнап турган эт да калды, самоор толгон чай, дасторкон жайылган боюнча эч ким жебей, ошол бойдон таң атканча турду. Бүт айыл үчүн кейиштүү окуя болгонсуду. Баарынын маанайы суз, ар ким өз-өз үйүнө кетишти. Бир гана уулунун достору түнү менен айыл аралап, баланы издеп жүрүштү. Таң агарып калган ченде, анын айыл четиндеги булактагы чынар теректе асылып алган жеринен көтөрүп келишти...

# ПОРТРЕТ

*(эссе)*

...Ушул портреттин биздин үйдүн бир бурчундагы, килем бетинде илингенине анча да болгон жок. Ак жоолуктун эки учун төбөңүзгө илмек байлап, ойлуу түшкөн экенсиз. Бул балким Сиздин жарыкчылык менен биротоло коштошоор алдындагы акыркы сүрөтүңүз болсо керек. Дартыңызды эч кимге ачык айта албай, баарын ичиңизге катып,саналуу күндөн кийин арзып тапкан уулуңузду биротоло калтырып, кете берээриңизди билген белеңиз. Бул портретти кичинекей, бозоргон эски сүрөттөн алганбыз. Абысыныңыз менен жанаша олтуруп, 5 -6 айлык мени ал колуна кармап алган. Ойлуу турсаңыз да,жүзүңүз нурдуу, жылдыздуу келин экендигиңиз байкалат. Ошол элесиңизди жакшы сүрөтчүгө кол менен тарттырып алдык. Чебер сүрөтчү экен,өзүндөй кылып,жандуу тарткан. Ушул сүрөт менен кошо биздин үйгө кут киргендей болду.

Мен бул сүрөттү 40 жылдан кийин көрбөдүмбү. Ага чейин Сиздин кимдигиңизди эч ким мага айткан эмес. Чоң энем алпештеп, өзү айткандай “тумшуктууга чокутпай,” чоңойтсо, ”мени төрөгөн ушул кемпир экен” деп жүрө бериптирмин. Тага журтум да жакын турушкандыктан, алар биздин үйгө кирип-чыгып жүрүшсө, ушул кемпирдин төркүндөрү болсо керек дечүүмүн.- Чындыкты ошол чоң энемден айрылган күнү билбедимби? Анда эр жетип, жоокердик милдетимди аткарып жүргөмүн. Мага кагаз барды. Ок, ошондо бир ыптам эңшерилип эле кетти . Керемет аялзатынан ажыраганга бүт өрөөн сыздады го. Анын

сөзмөрлүгү, табыпчылыгы да бар эле. Ошондонбу анын ысмын баары жакшы билишчү. Бири "табып кемпир" дешсе, дагы бирлери "кошокчу", экинчиси "бакшы кемпир" деп аташчу. Неси болсо да, чоң энемдин пайдасы элге көп тийген. Өрөөндүн бул бурчунан, тиги башына чейин кыдырып, кичинекей балдарды эмдеп, чоңдор үчүн төлгө тартып кайткан күндөрү болгон. Мектепке бара элегимде чоң энемди ээрчип, жер кыдырып да жүрчүүмүн.Кийин мектепке бара баштаганымда арга жок, ээрчибей калдым.Баргым келет,сабакты калтыргандан корком.

Чоң энемди акыркы сапарга узатып жатканда "апалап" жер муштай кабыргам кайышып,өксүп жатканымда мага айтышты. "Сени тууган аял башка,ал сен алты айлык наристе кезинде эле, ич келте дартынан көз жумган. Бул кемпир сени бооруна басып, ак мамагын аймалатып, мээримин төгүп чоңойтту. Анын жакшылыгынан сен өз энең башка экендигин билген да жоксуң.Ошон үчүн апалабай, эне деп ыйла" дешти. Оозуң көнүп калса, кантип "энелейсиң"?"Апалап", боорумду мыкчый, сыздай бердим. Бирок, "апамды" кайрып ала алган жокмун... Эми биротоло томолой калганымды ошондо сездим...

Арадан жылдар агылып өтө берди. Үй бүлө күтүп, бала чакалуу болуп,очор-бачар өмүр кечирип жаткан кезде бул сүрөттү мага беришти. Таэжеңем катып жүргөн экен.

– Апаңдын жалгыз сүрөтү. Жарыктык билгендей түшүп койгон экен да. Сен төрөлгөнү жакшы боло албай жүрдү.Ооруканага жаткыргыла деп, канча айттык. Тиги "бакшы" чоң энең "өзүм эле айыктырам"деп, кашайып, үйдөн чыгарбай койду да. Ичим эле бурап ооруйт- дечү. Анын үстүнө аябай эле жаш болчу. 15 жашында турмушка беришкен. 16сында сени төрөдү. Кара торунун сулуусу эле. Мектепти 4 класс гана окууду. Анан бой тартып келе жатканда, үйдөн чыгарбай коюшту. Окусам деп,ынтызарланчу. Атамдар окутпай да коюшпадыбы"-деп, таекем эми гана апам тууралуу сыр төгүп жатты.

– Же кыз кезинде бир сүрөткө түшпөптүр- деп,өксүйт таэ-

4*

жеңем. Ушуну тиги абысыны катып жүргөн экен,таекең жалдырап жатып, сен тиги жакта иштеп жүргөнүңдө сурап алган.Кыйла болуп калды. Сага берели деп,сааты чыкпай жүрбөдүбү-деп,-кошумчалайт.

– Апам тууралуу дагы айтсаңар? -дейм мен аларга, колумдагы саргайып,өңү өчүп бараткан эски сүрөттү кайра-кайра тиктей.

– Апаң тирүү болсо, сенин бар жакшылыгыңды көрмөк.Айылдагы кадимки аялзатынын бири болмок. Сага ини же карындаш алып келмек. Башка несин айтайын. Өзү деле турмуштун аркы беркисин аңдай элек кези эле да. Өзү бала болчу да... 16 жаш эмне?... -таекемдин муун жүнү бошой, көзүнөн жаш тегерене түштү. Бир боору да, таекемдин удаасы болгон экен апам. Бир ата, бир энеден экөө гана тура. Ошондонбу мен кичинемде таекем үйгө көп келчү. Мени бооруна кысып, бетимден кайра кайра өпкүлөп, бир нерселерди бере берчү. Таекем келгенде чоң энем, негедир мени кызганып, ага жакын жолоткусу келчү эмес. Баламын да, анын себебин кайдан билдим. Ал айткандай тирүүлүктүн тузу буюрганда, агасынын маңдайында олтурмак .

– Наристе бойдон кетти...Токтоо мүнөзү бар болчу. 4-класска чейин жакшы окуган. Андан ары улантсам деп,ак эткенден так этчү. Бирок, окутпай коюшканда,ичинен сыздап,муңун эч кимге айтпай,баарыбызга таарынып жүргөндөй болду. Атаңа күйөөгө берип жатканда да,ич дарты ичинде кетти. Ошол таарыныч менен көзү өтүп кеткенин ойлосом, азыр сай сөөгүм сыздап кетет. Мен деле,ага бир боор тартып, жаш күйөөгө берип жаткан атамдарга каршы айта албаптырмын да... Биз энеден эрте калганбыз. Атамдын кыйындыгынан кийинки алган аялдары бизге өгөйлүгүн көрсөтүшкөн жок. Бирок, баары бир боор деген боор экен. Экөөбүз бири-бирибизге башкача боор тартып турганыбыз менен, апаң сырын төгүп, көп деле ачыла берчү эмес. Сен төрөлгөндө мен көп барчуумун. Анда мен педтехникумда окуучумун. Үйгө келген сайын, туура эле силердикине барып, ал аба-

лын сурап турчуумун. Бир күнү келсем, ичин кучактап олтурган экен. "Түйүлүп эле ооруйт, бул эмнеси?" деп сурайт. Мен кайдан билдим, же, доктур болбосом. Чоң энең болсо, "жаңы төрөсө, ооруй берет, Кайтып кетет..." деп, жооткотуп кост. Ошондон көп өтпөй эле, шордуу кыз, бул аалам менен кош айтышпадыбы...

Алар апам тууралуу башка сөз айтышпады. Мен да андан ары эч нерсе сураган жокмун. Колума тиги сүрөттү алдым да, баса бердим. Улам - улам сүрөткө тигилем. Муңдуу көз караш. Ал мага телмире тиктейт. Ушул кезге чейинки жашоомдо ар убак мени жандап жүргөндөй туюлат.

Сүрөттү чоңойто албай, көпкө жүрдүк. Канча жерге бардык, "муну чоңойтуш кыйын, өтө эле кичине экен" дешет. Бир күнү иштеген жерибизге кол менен сүрөт тарткан жигит келип калды. Портрет жанры боюнча иштейт экен. Ушул сүрөттү кол дептериме салып жүрчүүмүн. Тиги жигитке көрсөттүм.

– Тартса болот, эч оорчулугу жок-деди, ал шар эле. Сүйүнгөнүмдү айтпа.

– Ашып барса, бир жума убактым кетет-деди анан ал.

– Мейли, андан көп убакытта болсо да, ушуну бир мен моокум кана карап тура турган кылып тартып берчи иничек-дедим. Ал алып кеткен. Айтканындай эле бир жума аралыгында колума карматты. Жандуу тартылган. Тиги кичинекей саргайып калган сүрөттө кандай болсо, дал өзүндөй тартылган.Сүрөтчүнүн чеберчилигине тан берип,ага эмне деп,алкышымды,ыраазычылыгымды айтарымды билбей турдум.

– Биздин үйгө кут киргизген бул портретке кичүү уулум тигилет да: — Бул сиздин апаңыз да?- дейт.

– Ооба, менин апам, сенин чоң энең болот.

– Азыр кайда ?-дейт.

– Алыс жакта.

– Эмнеге биздикине келбейт? Таэнем келет го?

– Анын колу бошобойт,иштери көп...-дейм.

– Качан келет?

– Кийин… кийин, сен чоңойгондо.

– Оо, уу, мен качан чоңоем, азыр эле келсинчи? Мен көргүм келет… -дейт, эркетайым көшөрүп.

– Сен чоң жигит бол, анан өзүм айтып берем, уулум –дейм.

Өзүм да бир көрүп, дидарына тое албаган, ак сүтүн кана эмип, тарбиясын ала албаган, мени жарыкчылыкка алып келип коюп, периште сымал учуп кеткен бул аялзаты тууралуу эч нерсе билбегениме өксүй, балама оңдуу жооп айта албай алдастайм. Анан уулум күткөндөй бир күнү үйгө кирип келчүүдөй мен да аны күтө берем. Күтөм да, үйдөгү бар ырыскыны, жакшылыкты ушул элес алып келип жаткандай, баарына каниет кылам.

# ТАТЫ

– Мунун баарын кылган жанагы ойсокссы ...

– Ошол да...тырмактай кемпирди батыра албаган жанагы уулу акмак да......дагы эркекмин деп басып жүрөт...

– Шордуу кемпир, балам деп жүрүп, өмүрүн өткөрдү эле... акыры жаны жай алган тура шорун каткыр...- эки киши кимдир бирөөгө кыжырлары кайнап, төтө жолдогу карды шилеп, айыл четин көздөй баратышты. Таңкуланөөк тартып, аппак кардын жарыгы айып ичине да таркай баштаган. Экөө эски сарайга келишти да, жыгылганы араң турган жыгач каалгасын ачып, ичине киришти. Сарайдын бурчунда бүрүшүп, тоңуп калган кемпирди ала келген таар шалчанын үстүнө жаткырышып, абайлай көтөрүп, сыртка чыгарышты.

– Сен муну кайдан көрө калдың?-деди, кызыл чийкил, сакалчаны.

– Атты таң ашырып койдум элс, бир карап коеюнчу деп, сарайга кирсем, ат жаныбар ушул жакты карап эле кошкурат. Тим эле аянычтуу. Тили эле жок да, же болбосо, түндө эле бир демени байкаган көрүнөт.

– Ат адамдан акылдуу дейт го,-сезгендир да...

– Эми бул бечараны кайда алып барабыз?

– Кайда болмок эле, кайсы үйдөн чыкса ошол жакка, бир күнгө чыдабай эмне болуптур.

– Кабар айттыралыбы?

– Көтөрүп эле алып барабыз? Кыйраткансып, кызуу уйкуда жаткандыр, акмак.

– Ошону айтсаң... - тарга оролгон кемпирди көтөрүп, келген жолдоруна түшүп, айыл тарапка жол тартышты. Экөө бири-бирине үн катышкан да жок. Алдыда бараткан узун бойлуу, кара сакалчаны гана оор үшкүрүп коет. Ызасы жүзүнө чыгып, кимгедир тиш кайрагансыйт. Чоң айылдагы узун көчөгө түшүштү. Кышкы суук кулак мурунду тызылдатса да, тиги экөө тең жеңил кийинишкени аз келгенсип, көкүрөктөрүн ачып алышкан. Таң агара электе жетчү жерге жетели дештиби, басыктарын тездетип барашты. Бирин экин иттердин таң атты дегенчелик үнү ар жерден угула калат. Көчөнүн ортосундагы көк дарбазалуу үйдүн алдына токтошту.

– Ой, Апсамат, оу- деп, добуш салды, кызыл жүздүүсү. Беркиси дарбазаны катуу каккылай баштады. Ичкериден кыйладан кийин «бул ким ой, таң атпай, уйкуну бузуп» деген, эркектин үнү чыкты.

– Атаңдын башы, сен уктабай умураң кал, акмак, ак сүтүн берген энең үчүн ушул үйүң тардык кылдыбы, акмак, чык тез...- кара киши ачуусуна чыдабай, үнүн катуу чыгарып, ичкериден чыгып келе жаткан 35-40 жаштардагы жигитке буркулдап жатты.

– Эмне болуп кетти...тынччылыкпы?

– Атаңдын башы, акмак... тынччылык болсо, таңзаардан сага келебизби? Ал тигини, кутулупсуң биротоло.. уу, атаңдын оозу...акмак..чык тез.

Али көк дарбаза ачыла элек, кара киши тиги ичкериден чыгып келе жаткан немеге ичиндеги ачуусун чыгарып алгансыды.

– Эмне, эмне деп жатасың - тиги эми бирдемени сезгендей, тез дарбазаны ачты да, сыртта тургандардын алдына жүгүрүп жетти.

– Ким...эмне болду? Ким..?

– Апаң кайда кеткен?-кара киши дагы да ачуусу менен, тигиге атырылды.

– Билбейм...Түндө үйдө меймандар болуп...тигилер кошунаныкына кеткен дешти...Эмне болду?

– Атаңдын как гана башы болду акмак-ушу сени кыйрата чапкан адам соопко калат го. Кантип эркекмин деп басып жүрөсүң яя? Адамдык ар намыс деген барбы сенде? Бүт журтка шерменде болдуң го яя? Тигине энең таарга оролуп жатат. Биротоло жаны жай алып... алып кир үйүнө... эл журт билбесин...узатып кой эми...

– Эмне-е? Эмне дейсиңер? Эмне деп жатасыңар?... -ким бул? Апамбы?... Апам кайда?- жигит, ачуу кыйкырды да, таарда оролуп жаткан кемпирдин үстүнө жыгылды.

***

Таты тоолуу айылдагы «менмин» деп, чиренген, колунда бар, кадыр барктуу кишинин жалгыз эрке кызы эле, «таты кызым, татына кызым аппак кызым» деп, атасы менен апасы жалынып-жалбарып эркелетүүсүнөн улам, Таттыгүл аты да унутулуп, Таты аталып кетти. Атасынын даңкыбы, же, өзүнүн сулуулугубу, аны мектепте окуп жүргөнүндө, 15 жашында эле кошуна айылдагы дагы бир атасы сымал чиренген кызматкердин баласына кудалап коюшту. Эрке кыз кыйла чычалады, «мен окуймун» деп, секирип да көрдү. Жок, ата менен эненин айтканынан чыксаң салтты бузсаң балабыз эмессиң» деп, алар да талапты катуу коюшту. 7-класты бүтүп бүтпөй, тоюн беришти. Оо, ошол той бүтүндөй өрөөндөгүлөрдүн эсинде калды го. Кыркалекей боз үйлөр тигилип, бир жеринде ырчысы менен чоорчусу, экинчи жеринде киносу көрсөтүлүп, ат чабыш менен улак тартыш, кыз куумайга байгелер сайылып, эсепсиз мал союлуп, кыз-жигиттердин оюн тамашасы кыйла күнгө созулду.

«Кыз тынар жерине ыйлап барат» дешип, Татынын канчалык ыйлап-сыктаганын жакшылыкка жоорушканы менен, ал бул үй бүлөгө ыкташа албай кыйналды. Анын үстүнө күйөөсү өзүнөн кыйла жаш улуу неме экен. Эки аял алып кое бергенин да жашырышкан тура. Суйкайып, эки өрүм чачы далысында төгүлүп, жүзү албырган кара көз сулуу кызга суктанганы менен күйөөсү аны башынан катуу кармады. Какыс-кукус кылып, «эркелигинди

үйүңдө көрсөт, мен сени тайрактатканы алган эмесмин, бул жер, кайын журт деген болот» деп, анын али балакатка жете элек жаштыгына, денеси нечилек назик жан экендигине карабай кара жумушка салышты. Өзгөлөргө колунда бар, күтүрөгөн бай адам көрүнгөнү менен кайын эне менен кайын атасы өтө эле майдачыл, «чык татырбас чынарбайдын» бири экен. Тамакты ченеп ичишет, Татыга болсо, алыңа жараша деп, өздөрүнөн ашканын гана беришет. Мындай кордукка чыдабай, далай көз жашы төгүлдү. Баарын кечип, кетип калайын дейт, тиги жакта аны кучак жайып тосуп албасын билет. Анткени, алардын талабы менен келин жатпайбы. Күн айга, ай жылга алмашып, ушундай окшош күндөр өтө берди. Акырындап булардын ыгына да көнө баштады. «Бешенеге жазганы ушу экен да» деп, канист кылганы менен күйөөсү баягысындай эле. Анысы бара-бара аны кемсинтип, кээде колу да тие баштады. «Акырын басса аксак, катуу басса таскак» деп, анын ар бир жүрүм турумунан кынтык тапкан күйөөсү кээде көк ала койдой тырпыратса да, ага жан тарткан адам жок бул үйдө. Кайын энеси да мерес неме көрүнөт, «айып өзүңдө, эптесең эр кылып ал, менин балам мындай эмес эле, сен айыптуусуң» дейт. Арманып айтаарга, жансоогалап барууга эч ким таба албай, бешенесине жазганына кайыл болуп, күндү өткөрө берди. Ушул арада Таты кош бойлуу экенин сезбей да калды. Ыйлай сыктай төрөгөн уулуна алаксыган болот. Ушул уулу төрөлгөндө баары башкача болоор деген үмүттө эле. Бирок, андай болгон жок, бул үй бүлөгө бала да данакер боло албайт тура. Күйөсүнүн мурдагы аялдарынан да уул-кыздары болгон экен, алар апалары менен кетишкен. Баланы бешенеге тутам го деген тилеги таш капты, күндөрдүн биринде кызыл камчы күйөөсү «жылан чакпай, жылкы тепсей» эле, аны гөркүнүнө жеткирип койду. «кызыңар нокок, эркелигин калтырган жок, тиричилик кыла албайт» деген айып койду да, күйөсү үч талагын айтып, кетип калды. Мындай сокку Татыга оор тийди. Денесинин ысыганы басылбай, башы айланып, көпкө төшөктө жатты. Жөөлүйт, оюна кел-

генди жасайт. «Акылынан адашты» дешип, ата-энеси да аны, кыйлага ооруканада кармашты. «Өзүнө келди, эми коркунуч жок» деп, дарыгерлер аны үйүнө жибергенде, өзү да кайраттанып, кайрадан уулун бооруна кысты.

Бул кезде негедир атасынын кадыр баркы түшүп, короосундагы малы да азайып, баягы көчө чаңытып минип жүргөн машинасын да сатышып, үйдүн кунары кете баштаптыр. Анан Таты келгенден кийин атасынын үстүнөн тергөө иши башталды. «Мамлекеттик мүлктү каалашынча жеп ичкен» деген айып коюлуп, атасы да кесилип кетти. Мындай күтүүсүз келген кайгыга алдырдыбы, «балаң да, өзүң да кара жолтой болдуңар» деп, апасы эртели кеч аны каарыйт. Анын үстүнө тез өзгөрүп, апасы оорукчан да болуп калгансыды. «Ушунун баарына Таты күнөөлүү» дегендей, «Күйөөгө тийип күйөөнү жыргатпасаң же, үйдү жыргатпасаң, керегиң кимге» деген апасы, бир күнү аны үйдөн чыгып кетүүсүн талап кылды.

***

Тамтуң баса баштаган уулун көтөрүп, айылдын четиндеги бош калган бир үйдү паанектеди. Терезе-эшигин бүтөн, дубалын кара топурак менен шыбап, үстүн камыш менен жаап, айылдагы боорукер бирин-экин адамдар берген төшөнчү, идиш-аяктар менен ошол үйдө түтүн булата баштады. Апасынан бир чыны да алган жок. Катуу көгөрдү. Ал үйгө кайрылып барган жок, бут да баспады. Апасы каарып, баласы экөөнү түртүп чыгарып жатканда артын карабастан, «ушул үйдү экинчи желкемдин чукуру көрсүн» деп, ант берген. Ошол антына бек турду.

***

Кычырап кыш келди. Айылда дагы да боорукер жандар көп экен, бечарага дешип, бири жылуу кийим берип, экинчиси унун, картошкасын, тузун алып келет. Тирүү жан эмеспи, өзү да аракет жасап, термелеп отун жыйды. Кыштан кыйналбай эле чыкты. Жаз

келгени айылдагы мектепке, клубга пол жуугуч болуп ишке кирип, тиричилигин өткөрүп жатты. Бар тапканын уулуна жумшап, өмүрү да жаштыгы да өтө берди. А бирок, кыйлалар аны «акылынан адашкан, оорукчан бечара» катары санашып дагы деле, күмөнсүй, ага жакындоодон чоочулашат, айрыкча кыз-келиндер менен мамиле түзө албады. «Өзү бий, өзү хан», тиричилиги өп чап өтсө да, сулуу жүзүнөн нур төгүлгөн келинге ашык болгондор да чыгып жатты. Сынаппы, же, чын эле ашык болобу, айтор, колун сурагандар көп болгону менен, алардын бирине да ынабады. Уулун түрткүнчүк кылгысы келбеди. Короо жайын оңдоп түздөп, мал күтүп, жер айдап, тиричилигин кыйла эле оңдоп алды. Айрым жаман эркектерге караганда жашоосу жакшырды, баласын ойлогондой эле эч нерседен кем кылбады. Жыртык кийгизген жок, курсагы ач калбады. Уулу мектепке барды. Бактысына уулу кыйла токтоо өстү. Ашыкча эркелебейт. Сабагын дурус эле окуйт. «Чоңойсом сизди колума көтөрүп багам» дейт анысы. Татыга ушунусу канист. Кубанып калат. Уулунун келечегинен үмүт этет.

***

Уулу да мектепти бүтүрүп, шаарга окууйм деп, кетип, далайга дайынсыз да жүрдү. Окууга өтпөй калганын, шаардагы бир ишканага жумушка киргенин жазган эле. Бирок, андан кийин кабар жок. Уулунун бул жоругун туура көрбөгөн ал артынан, баласын издеп, көрбөгөн кордукту көрүп, көчөдө түнөп жүрүп, араң таап, айылга ээрчитип келди. Баласы эч кандай жумушта иштебейт да экен. - Мейли балам, кийинки жылы окуурсуң. «Багы жокко дагы жок» деген ушул да, акчабыз болгондо башкаларчылап, окуп, тилегиңе жетет элең. Эчтеке эмес, кудайдын айтканы болоор- деп, уулуна кайрат айтат. Анан айылга келишип, экөөлөп баягысындай өп - чап тиричилик кылып жүрүштү. Кийин жашы жетти деп, уулун армияга чакырышты. Кантсе да апасынын шартына көнүп келген бир сырдуу уулу бир жарым жыл жоокер бо-

луп, кызмат кылганы менен, бар балакетти ошол жактан үйрөнүп келгенсиди. Тамеки чегип, арак ичип, армиядан келгени мүнөзү да өзгөрүп, апасына катуу тийчү болду. Кара жумуш жасагысы келбейт. Көчөдө каңгып гана жүрүп калды. Мындайлардын достору да көп болот белем, короосунан достору кетпейт, алар топтолуп алышып карта ойношот, ичишет. Кээ күндөрү мушташа да кетишет. Кайра жарашышат. Уулунун мындай жоругуна канча кейисе да, аны ал чөйрөдөн сууруп чыгара албады. Шаарга жиберейин дейт, ал жакта да кандай күнгө туш болот, деп санаасы тынбайт. «Эмнеси болсо да маңдайымда жүрсүнчү, бар тапканым ушул болсо, мейли, убагы келгенде өзү ойлоноор» дейт, эненин курган үмүтү. Бирок, андай болбоду, баласы бир күнү үйлөнөм деди. Ага эненин сүйүнүчү артты. Бир башы эки болуп жатса, эненин тилеги да ушул эмеспи. Короосундагы бирин экин жыйнаган малын сатып, уулу жактырган кызды келин кылып алды. Ал да өзү сымал жесир аялдын кызы экен. Шаарда окуйт тура.

«Окууганы жакшы, ыйлай-сыктай бүтүп алса, иштеп, экөө тиричилигин кылып кетээр» деди.

Бирок, баары ал күткөндөй болгон жок. Ак саргылынан келген, орто бойлуу, жылдыздуу келини тилдүү чыкты. Тиричиликке да эби жок экен. Кармаган ишин аягына чыгарбай, кайсалактап, жасаган тамагы да даамсыз. «Жаш эмеспи, үйрөнүп кетээр» деп, келинине катуу да айтпады, жайына койду. Жыл айланбай неберелүү болду. Келин болсо шаардагы окуусун да таштап, экөө тең бош. Окуусун таштаганына келини буларды күнөлөгөнсүйт. «Силер болбогондо мен окуйт болчуумун» деп, кээде дооматын да артып калат. Татынын тапканын жеп, мурдагыдай эле шапар тээп жүрө беришти. Уулу кээде апасы менен кеңешпей, короодогу малдан сата баштады.

– Балам, бул кылганың туура эмес го... бир ооз акылдашпайт белен?-дейт ал.

– Эмне, гөрүңө алып кетесиңби? -дейт, уулу апасынын бул сөзүнө ачуусу келип.

–Алып кетпейм го, бирок, бир үйдө жашагандан кийин кичине кеңешип иш кылган жакшы го.

– Менден башка кимге бермек элең, акча керек болду, саттым-дейт, уулу дагы деле буркулдап.

– Ошо да, бизден башка кимиңиз бар эле... -дейт, келини да күйөсүн коштой.

– Туура, силерден башка кимим бар дейсиң, ошентсе да...-деп, тим болот.

Баласы менен келини эмне иш кылып жатканы белгисиз, баягы саткан малдын акчасын да кайда кетиришкенин билбей башы маң. Күндүзү кечке укташат, кечинде жасанып-түзөнүп алышып, кайдадыр мейманга кетишет. Күндө ушундай.

– Силер эмне эле болуп жатасыңар, деги той тамашаңар бүтпөй койду го? -деди, бир күнү уул-келинине.

– Сиздин кандай ишиңиз бар, олтура бериңиз да. Жаш болгон эмессизби?-деп, анын сөзү бүтүп бүтпөй келини жооп узатты.

– Ишим го жок, бирок, билип койсом ашыктык кылбас ...

– Олтура бериңиз да небере багып. -Дос-жар бар дегендей, ошолор менен жүрөбүз да...

– Эми оюндун да чеги болоор... «көп баскан аяк, чок басат» дейт...

– Тилегиңиз жаман - кайдагыны айтасыз?...-келини буркулдайт.

– Тилегим эмне жаман, өз балама жамандык каалаймынбы? 0шондой жаман нерседен алыс болсун дейм да...

– Ай ким билет?.. -уулу, да аялын коштой, апасынын бул сөзүн жактырбайт.

Эненин жүрөгү сезген белем, уулу айылдагы бир топ достору менен кара куурай чегип жаткан жеринен кармалды. Көрсө алар түнкүсүн кара куурай чегип, кумар ойношот экен.. Ошол топтошкон достору аялдарын да жандарына алып, ичип-жеп, жашоонун ырахатына батышат тура. Жигиттердин баарын алып

барып, камашты да, аялдарын кое беришти. Тигилердин үстүнөн кыйлага тергөө жүрүп, акыры алдын 5 жылдан соттоп жиберди. Ошондо Таты зар какшады го чиркин. Мындай жаман жоруктан баласын сууруп чыгып кете албагагына сай сөөгү сыздап, ичинен кан өтүп жатты. Тез карып кетти. Эки күндүн бириндс уулуна каттай берип, өмүрү жалаң жолдо өтө баштады.

Балаңыз эми кайрылып келбейт,- деди келини бир күнү, ансыз да санаага батып, буугу толуп ташып жүргөн Татыга тик карап.

– Оозуңа таш, убактысы бүтсө келет...

Ал жакта соо жүрөт дейсизби? Дагы чегет, ичет, анан муштташат, балким киши өлтүрөт, анан дагы кесилет. Түрмөгө түшкөн адам качан соо келчү эле?

– Соо келгени деле бар, бул бир азгырык болду да-ушунун баарына сен күнөөлүүсүң...- Таты келинине биринчи жолу катуу айтты.

– Менби?...

– Сен-жакшы катын болсоң ушуну башкарып алат элең. Бирөөгө жамандыгы жок, алдемедей баланы кайдагы топко кошуп...

- Мен кошуптурмунбу? Мага чейинки достору го. -Кыйын болсоңуз өзүңүз башкарбайт белеңиз?

- Сага чейин жакшы эле жүрчү-сен келип...

- Мен келип эмне кылыптырмын... мен жүр дедимби? Эгер билсеңиз мен бар үчүн ушунча жүрдү, же болбосо барбы?

- Какшаба көп, сен кылдың баарын.

- Өзүң какшаба...какшаган сенсиң..–келини да тилин тартпай, экөө кыйлага чейин акыйлашты.

- Мени окуп жаткан жеримен алып келип, менин бактыма балта чаптыңар керек болсо... уу-уу..-деп, келини ыйлап да алды.

- «Кунаажын көзүн кыспаса...» дейт, өзүң көз кысып турсаң, кайда барат. Окуусун эле дегенмин, өзүң болгон жоксуң го...

- Кайсы алыңарга окутат элеңер?

- Кудага шүгүр эле болчу...баарын экөөлөп сатып жок кыл-

дыңар го. Сен окууңду улантсаң, ал да жаныңда болуп, мындай каргаша болбос беле?

- Эми түштөн кийин тим эле акылдуу боло калат. Мурда кайда эле ошол акылың?

- Мен далай айттым го, окууңду улант деп, уккан жоксуң да?

- Ооба, эми «айттым эле го» деп, өкүнбөй эле кой... «Жоо кеткенден кийин кылычыңды ташка чаап» дейт. Мен да өз бактымды тапкым келет. Элдей жашагым келет. Көчө таптап, үй күчүк болгон неме менен ансыз да өмүрүм өтүп кетти... -келини буркулдап барып, түйүнчөгүн түйдү да, жолго түштү. Жүгүрүп жүргөн кызына да карабады.

- Кызыңды эмне кыласың, мен кантип багам?...-деди, Таты анын артынан жүгүрүп.

- Ал силердин балаңар, багасыңарбы, коесуңарбы ал өз ишиңер. -Мен да куйрук ээрчитким келбейт...-келини, артын карабай, кетүүгө ашыкты.

- Анда экинчи балам бар деп келбегин.

- Кадырың жан болсун, экинчи силерди желкемдин чукуру көрсүн... Таты ушул сөздү угуп, бир кездеги өзүнүн абалы көз алдына келди. Апасынын үйүнөн кетип жатып ушул сөздү айтты эле. Демек, келини да кайрылып келбесине көзү жетти да, басыгын тык токтотту. Небереси бул кезде короодо эч нерседен бейкапар ойноп жүргөн. Кичинесинен Таты баккангабы, өз апасы менен иши жок эле. Ошондуктан анын кетип жатканын деле билген жок.

***

Уулунун мөөнөтү бүтсө да, бошоп келген жок. Келини айткандай, ал жакта жүрүп бирөөлөр менен катуу мушташышкан экен, дагы үч жыл кошуп коюптур. Мына ошондо Татынын үнү кудайга жеткендей болду. Жаратканга жалынды, жалбарды, ыйлады. «Эмне жамандыгым бар эле, кимге жаман сүйлөп, акаарат келтирдим эле -ушундай да бешене болобу?» деп, түндөрдү уй-

кусуз өткөрөт. Келини да кеткен бойдон кайрылган жок, уулуна да барып кабар албаптыр. Кайда жүргөнү белгисиз, кудааларына барып сураштырса, «тиги алыс жакка кеткен» дешти. Андан үмүтү үзүлүп, бар эрмеги тили чулдурап чыгып келе жаткан небереси болду. Кыз эмеспи, эртели кеч Татынын жанынан чыкпай, бутка илешип, чулдурап бирдемелерди сүйлөп, анын кайгысын унуткаргандай. Татыга каралашкандар көп болду. Өкмөттөн да жардам берет, неберсине акча да чыгарып беришти. Баягысындай эле мектептин полун жуйт. Акчасы экөөнө жетет, небересин болтойтуп, жакшы бакты. «Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет» дегендей, убакыт өтө берди. Уулу да бошонуп келди. Мүнөзү түнт тартып, өзгөрүп алыптыр. Тез эле чачтарын ак аралап, кубарган жүзүнөн нуру качып, арыктап кетиптир. Ачуусу чукул. Мектепте окуп калган кызына деле назар салбай, өзү менен өзү болуп жүрдү. «Мейли, аман болсун»-деп, энеси эртели кеч кудайга жалбарат. Ичкенин да чеккенин да токтотуптур. Бирок, тез-тез ооруп, ооруканага жатат. Өпкөсү катуу шамалдаган экен. Көп өтпөй тиги жакта жүргөндө илештирип алган көрүнөт, сары чийкил келин артынан келди. Ээрчиткен бир уул, бир кызы бар экен. Бул кезде уулу ооруканада болчу.

– Эмне деп жатасың кайдагы балдар?

– Аны уулуңуздан сураңыз-дейт ал дагы тартынбай.

– Менин уулумдун эч кандай мындай балдары жок. Мына бир кызы бар, аны мен багып жатамын.

– Сен адашып калдың го дейм.

– Жок, Апсаматтын үйүбү ушул?

– Ооба, балким башка Апсамат керектир сага?

– Жок, дал ушул адрес. Мен уулунуз менен чогуу эле келет болчуумун, биз ошондой сүйлөшкөнбүз. Бирок, тиги уулум ооруп калып, анан ал айыкканда барам деп, кала бергемин. Ал барып эле апама айтам деген го.

– Кой, сен кайдагыны айтпа. Мага эч нерсе айткан эткен эмес. Ал өз алапайын таппай жүрөт. Эки күндүн биринде ооруканага жатат.

– Аны билем, тиги жакта мен даарылачуумун.

– Эмне сен доктурсуңбу?

– Жок, медсестрамын. Тиги жакта мен укол сайчуумун. Анан ошол жерден таанышып...

– Аа, ...мен балам менен сүйлөшөйүн-эгер сен айткандай болсо...анда арга канча.-.Таты ошол эле күнү уулуна барып, бардык чындыкты билип келди. Тиги келин айткандай экен. Ээрчите келген кыз менен бала анын чүрпөлөрү экендиги да чындык тура. Таты буга сүйүнгөн жок. Келин жакпады. Негедир заары жүзүнө чыгып тургандай көрүндү.

– Сен Апсамат чыккандан кийин келбейсиңби?-деди.

– Кызыксыз го...мен кайда барам, жумуштан да чыгып алгамын. Бара турган жерим жок...

– Ата-энеңдикине барып турбайсыңбы. Уулум чыкса, салтсанаасы менен эле алып келет элек да?

– Ата-энем жок...туугандарым деле...Апсамат да мага баарын айткан...

– А кокуй, табышкан экенбиз да... мейли эми-эмне кылайын-...экөөң жакшы жашасаң болду да...кейип-кепчий, келинге жоолук салды да, айылдагыларды чакырып, уулун ооруканадан чыгарып келип, нике кыйдырды. Тиги ээрчите келген уул-кызын бооруна тартты.

***

Арадан жылдар өттү. Уулу кыйла өзүнө келип, келини айылдагы медпунктта иштеп, жашоолору улана берди. Бирок, уулунун чоң кызы менен кийинкилери тил табыша албай, буларды убарага салат. Негедир чоң кызы мүнөзү чукул болуп өсө баштады. Жакшынын баарын меники дейт. Ойноп күлгөндү жакшы көрөт. Койкондоп көчөгө көп чыгат. Чоң энесинин да, атасынын да айткандарын укпайт. Өгөй энеси менен дегеле ымалага келбей койду. Ага каяшаны катырат. «Ишиң болбосун, өзүм билемден» башканы айтпайт. Келини өңү серт болгону менен тиричиликке

быщык чыкты. Акчасын кур бекерге жумшабай жалаң гана тиричилигин оңдоп, түздөгөнгө кетирет. Баягы эски үйдү оңдошуп, жаңысын да курушту. Короону кеңейтишти. Таты буга сүйүнүп жүрдү. Өзү да тапкандарын чыпчыргасын коротпой берет. Уулунан көңүлү ток болгону менен чоң небере кызынан санаасы тынбайт. Апасы сымал ойноп күлгөндү жакшы көргөн неме, мектепти бүтпөй жатып, бирөөнүн этегин кармап кетти. Анысына мейли дешкени менен, жыл айланбай келип алды. Жолу ачылып калгангабы, эми булардын дарбазасынын түбүнөн эркектер кетпей, кеч киргенде эле ышкырыктар чыгып, эч кимди таңазарга албаган тиги койкое кийинип чыгып кетет. Түнү келсе келет, келбесе, таң атканда бети башы үрпөйүп, жүдөп какап кирип келет. «Кайда жүрдүң, кайда бардың»- деп сураган жан жок. Ошентип эле сурап көрүшсүнчү, акесин таанытат. Көздөрү кызарып, оозунан арактын жыты буркураган эжесин көргөн үкөлөрү да дым-дым боло калышат.

***

– Бүгүн уяттуу меймандар келет. Жакшылап камдангыла-балким бүгүн менин тагдырым чечилип калышы мүмкүн, так что.. -деди, ал адегенде өгөй энесине.

– Сиз болсо, мейман келгенде көп эле көрүнө бербеңиз. Меймандар ирээжип жүрбөсүн -деп, Татыга да эскертти. Анын айтканын эки кылыш болобу. Катуу камданышты. Дасторконду белендешти. Айтканындай түн бир окумда шагыраган кыз-жигиттер күүлдөп кирип келишти. Баары чет өлкөлүк машина минишкен.

Кийингендери укмуш бирок, баары кызуу абалда. Орусча-кыргызча аралаштыра сүйлөгөн немелер жерге узатасынан салынган дасторконду тегеректей олтурушту да.

– Соня, столго эле жайдырбайт белең, олтура албай жатабыз – деп, кээ бири чоеңдой баштады.

– Мен айтпадым беле, столго жайгыла дасторконду дебедим беле. Мына мени катуу уят кылдыңар. Мен силерге жетишээр-

лик эле түшүндүргөмүн. Бүгүн менин тагдырым чечилип калуусу мүмкүн дегемин-Сонясы дароо эле Татыга, анан өгөй энесине атырылды.

– Качанкыга чейин силердин ушундай тупойлугуңардан азап чегип жүрө берем яя? Мени шерменде кылдыңар го? Акыр качан адамча жашоого үйрөнөсүңөр яя?- албуутганган кыз Татыны жулкулдатып да жиберди.

– Болду эми, столго жасагыла деген эмессиң, ким келээрин да айткан жоксуң. Даярдангыла дедиң мына бутубуз жерге тийбей камдандык. Тапканыбыздын баарын төктүк, дагы эмне кылалы?.. – Өгөй энеси, кыздын бул жооругуна ачуусу келе үн катты.

– Сага сөз жок... сен мени качан жакшы болсун дейт элең бар кылганын жамандык да... сенин кылганын ушул, көрө албайсың мени... бар жакшыны өз балдарыңа гана каалайсын... -деп, өгөй энесине бурк этти да, ичкери кирип кетти.

– Жакшылык жок экен буга, канчалык көзүн карасак, кара муну...айткан сөздөрү тим эле чучугуна жетет... качан буга жамандык кааладым элс... бар тапканымды ушуга арнап эле келе жатамын го... жаман сөзүм тийдиби?...

– Жаш да... курч... башына түшкөндө билет баарын...ага көңүл бурбай эле кой... келинине көңүл айтты Таты.

– Чыдоонун да чеги болот да. Бизди адам деп эсептебей, баарын өз билгениндей жасайт... биз эмне... өгөй энеси да ачуусу келе, жасап жаткан ишин токтотуп, ыйламсырай сыртка чыгып кетти. Эки ортодо калган Татынын мууну бошоп, небересинин бул жооругуна зээни кейип турду. «Акылына деле кире турган убагы болуп калды, бул эмнеси» дейт. Ал ушундай ойдун кучагында турганда небереси кайра чыкты да:

– Сен какчыңдабай тиги кошуналардыкына барып турбайсыңбы?- деди.

– Эмнеге ботом?

– Азыр булар сыртка чыкса, анан сени көрүп коркуп кетишпесин.

– Эмне мен киши корко турган желмогуз бекемин?

– Чынын айтсам азыр көзүмө желмогуздан да жаман көрүнүп турасың. Бар дегенде барсаңчы?!- небересинин ачуусу келе түштү.

– Эми жети түндө кимдикине барам?

– Мен аны билбей, бара тур. Эртең менен келесиң да. Азыр эч ким деле уктай элек го.

– Кайда, баары уктап калды... Мен тиги балдардын жанына эле жатып аламын.

– Аларды да тургузабыз азыр. Ушунча адам кайда жатышмак эле, бардык бөлмөнү бошотобуз.

– Ботом балдарды кайда алып барасың?

– Аны менен жумушуң болбосун...буларга эркиндик керек. Барсаңчы эми...небереси, аны ордунан түрткүлөй баштады.-Бол эми, азыр бир экөө сыртка чыгабыз деп жатышат. Ансыз да уят кылып бүттүңөр.Тупость какая?-ачуусу менен колун катуу кармап алдыбы.

– Ай, акырын, колум ооруп кетти -деп, кыйкырып алды Таты.

– Анда тез тур. Колуңду чындап сындырып кое электе?

– Азыр, мына азыр... мен эле оорлук келтирип жатсам, мына азыр чыгамын... ушундайда Апсамат да кайда кетти ботом? Ал болгондо да тиги Сагындыкына жеткирип коет элe...кайда жүрөт десең?- оор үшкүрүп алган ал, акыркы кезде бели ооруп жүргөнгөбү, ордунан араң турду. Үстүнө желегин кийип, сыртка жөнөдү. Сыртта кышкы суук бетти каарып, түнкү караңгылыкта бет алды жүрүп кетти. Бир эки кошунасынын дарбазасын каккылады,эч ким чыккан жок. Ичкериден иттери гана арсылдап, ага атырылганы болбосо, уктап калышкандай. Түнкү тынчтыкты бузгусу келбей. Түз көчөгө түшүп, айыл четиндеги эски кой сарайга жөнөдү...

# ЫЗА

*(аңгеме)*

– Караңызчы, аябай сонун жараШты... ого бетер сулуу болуп калдыңыз... карасаңыз... -улам тегерек күзгүнү келиндин маңдайына алып келе коюп, эпилдеп жүргөн сатуучу кыздын бул жоругу келинге жага бербесе да, жүзүнө сулуулук берип турган кызыл көздү алтын сөйкөнү алгысы келип турду.

– Ай-ий, аябай сулуу турбайсызбы,буга чейин байкабай...-дейт,дагы деле сатуучу кыз эпилдегенин койбой.

– Болуптур эми, катуу мактап жибердиң... алса алайын... келин, кулагынан сөйкөнү чыгарбай туруп, акчасын сатуучу кызга сунду.

– Макул эже, жакшылыктарга тагынып жүрүңүз... көпкө буюрсун... деп, акчаны колго алган кыз, келинге ыраазылыгын да айтып жиберди.

Келиндин толкундануусу жүзүнөн да билинип турду. Ал мынчалык толкунданган эмес эле. Сатуучу кыздын мактоосунабы, же, биринчи жолу өзү каалаган буюмун сатып алгангабы? Жол ката бет алды чыккан тааныштары менен да сый саламдашкан болот да, сапарын улайт. Азыркы сүйүнүчүн билип коюшабы деп, жүзүн ала кача, үйүнө шашып келе жатты. “Сапар деле кубанса керек... карасаң буга чейин бир оюма келбептир... мен деле элчилеп алтын-күмүштү катар катар тагынсам болмок да...” -деп коет дилинде.

***

Эсинде мектепке бара элек кези. Жай саратаны аяктап, жалбырактар саргайып түшө баштаган. Алардын үйү калың бак менен курчалган эле. Күздүн келгенин ошондон билишчү. Чоң энеси улам түшкөн жалбырактарды тазалата берчү да. Ушундан тажаганданбы,күздү жактыра да берчү эмес. А түгүл эжелери да эртели кеч чоң шыпыргы кармап,эшик алдын,бак ичин тазалаганды жаман көрүшчү. Бир күнү атасынын эжеси алардын үйүнө келип калды. Чоң түп сары өрүктүн түбүн шыпырып жатса, ал эжеси өзүнө чакырды.

– Ай-ий, алигиче кулагыңды көзөтө элексиңби?-деди, анын кулактарын кармалап көрүп.

– Көзөткөн деген эмне?-деди, эжесинин таңдануусуна бул да таңдана.

– Сен анда эркек бала болуп калбайсыңбы. Кой, мектепке барганыңча кулагыңды көзөп, жакшынакай сөйкө тагып койбосо, башкаларга шылдың болосуң. Кой, бар энеңе айт-деп, ал эжеси кичинекей кызды чоң энесин чакырууга жумшады. Бул ойду чоң энеси да туура көрдүбү, эшик алдында уктап жаткан куба иттин жүнүнөн кыркып келди. Эжеси аны ичке кылып эшти да, анын кулагынын көнчөгүн акырын эзгилей баштады. Кулагы ооруган деле жок, тескерисинче эжесинин колу ушунчалык назик экенин туюп турду. Ал кызга аркы-берки суроолорду берип жатып, билиндирбестен, иттин жүнү сапталган ийнени кулагынын көнчөгүнөн өткөрдү . Кызга эч нерсе сезилген жок.

– Мынаке, эми сен чоң кыз болдуң. Эки-үч күндөн кийин атаң жакшынакай сөйкө сатып берет, аны тагынып аласың -деп, эжеси анын бетинен өөп, колуна момпосуй карматты да:

– Бар эми ойной бер,бирок,этият кыл,топурак киргизип албадеп,эскертип койду. Ал чыны менен кубанды. Курбуларына барып мактанды. Ушул күнү эжеси агасынын 6 айлык кызынын да кулагын көзөп берди. Кечке чанда ойноп жүрүп, эжесинин айткандарын да унутуп, жаңы көзөлгөн кулагынын көнөчөгүнө то-

пурак киргизип алганбы, кечкисин эти ысып, жакшы уктай албай чыкты. Эртеси да этинин ысыганы басылган жок, кулагы да ооруп жатты. Кичинекей бөбөгү эч нерсе болгон жок. Кызынын абалына зээни кейиген атасы, анын кулагынын көзөлүшүн макул көрбөдү.

– Чоң кыз болгондо өзү көзөтүп алат эле го -деп, эжесине катуу да тийип койду.

Кулагы толук айыкты, бирок, эжеси айткандай атасы эч кандай сөйкө сатып берген жок. Иттин жүнүн кулагынан чыгарып салгандан бери, эми гана сөйкө тагынып жаткан кези. Далай ирет көзөнөгү бүтүп калат дешчү, бирок, бүтпөптүр.

***

Балдарын бакчадан алып коюп, жолдошун күтүп жатты. Кечки тамакты эбак белендеп койгон. Түн бир убакка чейин эмнегедир жолдошу келбеди.

– Мынчалык кечикпейт эле, эмне болду? Карасаң... ушундайда кечигет, келин эми сарсанаа боло баштады. Балдары уктап да калышты, сыртка кулак түрө, шыбыш чыкса, тыңшай калып, жолдошун күтүп жатты. Бир кезде каалга кагылды. Жолдошу экенин билди да, эшикти ачты.

– Кирүүгө болоор бекен? -жолдошу ашыкча жасакерленип, анын бет маңдайында турду.

– Кызыксың да уруксат эмей анан...

– Эми сурап койдук да...

– Кир...

– Үйдө ким бар?

– Эчким жок... өзүбүз эле...

– Өзүбүз дегениң кимдер?

– Мен.. балдар...

– Калганычы?

– Калганы кимдер?

– Кетип калыштыбы?

– Кимдер?

– Тиги...калгандары...жанагылар...

– Эмне болуп жатасың... ким келмек эле... эртеден бери сени күтүп олтурам го...

– Чын элеби... уктабай жатканыңдан бирөөнү узаткан го деп жатпаймынбы?

– Сен кечигип жатсаң, кантип уктамак элем...

– Чын эле мени күтүп жаттың беле? Ай-ушу шегим бар...-келин күйөөсүнүн мындай керкакшык менен сүйлөшүн биринчи көрүп жаткангабы, ачуусу да келе түштү.

– Эмне эле болуп жатасың кергиштенип?

– Мен кергиштенип жатамынбы? Ог-оо, сүйлөгөнгө да болбойт экен да... келин, эми гана күйөөсүнүн кызуу экенин баамдады. Күйөсүнүн ичип алганда көп сүйлөөчү адаты бар эле, ошондон кооптонуп, эми ашыкча сүйлөгөндү тык токтотту да, жолдошун алдоого өттү.

– Карачы убакыт канча болду...түн жарымынан ооп калды. Кой эми уктап эс ал...эртең жумушуңа барасың.

– Жок сен жанагы сөзүңө жооп бер. Мен кергиштенип жатам да ээ?

– Жок, тамашалап эле койдум ...

– Тамашалаган жоксуң мен сага жакпай бара жатам... Ушу сенин бир билгениң бар. Уктабай жатканың да ошондон... бирок, билип кой, мен бир шегин билсем капа болбо...

– Кайдагыны айта бербечи...

– Кандайча...мен билем баарын...

– Эмнени?

– Баарын...

– Ачык айтпайсыңбы? Эмнени билесиң?

– Сенин көңүлүң бузулуп дегендей...

– Койсоңчу болбогон сөздү...

– Аны көрө жатаарбыз... эл тим жеринен айтпайт... акыры колго түшөсүң... күйөөсү ар кайсы сөздүн башын чаргытып, ке-

линдин ачуусуна тие берди. Анын мастыкта айткан бул сөздөрүнө терикпейин деп чечти да, дагы деле аны алдоо жолу менен укта-туунун амалын ойлой берди. Буга чейинки ички сүйүнүчтөрү суу сепкендей өчтү да калды.

– Мен дагы эскертип коеюн... эгер колго түшсөңөр оңбойсуңар ... деп, айтканынан кайтпас сүр көрсөткөнсүйт.

– Болуптур... кел эми эс ал... күйөөсүн чечиндирип, уктоочу бөлмөгө алып кирди. Ал жерден да тим жатып алган жок. Ошол эле сөздөрүн кайталайт. Кыйлага чейин келиндин башын ооруту п, аркы беркилерди сүйлөп жатып, уктап калды анысы. Сатып алган алтын сөйкөсүн айтып, мактана да албады.

Эртеси таң эрте туруп, жолдошун жумушка жөнөтүүгө кам ура, анын кийимдерин даярдай баштады. Түндөгү кылыгын эске салууну да ойлогон жок. «Мастыкта боло берет да» деп койду. Күйөсү башын мыкчылай, жуунучу бөлмөгө кирди да, тез эле чыкты. Мастыгы тарагандыр деп, келин маңдайына барып, кулагын көрсөтүп, түндө эч нерсе болбогондой мактанып кирди.

– Сапар, көрүндүгүн бересиңби?

– Эмненин?–күйөөсү түнкү жоругун билет белем, дагы да кабагын бүркөй сүйлөдү.

– Берем десең айтам.

– Сен биринчи айт... анан татыктуу болсо берейин... мен эмне көрүнгөн нерсеге эле сүйүнчү бергидей...

– Карачы кулагымды?

– Эмне болуптур?... - күйөсү анын бул кылыгын жактырбай кайдыгер гана кулагын тиктеп койду.

– Жакшылап карасаң?

– Мына карадым... эмне болуптур... ордунда турат го... бир жакка жылып кеткенби десе...

– Ой-бой, паам парасат деген барбы... жакшылап карасаң?

– Ээ, маалкатпай өзүң эле айта сал да, эмне болду?

– Алтын сөйкө сатып алдым...

– Кайдан?

– Кайдан болмок эле…магазинден.

– Кайсы акчаңа?

– Өзүм жыйнап жүргөн.

– Кантип, кайдагы…мен кандайча билбейм … күйөөсү үнүн катуу чыгарып, келиндин көзүнө ачуулу тиктеди.

– Тиги майдалап жыйнап жүргөмүн да…

– Калп айтып менин башымды оорутпагын… чыныңды айткын… ким сатып берди?

– Өзүм деп жатам го…

– Калп айтпа деп жатамын… сенин алтын сөйкө ала турган абалың жок. мен эмнеге билбейм?

– Айтып жатам го… -келин, күйөсүнүн жүзүнө тик бага албай буйдалактады.

– Мен ишенбейм… ачыгын айткын… ким алып берди?…

– Өзүм… ишенбесең сатуучу кыздан сура…

– Ог-оо, мен эми тергөөчү болуп, сатуучу кызга барып, сурак жүргүзөт экемин да ээ?… Бол тез, ачуум катуу келе электе чындыгын айткын, ким алып берди? Кайсы ойношуңа кыйшалактадың эле, кимиси алып берип, кулагыңды сүйүнтүп жатат? Өмүрү сөйкө көрбөгөн алдагы кулагыңды кубантып, өзүңдү дердеңдетип жатат ыя?…-күйөсүнүн ачуусу эми чындап келди окшойт, келиндин маңдайына келип, жагына чаап жиберди.

– Айт деп жатамын, ким алып берди?… - көзүнөн от чачырай түшкөн келин, бетин басып, олтура калды.

– Өзүм деп жатам го…жүр барабыз…

– Мен эч жакка барбаймын… эгер айтканың чын болсо, барып ошол сатуучу кызга тапшырып келгиниң.

– Эмнеге?

–Кандайча эмнеге? Тапшырып кел. Акча керек. Ырас, майдалап жыйнаган болсоң, өзүбүзгө керектейли… Мага акча керек.

– Жок, тапшырбаймын… Бул менин бешене терим… тапцырбаймын.

– Мына, айттым го…сага бирөө “подарить эткен”. Эл тим жеринен айтпайт.

– Эл эмне деп айтып жүрөт?

– Сага айтайынбы?

– Ооба... -келин, эми күйөсү менен тең айтыша баштады.

– Ошо, сенин бузулуп жүргөнүңдү... мындайча айтканда ойношуң бар экенин.

– Ким экен ал?

– Аны өзүң билесиң да...

– Жок, сен айт... эл айтканын айтып бер?!

– Мен айтканга оозум барбайт... өзүң эле моюнга алганың дурус го... мына чекcси чыгып жатпайбы?

– Кайсы чекcси... эмненин чекcси яя? Оозуңа келгенди айта бербегин... кудай бар акыры... кимдин ким экенин көрүп турат... балким өзүң ошондой жаман жолдо жүрөрсүң?

– Мынакс ,... эмне дейт эле .. жанагы "уурусу күч болсо, ээсин доого жыгат" дейт беле?

– Ошо өзүң болуп жатасың керек болсо, жок жерден күнөөлөп... дагы айтам, бул менин бешене терим... өз акчама келген сөйкө... эч жакка барбайм, тапшырбаймын дагы.

– Сен уялсаң, алып кел... мен өзүм тапшырып келемин...

– Бербеймин.

– Бересиң...

– Бербейм... чыгарып көрчү кыйын болсоң?

– Бересиң деп жатамын... -күйөсү ачуусу менен келип, келиндин кулагына асылды. Келин да өжөрлүгүнөн жазбай, эки кулагын эки колу менен бекем мыкчып алды. Күйөсү анын колдорун чыгара албай кыйла убара тартты. Тарамыштай катып калган аялынын түрүн көрүп, чоочуп кетти белем, колун тартып алды да:

– Кара мунун кыйындыгын... анткорлонбой эле кой... антип коркута да албайсың... баары бир билинет сенин арамдыгың... азыр алтын сөйкө тагынасың... анан көрөм баарын... кечинде сүйлөшөм сени менен...деп, тез-тез кийинди да, каалганы карс жаап, чыгып кетти. Келин олтурган ордунда катты да калды. Өңү кубарып,

эриндери калчылдап, денелерин калтырак басып, тырышкан колдорун жаза албай убара болду. Ичи ызага толуп кетти. ”Акмак турбайбы... адам эмес турбайбы... ушунча жашап билбегенимди кара... адамды каралап... акмак десе, мен бул деп, эмнелерди гана жасабайм... акмак... ”өзүнчө ушуларды айтып, тырышкан колун жазу менен убара болду. Алакандарын ачып-жумуп, тез-тез кыймылдатып, тырышканын да жазып алды. Бирок, буугу тарабай, ызага бууккан көөдөнү гана ыйлап жатты. Кыйкырып ыйлагысы келди, уктап жаткан балдарынан айбыкты. Алар экөөнүн азыркы талашын билишкен жок да...

# ЭЛЕС

*(аңгеме)*

Баары жаңы үйдөн башталды.

Эл катары окуубузду бүтүп, жолдомо менен районго жөнөтүлдүк. Экөөбүздүн кесип бир болгондуктан бир мекемеге жумушка орноштук. Студент кезде төрөлгөн уулубуз кайненемде. Бой гана иштеп жүрдүк. Райондо деле квартира маселеси кыйла оор экен. Адегенде эле бизге квартира бере алышкан жок. Ошондон улам бирөөлөрдүн үйүндө жашап жүрдүк. Жумушубуз кызыктуу. Экөөбүз ынтымактуу жашап жаттык. Анан жыл айланбай кыздуу болдук. Кышкы суукта жаш бала менен бирөөнүн от жагылбаган муздак үйүндө жашап жүргөнүбүздү көрүп, жетекчибиз квартира алып бергенге катуу киришти. Айтканынан кайтпаган, убадасына бек турган өжөр киши экен, район жетекчилерине кайра-кайра кире берип “жаш, таланттуу, мыкты кадрларымдан ажырап калам, тез үй бергиле, маселени чечкиле” деп, жүрүп, эки бөлмөлүү үйдүн ачкычын жаз алды бизге тапшырды. Ошол күнкү сүйүнүчүбүздү айтпа. Биз эмес, али эч нерсени туюп биле элек, наристебиз да сезип жаткансыды.

Мурда жашагандар 4 балалуу немелер экен. Бирок, эрди катындын ыркы келишпей, ажырашып кетишип, экөө эки жакка бөлүнүшүптүр. Аялы нокок неме көрүнөт, үй жакцы күтүлгөн эмес. Дубалдары көчүп, ашкана менен ажатканага кирип болбойт. Эптеп, бир сыйра ремонт жасаган болдук да, көчүп кирдик.

Мына үйлүү болдук, эми баары өз колубузда дейбиз, кубанычыбыз ашып-ташып. Талпынып, өрмөлөй баштаган кызымды

бала бакчага тапшырып, жумушка чыктым. Экөөбүздүн тапканыбыз тамак ашыбызга, кийим кечебизге кенен жетип, үй ичине майда-барат буюмдарды да сатып ала баштадык. Күйөөмдүн өтүнүчү менен үйгө көчүп киргенден кийинки алгачкы маянабызга муздаткыч сатып алдык. Ах чиркин, өз мээнетиң менен тапканың ушунчалык таттуу тура. Ал муздаткыч көзгө укмуш көрүнүп, эч кимге карматкыбыз келбейт. Тамак ашыбызды кенен салып, жыргап эле калгансыдык. Анан кийинки маяналарга идиш аяктардын түрлөрүн, килем, паластарды сатып ала баштадык. Биздин мындай тырмалаңдаган аракетибизге кубанган кайын атам, “менин кошумчам” деп, азын-оолак акча таштап кетти. Ага өзүбүздүн акчадан кошуп, жумшак эмеректерди да сатып алдык. Биздин үй куттуу үйгө айланып, дос жарларыбыз да көбөйө баштады. Чоочун жерден өзүбүзгө эң жакын адамдарды таптык. Кантсе да, райондун борбору, кайын атамдар жашаган тоолуу айылга караганда “цивилизациянын очогу” деп, уулубузду да, кайын энем ыйлактаганына карабай өзүбүзгө алып алдык. 2 айынан багып, торолтуп койгондо алып койгонубузга кайын энем таарынып да жүрдү. Бирок, түтө албай, тез-тез каттап, биздин жашоого кубанып кайтат. Эрке өскөн, каалаганын аткарткан, кежир уулунун ушунча адам катарына кошулуп жатканына сүйүнөт. “Жамандын көзү, арамдын сөзү тийбесин”-деп, эртели кеч бата кылат. Кызыбыздын тили да чыгып, быдылдап сүйлөп, бизди эртели кеч эриктирбейт. Жумуштан чарчап келсең, анын бал тили чарчообузду басат.

Ушундай бактылуу күндөрдүн биринде кайын энем катуу ооруп калды. Жумуштан эки жумага уруксат алып, мен эки баламды ээрчитип айылга кеттим. Кайын энемди карап жүрдүм. Өзүнүн врач сиңдиси келип,жакшы дарылады эле, тез эле туруп, айыгып кетти. Анан “кой жумушуңа бар,жаш бүлөсүңөр, тигиниң билгенин жасай бербесин”, -деп, бирдемеден шектенгендей, мени тез эле жөнөтүп жиберди. Бирок, “азыр кышкы суукта бала менен кыйналасың, жаз келгенде өзүм алып барып берем”- деп,

уулубузду алып калды. Кайын энемдин энелик жүрөгү сезген белем, менин күтүүсүз келгеним, күйөөмдүн эбактан катып жүргөн сырын ачып койгонсуду.

Үйүбүздүн каалгасы ичинен бек экен. Коңгуроону басып жатам,эч ким ачпайт. Бир кезде, ичкери тараптан “бул ким” деп үн катты күйөөм.

– Мен эле... мен келдим... -дедим. Тыптынч боло түштү. Анан бир кезде ачкычты шыгыратып, ача баштады. Күйөөм жеңил кийимчен экен. Маңдайында кышкы суукта көгөрүп үшүп турган кызы экөөбүздү алмак-салмак тиктеп, өзүн ыңгайсыз абалда кармап турду.

– Мынча эрте келдиңер... эмне болду... суукта келбей эле койбосуңарбы? -деп, ойку-кайкы суроолорду берип жатат. Кызы аны катуу сагына түшкөн экен, атакелеп, мойнуна асылды. Ошондо гана эсине келгендей, кызын жерден өйдө көтөрө сала, ички бөлмө тарапка басты. Артынан кирип, сырткы кийимдеримди чечип жатып, ага отчет берип жаттым.

– Апам жакшы... айыгып кетти. Эки тизесине суук тийген экен... врач сиңдиси келип дарылады... анан мени бара бер, дешип, жиберип ийишти. Баланы алып калышты, жазда өзү алып келет экен...

Зал тарапка кирсем, диван түшүрүлүп, анда бирөө жатат. Күйөөм болсо, кызы менен бирдемелерди сүйлөшкөн болуп, өзүн алаксыткандай. Досторунун бирөө го дегендей, акырын төшөктү ачтым. Эки бүктөлүп, бетин эки колу менен басып, өзүмдүн эң ынак жана сырдаш досум жатат. Аны көрүп өзүм чоочуп кеттим да, төшөктү жаба салдым. Көргөн көзүмө ишенбей, дене боюмду калтырак басып, ордумда каттым да калдым. Эптеп колум менен дубалды сүйөнө басып барып,орундукка араң олтурдум. Башым айланып,дубал ары-бери кыймылдап, жер көчүп жаткандай болду. Тиги да былк этпей жатат. Ордунан туруп кетсе деп турам, бирок, аны айта албайм, оозумдан сөз качат. Бир кезде, күйөөм “эми баары ачыкка чыкты” дедиби, “сен бизди кечир... ушундай

болуп калды...биз эбактан бери эле...” деп, калган сөзүн айта албай буйдалактады. Мен эч нерсе айта алган жокмун... Өзүмдү бекем кармадым да, ордумдан туруп, уктоочу бөлмөгө басып кеттим. Же ыйлай албайм, же, күлө албайм. Дендароо болуп, олтура бердим. Тиги жакта эмне болуп жатканын да билбедим. Бир кезде кызым кирди “атам кетти...атам кетип калды...бир кыз менен”– деп.

Ошол күнү күйөөм түнү менен үйгө келбеди.Анын эртеси да келген жок. Биринчи жолу жаш бала менен жалгыз калышым.Күндүзү го мейли,түнкүсүн жаман экен. Уктай албай, кирпик көзүм каккан жокмун. Жумушка барып да жарытылуу иштей албайм. Тиги болсо жумушка да келген жок. Жетекчим сурайт. Мен ар шылтоону айтам. “Ооруп калды”дедим биринчи күнү. Жетекчим ишенбегендей карап койду да, “мейли ,дарылансын” деп койду. Эртеси да ушундай эле көрүнүш кайталанды. ”Жакшы болуп калдыбы?” дейт, жетекчим. “Ооба”дейм,айыбым ачылып калбасын деп,жер тиктеп. Үчүнчү күнү жетекчим чакырып алып, ”тигиниң оорубай эле, достору менен чардап жүрөт го, кечээ күнү көрүп калдым” деди. Мен эч нерсе дей алган жокмун. Башымды жерге салып кутулдум. “Антип жүрбөсүн, жумушка келсин” деди да, мени “бара бер” деп, сыртка ишара кылды.

Жетекчиме калпычы болгонума катуу намыстандым. Орундуу сүйлөп, бизге атабыздан да артык кам көргөн бул адамга уят болуу өлүм менен барабар эле.

Ушул күнү түн бир оокумда күйөөм келди үйгө. Алыстан эле арактын жыты урат. Күндөгүдөй уктабай жаткамын. Сырттан кире албай жатып эле:

– Ии, кимди күтүп жаттың эле, уктабай –деп, кекээрлүү сүйлөдү.

– Эч кимди...

– Меничи?...

– Эмне унчукпайсың?

– Эмне дейин?

6–534

– Урушпайсыңбы?

– Эмнеге?

– Кайда жүрөсүң деп?

– Эмнеге урушмак элем...

– Кайдыгермин дечи... эмне болсоң ошол бол дегениңби?

– ...

– Эмне унчукпайсың яя?...Урушпайсыңбы?...үнүн катуу чыгарып, мага атырыла баштады.

– Акырын эми, бала ойгонот, “кыз боозуп энесин коркутат болбой”.

– Ии, мына, ушинтсең... уруш... сөк... жер тепкиле... бетимди тыт... мен баарына чыдап берем... мен күнөлүүмүн... экөөбүз тең күнөөлүүбүз...

– Болуптур...кир эми...бутуңду чеч...бала ойгонот...эртең сүйлөшөбүз..

– Эмне үчүн эртең? Азыр эле...азыр айт...эмне сөзүң бар?

– Эч кандай сөзүм жок...

– Мына, сөзүң жок... кайдыгерсиң... бутун да чечпей, дубалга сүйөнгөн бойдон тура берди. Чыдамым кетип, анын мындай жоругун көрбөгөн жаным, эмнс кыларымды билбей, ачуум да келе баштады.

– Мен азыр кайра кетем...мен сага акыркы сөзүмдү айтайын деп келдим...Сенин досуңду мен жакшы көрөм... эгер чындыгын билгиң келсе, ушул жерге келгени, сен бала менен үйдө олтургандан бери мамиледебиз...

– Жакшы болуптур... эмне кылайын...бактылуу болгула...

– Эмне сага баары бирби?

– Эмне кылам анан...мен силерге тоскоол боло албайм

– Балдарчы?

– Аны сен ойлонушуң керек эле?

– Сенчи?

– Мен эмнесин ойлоноюн...таштап кетсең эптеп тиричилик кылабыз да...

– Карачы, кандай кадыгерсиң... эч нерсени ойлобойсуң? Өзүңдүн бактың үчүн күрөшпөйсүң...Ушунуң үчүн баарынан кол жууганы турасың...

– Эмне үчүн баарынан, балдарым бар... үйүм бар...

– Ох-о, балдар сеникиби? Алар менин каным. Алар сага тиешелүү эмес ошол турган калыбында улам ыктытып коюп, сүйлөй берди. Мен ашкана тарапка басып кеттим. Ал артымдан ”-токтоо, сөз бүткөн жок...сөз көп...”дейт. Ашкананын эшигин жаап алдым Чыкпай олтура бердим. Тиги болсо, кыйлага турду. Бир кезде эшик ачылып, катуу жапты да, сыртка чыгып кетти .

Ошол күндөн тартып күйөөм үйгө келгенин кескин токтотту.Жумушка да аз келет.жетекчиме баарын жашырбай айтып бердим.Ал күйөөмдү гана күнөөлөдү.

– Менде да күнөө бар-дедим, мен. Мен аны бош койдум.

– Жок, биз сыртынан карап баарын түшүнүп турабыз.Тиги акмак болду, жаштык кылды десең,эки баланын атасы болуп калды. Акылсыздык кылды... мейли, эми, кейибе, кызым. Балдарыңды бага бер. Жакшы кызматкерсиң, жумушуңду жасай бер, көз салып турабыз – деди, атамдай камкордугу менен. Жетекчимдин сөзү мени кыйла шердентип койду. Бирок, күйөөмө экөөбүздүн бул сүйлөшүүбүздү айтпоону сурандым. Күйөөм болсо, жумушка келсе эч нерсе билбегендей зымпыйып, жумушун жасайт да, кетип калат. Мага тик карай албайт. Мен да ага кайдыгермин менин ошонума ачуусу келеби, билбейм, мен тарапка кээде ачуулу тиктейт да, эч нерсе айтпай, басып кетет. Бирок, анын жүдөй баштаганы байкалып турду. Тигиниси мендей аздектебесе керек деп коем.

Ушундай күндөрдүн биринде, кечки тамак жасап жатсам, жаныма бирөө басып келгендей болду. Чоочуп кеттим. Артымды карайм, эч ким жок. Дегеле эч ким жок. Кызым болсо, зал тарапта ойноп жатат. Кадимки адамдын дем алганы. Жүрөгүм тез-тез согуп, катуу корктум. Колумдагы аш бычакты ары-бери шилтеп алдым. “Сен кимсиң... кимсиң деп жатам... ” бычакты өйдө-

төмөн шилтеп, кыйлага убара болдум. Мен аңтип жатканда тигинин деми чыкпай калат. Токтоп калсам, кайрадан дем ала баштайт. Жүрөгүм түшүп, кызымдын жанына бардым да,аны бекем боорума кысып олтуруп алдым. Кызым менен бирдемелерди сүйлөшөм, корконумду билдирбегенге аракеттенем. Ошентип, ашкана тарапка баргандан коркуп олтуруп, ал күнү кечки тамакты ичпей жаттык. Күндөгүдөй эле жакшы уктай албайтаңды атырдым да, кызымды бала бакчага жеткирип коюп, жумушка кеттим. Кечке үйдөгү адамдын дем алганын ойлойм. “Тообо, кадимки адамдай дем алат. Эмне болуп кетти, үйдүн ээсиби? ”Ал тууралуу эч кимге айта албадым. Күндүн кеч кирбешин тилеп жаттым. Жок, баары бир убакыт деген нерсе, бир ордунда турбайт тура. Жумуш бүттү, кызымды ээрчитип, үйгө келдим. Өз үйүм, бирок, күндөгүдөн сүрдүү көрүндү кызымды чечиндирип, өзүм да жеңил кийинип, ашканага кирдим. Эми кечки тамакты баштаганымда баягы адамдын деми дагы угулду. Бирок, корккон жокмун. Ал дем, оң капталыман чыкты.

– Сен кимсиң, эй? -дедим.

– ...

– Эмне унчукпайсың?

– ...

– Сүйлөбөйсүңбү?

– ...

– Кимсиң деп жатамын?

– ...

– Үйдүн ээси болосуңбу?

– ...

– Эмне мага жамандык кылгың келип жатабы?

– ...

– Биз жакпай калдыкпы сага?

– ...

– Мурда жок элең го?

– ...

– Биз жакпай калдык окшойт ээ?

Ушул өңдүү суроолорду берип жаттым ага. Ал болсо унчукпайт, бирок, дем алганы басылган жок. Мен эми андан корккон жокмун. Кадимки жан сырдашымдай сүйлөшө бердим. Ал мага эч кандай жамандык кылбашына көзүм жетти. Үйүм да сүрдүү көрүнбөй, тескерисинче, шаңдуудай сезиле баштады. Менин эрмегим ушул элес болуп калды. Мен аны Элес деп атап алдым. Кызык, жумуштан келип эле,"элес барсыңбы?" дейм, ал жанымда пайда болуп калат. Анан экөөбүз тамак жасайбыз, кир жууйбуз биргс. Телевизор көрсөм да жанымда олтурат. Китеп окуусам да маңдайымда тургансыйт. Кээде, кызыма, өзүмө кофта, жемпер токуйм, анда да жанымда олтуруп, мага жардам бергенсийт. Мага эми күйөөмдүн да кереги жоктой, анын бары жогу баары бир болуп калгансыды.

Күндөр өтө берди. Күйөөм ошол менин ынак жана сырдаш дос келинимдин артынан кетти. Балдарына да кайыл болду. Жумуштан чыгып, бош калды. Ушул эле айылда, тиги келиндин үйүндө жашап жүрдү. Кээде көчөдө көрүп калам. Абалы жакшы эмес, антсе да кайрылып келген жок. Мен бул жерде калууну калабадым. Кайын ата, кайын энеме эч нерсе билдирген да жокмун, аларга айтпадым да. Бир күнү Элес, адаттагысындай жаныма келди да, "сен кеткин... сенин бактың алыс жакта... сен ошол жактан табасың бактыңды... балдарыңды ал да, тез кет..."дегенсип жатты. Мен анын айткандарын макул көрдүм да, жетекчиме арыз жазып кайрылдым. Ал киши катуу кейип жатты.

– Кетпегин, эч жакка кетпе кызым. Азыр кай жерде жумуш бар дейсиң... ишиң жакшы... биз колдоп жатабыз го... чыдап иштей берсең, кайрылып келет да...

– Жок, эми кайрылып келбей эле койсун... кетпесем болбой калды... ал ушул эле жерде жүрөт... эртели кеч көрүп калганда жаман болот экенсиң...

– Ай, акмак бала экен да...же, ошончо болду, башка жакка кетип калбайбы, тигинисин ээрчитип...

– Андай кылууга эрки жетпей жатпайбы?

– Акылына келээр дейм.

– Билбейм... ишенбейм...

– Кичине чыдабайсыңбы?

– Чыдадым ушунча... эми чыдамым жетпей калды...

– Ойлончу кызым...

– Жок, агай, катуу ойлондум... кетейин... Сизге ырахмат... атамдай кам көрдүңүз... качанга чейин Сизге жүк болобуз... Сиздин да өзүңүзгө тиешелүү жүгүңүз бар да...

– Кичине ойлончу эми...

– ...

– Макул эми...-деп, көзү жашылдана түшкөн жетекчим, аргасыздан макул болду. Жакшы кызматкеринен айрылып жатканына ичи ачышты. Жумушумдан керектүү документтеримди алдым , анча-мынча мага тиешелүү акчаны да беришти. Үйгө келип, кызымды жетелеп, бир сыйра кийимдерди алдым да, сыртка чыктым. Элес менен үй ичинде катуу коштоштум. Ал бышактап ыйлагандай болду. “Артка кайтпа... кеткин... бактыңды алыстан изде... ” дегенинен кайткан жок.

Эшикти бекитип жатканда, ал каалга түбүнө келгендей болду. Дагы деле бышактап ыйлап жаткансыды...

# МАЗМУНУ

Агайым---------------------------------------------------3
Акак ------------------------------------------------ 11
Асмашам ------------------------------------------- 15
Даана ----------------------------------------------- 25
Дудук ----------------------------------------------- 31
Көкбет ---------------------------------------------- 39
Көшөгө --------------------------------------------- 51
Портрет -------------------------------------------- 66
Таты ------------------------------------------------ 71
Ыза -------------------------------------------------- 86
Элес ------------------------------------------------ 94
Мазмуну------------------------------------------ 103

Терүүгө берилди 25.12.2006.
Басууга уруксат берилди 16.04.2007.
Форматы 60 x 84 1/16
Көлөмү 7,25 басма табак
Нускасы 500. Буйуртма № 2720.

С.Б.Клоцман атындагы Жалалабат облустук
басмаканасы
Жалалабат шаары, Токтогул көчөсү, 24.

*Б. Ажымаматова*

# АСМАШАМ

| | |
|---|---|
| *Редактору* | Самидин СТАНБЕКОВ |
| *Корректору* | Рыскүл ТАШТАНБЕКОВА |
| *Сүрөтчүсү* | Кыргыз Республикасынын<br>Сүрөтчүлөр Союзунун мүчөсү<br>Камал ЖАЛАЛОВ |
| *Дизайнери* | Гүлбаркан КАРАБАШОВА |